65.9(2Ки)Кирг
М94

А. Мырзаев

# БИЙИКТИККЕ УМТУЛУУ

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач ____________

| | |
|---|---|
| 5/IV 88 | 1734 |

кни
г

Кол

5

65.9(2Кир)Кир
М 94
33с57(2Ки)Кир

АБДЫКЕРИМ МЫРЗАЕВ

# БИЙИКТИККЕ УМТУЛУУ

ПУБЛИЦИСТИКАЛАР, ОЧЕРКТЕР

АБОНЕМЕНТ

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 304726

ФРУНЗЕ
„КЫРГЫЗСТАН“ 1981

66.61 (2Ки)
М 94

**Мырзаев Абдыкерим.**

**М 9** Бийиктикке умтулуу: Публицистикалар, очерктер. — Ф.: Кыргызстан, 1981. —128 бет.

Журналист Абдыкерим Мырзаевдин бул китебинде адамзаттын генийи Владимир Ильич Ленинге арнаган публицистикалары жана республикабыздын кужүрмөн эмгекчилери жөнүндө аркыл очерктери топтолду.

М $\frac{11301-187}{М451 (17)-81}$ 221—81. 0802010207

33 С5(С54)
С (Кирг.)
ББК 66.61 (2Ки)

Рецензиялаган *Калыбай Осмоналиев*

© Фрунзе «Кыргызстан» 1981

# ПУБЛИЦИСТИКАЛАР

## ЛЕНИН НУРУ

Өмүрдүн мүнөттөрүн каккылаган куранттар. Жаңы доордун, жаңы өмүрдүн салтанатын дүйнө элине даңазалаган куранттар. Анын добушу бул күндөрү бөтөнчө шаңдуу. Аалам эли кулак түрүп, маңдай жарчу кубанычтуу шаттыгыбызга ортоктош досторубуздун кубанычына кубаныч кошуп, душмандарыбызды томсорткон улуу жыйын — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXV съезди өтүп жатат. Совет коомунун таржымалына алтын тамгалар менен жазылчу, нечен муундарды суктандырчу тарыхый улуу мүнөттөр өтүп жатат. Каарман совет элин улам жаңы жеңишке шыктандырып, бүгүнкү жаркыраган турмушка жеткирген Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын мына ушул тарыхый жыйынына улуу совет эли, өз эркиндиги, тең укуктуулугу үчүн күрөшүп жаткан дүйнөнүн ак ниеттүү эмгекчил эли бүткүл дитин коюп кулак түрүп турган кез.

Аалам элинин назарын өзүнө бурган Ленин партиясынын бул тарыхый жыйыны совет элинин бактылуу турмушун дагы бир жаңы баскычка көтөрүп, эл чарбасын өнүктүрүүнүн жаркыраган даңгыр жолун көрсөтүп берет. Биз бир орунда, жетишилген ийгиликте чек тутуп туруп калбайбыз. Биз үйрөнөбүз. Ооба, Ленин бизге мурас кылып калтырып кеткен коммунизм доорун курууну үйрөнөбүз. Биздин партиябыздын ар бир съезди

коммунизм доорун куруу жөнүндөгү Лениндин асыл ойлорун турмушка ашырууну улам жакындатат.

Ленин. Кызыл аянт. Шаңдуу да, сүрдүү да. Бирин экинчисинен айрууга болбойт. Жуурулушкан. Шаңдуулугу анын ыйыктыгы. Ооба, ыйыктыгы. Башка сөз таба албайсың мындан бөлөк. — Эркиндикке, теңдикке, бактылуу турмушка жетсем ээ, деп тиричилик башталгандан берки адам баласынын көкүрөгүндөгү тилегин биринчи жолу ишке ашырган өлкөнүн борбору ушул жер— Кызыл аянт. Сүрдүүлүгү — мына ушул асыл максатты биринчи жолу ишке ашырган өлкөнүн улуу кемеңгери, совет элин азыркы жаркыраган турмушка жеткирген Коммунисттик партиянын негиздөөчүсү Владимир Ильич Лениндин ушул жерде жаткандыгында.

Бири-бирине сыйышпаган ушул эки сезим денеңди дүркүрөтөт. Жалтыраган кызыл-кара граниттүү улуу көсөмдүн мавзолейине, анын артындагы шакирттеринин эстеликтерине сүрдүү карайсың. Сөз менен айтууга болбогон мына ушул улуу адамдын өмүрүнө, анын асыл ойлоруна таазим кылып, баш иесиң. Жалгыз өзүң эмес, артында калчу укум-тукумуң кор болбой, запкы тартпай, таалайлуу, бейкут турмушта жашасын деп ушул ыйык максатка өмүрүн кыйып, өтүп кеткен адамды дайыма урматтоого ант бересиң.

Дилдеги максатты ишке ашырган улуу Лениндин ойлорун урматтап, ага таазим кылганы келген адамдарга сан жетпейт. Анын өңүн, баскан-турган жерин бир ирет көрсөм деген максат менен дүйнөнүн түрдүү бурчунан адамдар келишет. Ленинди көрүү, жашаган жеринде болуу, өлкөсүн көрүү — алар үчүн ыйык. Ар кандай түстөгү, ар кандай улуттагы, ар кандай курактагы адамдардын кадамы үзүлбөйт, Кызыл аянттан.

1975-жылдын кышында кыргызстандык жаштардын тобу менен барганымда да түз эле Кызыл аянтка келдим. Анан Горькиге жөнөдүк. Борбор шаардан элүү ча-

кырымдан алыс жайгашкан мына ушул чакан кыштакка каттаган автомашиналар адамдар өтө эле көп.

...Баары Лениндин элесин көз алдыга келтирет. Жалгыз атка чиркелүүчү мына бул жыгач чана. Улуу жол башчы түшчү мына бул төрт дөңгөлөктүү кара машина. Булар кош кабаттуу үйдүн маңдайындагы жапыс тамга коюлган экспонаттар.

«Улуу жол башчынын акыркы өмүрүнө күбө болгон бул үйдөгү буюмдардын баары биз үчүн кымбат. Ал кетилбөөгө, жешилбөөгө тийиш. Мына ошондуктан, аны кармабай-нетпей, көз менен гана кастарлап өтүү керек». Музейди, ага келген адамдарды күткөн кызматкерлердин алгачкы өтүнүчү мына ушундай. Анткени азыр биз көрүп жаткан улуу Ленин кармаган, урунган буюмдар кылымдарга сакталууга тийиш.

Мына кадимки жөнөкөй дыйкандын, жумушчунун, ойчулдун турмушу. Ошол кездеги Россиянын дыйкандары менен жумушчуларынын турмуш-тиричилигинен айырмаланбайт. Ак кагазга чиймеленген карта. Электр столбаларынын сөлөкөтү. Көрсө, Владимир Ильич картадагы сайдын ар жагындагы кичинекей кыштакка электр нурун жеткирүү үчүн канча карагай кетерин эсептеген экен.

Дыйкандар менен жумушчулар улуу көсөмүн урматтарын билдиришип, белектер беришиптир. Бир бөлмөдө самарканддык өнөрпоздор жиберген анчейин бийик эмес, төгөрөк отургуч. Ал ар түрдүү боёктор менен боёлгон. Дагы бир бөлмөдө тизеден ашчу тери өтүк. Аны Владимир Ильич калың карда кийчү экен... Мындай белектер өтө көп.

Дагы бир бөлмөдө мына ушул миллиондогон жөнөкөй адамдарга калтырган улуу жолбашчынын белектери: Советтердин III съездинде сүйлөө үчүн даярдаган сөзү, большевиктер партиясынын саясатына каршы чыгып жатышкан оппортунисттик партияларга сокку ур-

ган макалалар. Совет өкмөтүн куруунун жолдорун белгилеген эмгектер.

Врачтардын тыюу салганына карабастан төшөктө катуу ооруп жатып, дүйнөдөгү эң биринчи социалисттик өлкөнү куруунун жолдорун белгилеп, эзилген элди коммунизмдин жаркыраган жолуна салып коюп, көз жумган улуу адам. Ал 1924-жылдын 21-январы. Күн сайын айрып турчу дубалга илинген календардын бул барагы айрылбай калды. Ленин үчүн 1924-жыл ушул күн менен бүттү... Аны андан кийин да эч ким айырган жок. Арадан 54 жыл өттү. 54 жыл... Жарым кылымдын изин камтып саргайган календардын ошол барагы көзүмө алда кандай суук көрүндү. Жылалбай бир топко туруп калдым. Кандай аянычтуу... Азыр да көз алдымда ошол саргайган барак.

Бирок улуу көсөмдүн акылман осуяттары, адамзатка калтырган акылман иши жашап жатат. Анын өмүрү биздин күндөлүк ишибизде, ой-мүдөөбүздө. Ал биздин арабызда. Биздин көкүрөгүбүздө.

Москваны туристтик автобус менен кыдырып жүрөбүз. Ансыз, жөө кыдырып чыгуу мүмкүн эмес, кооз шаарды.

— Бул жерде Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов окуган,— деп шаңдуу тааныштарды бизди узатып жүргөн экскурсовод кыз Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунун тушунан өтө бererде.

Көз жеткис Мекендин борбор шаарында айтылган ушул сөздүн өзү тулку боюм көтөрө алгыс сыймыктануунун сезимин үйүп салды.

«Ооба, Чыңгыз биздин жазуучу. Кыргыз Ала-Тоосун ааламга тааныткан жазуучунун жердешимин» деп ордуман тура кала жаздадым. Ушунчалык сыймыктанып, тоодой кубанычты койнума батыра албай жүрдүм.

Дагы бир ирет ойлодум Ленинди. Миң мертебе алкыш айттым ичимден. Эгер Ленин болбосо... деген ту-

пөйүл ой кетти акылымы экиге бөлүп. Анда илгерки ата-бабаларыбыздай көргүлүктү көрмөкпүз. Минтип, Москваны аралаш ойго келбей, зар-зар ыйлап өтүп кетмекпиз...

Ушул доордо, улуу Лениндин акылман осуяттары ишке ашып жаткан доордо жашаганыма миң мертебе ыраазы экеними кайталап, кайрадан Кызыл аянтка келгем.

Ошондогу Кызыл аянттын таасирин бүгүн мына кайрадан туюп, кайрадан таасирленип, жаныма канат бүткөндөй толкунданып олтурам. Ошондогу калың элдин арасында жүргөндөй сезем өзүмдү. Мунум чындык. Анткени көз жеткис Мекенибиздин бурчтарынан топтолгон партиянын XXV съездинин делегаттарынын арасында күнөстүү Кыргызстандын коммунисттеринин 37 өкүлү катышты. Алардын бири борбор шаарда менин көкүрөгүмө сыймыктануу тартуулаган жазуучу Чыңгыз Айтматов. Жаңы-жолдук тамекичи Үкү Түлкүбаева, фрунзелик уз Канышбек Сагымбаева, кызыл-кыялык кенчи Муса Абдувалиев...

Турмуштун, бактылуу өмүр сүрүүнүн баркын билген адамга мындан артык кандай сыймык керек...

Өткөн тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыктарына канааттануу менен, онунчу беш жылдыкка жаңы милдеттерди тартуулаган КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары Леонид Ильич Брежневдин съездге жасаган Отчеттук доклады баштагыдан да күчтүү, баштагыдан да жаңы таасирлерди тартуулап олтурат.

Мына ушул жаңы таасирлерге шыктануу менен, өткөндөгү аткарылган ишти дагы бир ирет көздөн өткөрүү адам баласына терең ыраазы болуу ырахатын тартуулайт экен. Не бир укмуш иштер аткарылды өткөн беш жылдыкта. Аны күнөстүү Кыргызстандын тарыхынан эле билсе болот. Токтогул ГЭСинин алгачкы эки агрегаты, Оштогу пахтадан кездеме токуучу комбинат-

тын курулушу, Фрунзедеги камволдук-нооту комбинатынын курулушу жана техникалык жактан жабдылышы бүтүндөй ишке ашырылды. Майлы-Сайдагы өлкөнүн түрдүү аймагына продукция берүүчү электролампа жасоочу завод курулуп, шаар бүтүндөй таанылгыс болуп өзгөрдү. Түп тамырынан бери өзгөрүүнү республиканын ар бир шаары менен айыл-кыштактарынан билүүгө болот.

Кылымдардан бери башынан кар кетпеген Кыргыз Ала-Тоосунун койнундагы мына ушул өзгөрүү, жаңылануу — Лениндин окууларынын, ал түзгөн Коммунисттик партиянын тынчтык эмгек менен коммунизмди куруу саясатынын жемиштери. Анан, мына ушул бактылуу турмушка алып келген Лениндин партиясынын XXV съездине республиканын комсомолецтери менен жаштары өздөрүнүн эмгектик белектерин тартуулашты. Партиянын жардамчысы жана ишенимдүү толуктоочусу болгон комосомолецтер съездге берилүүчү Рапортко кол коюу укугу үчүн мелдеште жигердүү эмгектенүүнү максат кылып коюшту. Жети миң улан-кыз, комсомолец жаштардын 300 бригадасы тогузунчу беш жылдыктын милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткарышты. Мыктылардын арасынан 13 миң улан-кыз суурулуп чыгышты жана съезддин Рапортуна кол коюу укугуна ээ болушту. 13000. Бул чоң күч. Лениндик партиянын эң чоң толуктоочусу.

Өндүрүштүн мына ушул жаш алдыңкылары бул күндөрү мезгилден озуу менен эмгектенишүүдө. Айрымдар онунчу беш жылдыктын планын тең жарымын орундатып коюшту. Майлы-Сайдагы электролампаларын чыгаруучу заводдун Серго-Глушенко, Забаранников жетекчилик кылган комсомолдук-жаштар бригадалары съездге карата пландан ашыкча 50000 лампа чыгарышты, ушул эле заводдун Надежда Станко башкарган комсомолдук-жаштар бригадасы 50000 лампаны Сапат белгиси менен чыгарды. Кызыл-Кыя шаарындагы жүк ташуучу автобазанын комсомолецтери үнөмдөлгөн кү-

йүүчү май менен эл чарба жүктөрүн ташып жатса, Кажы-Сайдагы электротехника заводунун Анатолий Жуков башкарган комсомолдук-жаштар бригадасынын инструментальщиктери 1978-жылдын эсебинен иштешти.

Бул бекеринен эмес. Анткени алар «Коммунизмди куруу жаштарга таандык» деген улуу жолбашчыбыз Лениндин осуятын жакшы билишет. Анан, Ленин партиясынын XXV съезди жүрүп жаткан күндө да өздөрүнүн жалындуу жаштыгы менен кайраттуу эмгегинен жаралган ийгилигин өздөрүнүн улуу агасына — партияга тартуулашат.

Мындай демилгени, мындай саамалыкты бизге улуу Ленин үйрөткөн.

*1976-жыл, февраль.*

## ЛЕНИНГЕ БАРАТКАН ЖОЛДО

Москва Ленин деп ойгонот. Ленин деп өлкөнүн чар тарабынан адамдар келет. Көксөп келет, бүткүл дитин төгүп келет. Көкүрөгүн сыймыкка бөлөгөн чоктой ысык максаттары менен келет.

Ар бир ак ниет адамдын жаркын өмүрүнө ак таңды тартуулаган Ильичке ар бир адам таң болуп келет.

Бириндеп келишет. Беш-ондоп келишет. Ильичтин өзүндөй шашып келишет. Билишет дагы беш-он мүнөт кармалса кечигерин. Билишет Ильичтин кечиккен адамдарды жактырбасын. Ленинди көрүп, ага таазим кылуудан артык ыйык нерсе жок алар үчүн. Бул — милдет, бул — парз. Театрлар, дүр-дүнүйө дүкөндөрүндөгү жайнаган дүйнөлөр да көзгө көрүнбөйт.

Кызыл Аянттын Александр багында узун сап адамдардын катары. Шатырата жааган жамгырды да этибарга алышпай, адамдар анда-санда гана жай, аяр кадам шилтешет. Арты тээ алда кайда калган узун сапта турган эл ак таңдагыдай ашыгышпайт. Өлчөп арым

таштašат. Кобурашып, ар кимиси ар кайсынысы сөз кылышканы менен, ичинде бүгүнкү күнгө бөтөнчө ыраазы. Билишет Ленинге баратканын, Ленинди көрөрүн. Көөдөндө көкүрөккө батпаган сезим. Ал кубанганда, адатта сүйүнгөндө жаралчу сезимден башкача. Таптакыр бөлөкчө. Ал өтө терең, өтө тамырлуу. Ал азыр жеке гана өзүнүн бакты-таалайын ойлобойт. Өзүнө окшогон жамаат журттун баарынын кубанычы, ырыскы-таалайы алаканга салгандай жарк дей түшөт ага. Туш тарабындагы өзүнө окшоп узун сапта келаткандардын баарына көз жүгүртөт. Капилеттен келе калгансыган ушул ой Мавзолейге чейин да, мемиреп түбөлүк уйкуда жаткан Ильичти көргөндөн кийин да көкүрөктөн кетпейт. Ар бир адам эң жөнөкөй, эң жупуну, улуу ойчул кемеңгердин алдында жооп туткандай, көкүрөктө сыйбаган кубанычын аны менен тең бөлүшкөндөй болот.

Оо-о. Опол тоодой жүк менен келесиң Ильичке, опол тоодой жаңы милдет алып чыгасың Ильичтен. Кандайдыр бир көз ирмемде, жылдыз учкандай жылт этип өткөн көз ирмемдин өзү аябагандай сезим берет көкүрөккө.

...Адамдардын кадамы тыйылбайт. Кышын-жайын. Нөшөрлөгөн жаанда да, кар тозоңун учурган ызгаардуу кыштын чилдесинде да адамдардын катары тизилет.

Таштар. Бирдей өлчөмдө, бирдей боёктогу таштар. Нечен жылдан бери тапталган таштар. Кимдердин гана буту баскан жок аларды. Мына бул калың бактын көлөкөлүү аллеяларында нелер гана болгон жок, мына бул теп-тегиз төшөлгөн таштарга кимдердин гана каны тамган жок.

Жаштык өмүрүн улуу азаттыкка арнап, эркиндик деп, теңдик деп таш жаздангандардын каны азыр бизге кызыл туу болуп желбирейт. Туу болуп келди алардын өмүрү бизге. Оттой кызыл туу кылып көтөрүп барабыз, алардын өмүрүн. Алар көп эле. Алар жаш эле. Аларды эч ким үгүттөгөн жок, суранган жок. Өздөрү жасашты

эрдикти. Өздөрү келишти. Оттой жалындаган максаты менен келишти. Россиядагы Франциянын аскердик кызматынын офицери Жак Садуль Кызыл Армиянын катарына өтүп, большевиктердин туусу астында кармашты, аскер туткуну венгердик жумушчу Рудольф Гарашик Ярослав батольонун жетектеди. Бөтөн элдин, бөтөн жердин ак ниет эр жүрөк адамдары Ленин баштаган Россия жалчыларынын баатырдык күрөшүн колдоп чыкты, анын катарында салгылашты.

Интернационалдык тилектештик, боордоштук. Дүйнө элинин жарды-жалчыларынын бул бир туугандык достугу да Улуу Октябрдын жеңиши менен жаралды. Улуу Октябрда чыңдалды. Арадан алтымыш жыл өтсө да улуу Ильичтин мына бул жазгандары эстен чыкпайт го. Анткени, эстен чыкпай турган учур эле. Ал 1918-жыл эле. Жаңыдан гана көз жарган жумушчу, дыйкан Совет мамлекети кыйын кезең учурда эле. Же өлүм, же өмүр. Эртең келчү жаркыраган жеңишке бекем ишенип, Брест келишимине кол коюлгандан кийин улуу жол башчы «Немец жумушчусу менен боордоштук байланыштан тайба. Алар бизге жардам бергенге кечигип калышты. Биз убакытты утабыз, биз аларды күтөбүз, алар бизге жардамга келишет» деди. Чын эле, Улуу Ленин айткандай, биз үчүн эң оорго турган Брест келишиминен кийинки убакыт бизге чоң жеңиш апкелди. Жеңиш менен кайтты. Жалаң гана немец жумушчуларынын эмес, көптөгөн капиталисттик өлкөлөрдүн жумушчуларынын боордоштук жардамына ээ болдук. Бизге ушул керек эле. Ага да ээ болдук. Мына ушул тилектештик жаш мамлекетти толук эркиндикке чыгарды.

Биз экинчи жолу да жеңишке ээ болдук — фашисттик Германия менен болгон каардуу кармашууда да жеңип чыктык. Он сегизинчи жылы Ленин күткөн тилектештикти, боордоштукту советтик жоокерлер экинчи дүйнөлүк согушта Европанын калкына тартуулады. Фашисттик жырткычтардын таман астында тепселип, кан-

сыраган көптөгөн мамлекеттердин элине эркиндик алып келди, келечегин ачты.

...Элдердин эркиндиги, өз укугун өздөрү чечиши. Тилектештик, кызматташтык менен. Адамзаттын жаркыраган доору — коммунизмди куруу. Улуу Лениндин асыл максаты ушулар эле го. Дүйнө эли ушуга жетсе, ушуга ээ болсо дечү эле го. Улуу ойчул өз оюндагы ушул доордун пайдубалын куруп, жолун чаап кетти. Анын соккон пайдубалынан заңгыраган имараттар көтөрүлүүдө, таштак тар жолу кеңейип, заңгыраган асфальт жолго айланууда. Адамдар, дүйнө элинин көбү Ленин салган жол менен келатышат.

Ленин салган жол менен, Улуу Октябрь революциясынын жеңишинин нуру менен дүйнө жүзүнүн чар тарабынан адамдар келишет. Ленин көрбөгөн, Ленин жүрбөгөн жерлердин эң кооз гүлдөрүн тандап, ага багыштап ала келишет. Кыпкызыл манаттай гүлдөр. Дүйнөнүн бардык булуң-бурчунун буркураган жыттуу гүлү улуу көсөмгө арналат.

Адамдар Ильичти көргөнү келишет. Анын жашаган үйүн, эс алып сергүүндөгөн жайларын көргөнү келишет. Лениндин революциясынын жемишин көргөнү келишет. Анын бүгүнкү жеңиши менен таанышканы келишет.

Тигине... Алдыда улан-кыз. Өңдөрү бейтааныш, сүйлөгөн сөздөрүнүн айрымдарына түшүнгөндөй болосуң. Кимдер булар? Болгариядан келишкен студенттер экен. Тигине артыбызда жапалдаш бойлуу, кырдач мурун эки жигит. Кыргыз же казак дейсиң. Монгол экен. Андан ары япондук жаштар келатат. Кыргыз жаштары да бар. Өзүнчө ар бир чоң топ. Бул биз үчүн жаңылык эмес. Жалгыз гана Москванын өзүндө төрт жүздөй кыргыз жаштары окуп билим алышат. Ал эми башка шаардагыларды кошкондо аябагандай чоң санды түзөт. Бул сан жылдан жылга өсүүдө. Бул көнүмүш нерсе — өсүү, жогорулоо, өнүгүү — биздин бүгүнкү тумушубузга өтө мүнөздүү. Бирок, мени башка бир нерсе ойлондурду.

Сентябрь айынын аягында Москванын маданият очогунун биринде эки жаштын үйлөнүү кечеси өттү. К. И. Скрябин атындагы мал чарба жана ветеринария академиясынын 5-курсунун студенти Адылбек Мырзабаев менен Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетинин төртүнчү курсунун студенти Бурмайым Сарыеваны өлкөбүздүн борборунун жогорку окуу жайларында окуп жатышкан улан-кыздар кызуу куттуктап, кыргыздын шаңдуу ырларынан ырдашып, көңүлдүү отурушту. Тоодо төрөлүп, тоодо чоңойгон кыргыздардын тоону бардыгынан бийик санаары, бийик көрөрү баарыбызга белгилүү го. Мына ушул чокусу асман тиреген бийик аскалардан да бийик бааланган, жогору бааланган адам бар — ал ЛЕНИН.

*1976-жыл, апрель.*

## БИЙИКТИККЕ УМТУЛУУ

Ар бир адамдын асыл максаты, алдыга койгон эң бир ыйык мүдөөсү да ушул — бийиктикке умтулуу. Ар бир адамдын көздөн учкан чокусу болот, ансыз ал жашабайт, ансыз өмүр сүрүү караңгы, көңүлсүз. Мамлекет да ушундай. Ал да маданияты, илими менен техникасы өскөн жогорку чекке жеткиси келет, ошол үчүн жашайт, ошонун камын көрөт. Демек, чогуга чыгуу эки жакка тең бирдей — оболу адамдар өздөрү кызыгышы керек, анан ал кызыгуу кумарын мамлекет, өкмөт да колдогондой болушу керек. Мына ошондо гана ар бир адам көздөн учкан чокусуна чыга алат, мамлекет да жетет белгилеген чокусуна.

Адам баласынын максаты — бүтпөгөн дабан, биринен ашса экинчине асылат. Дабан канчалык бийик болсо, адам ошончолук өжөр, ошончолук көк. Дабандын бийиктиги адамдын эркин сынайт, улам жаңы чокуну

ашып, адам өзүнүн күчүн сынайт да жаңы максат менен жаңы кадамын шилтейт. Анын табияты ушундай, башка макулуктан болгон артыкчылыгы да ушул — бүгүнкүсүнө алымсынбай эртеңки күнгө жаңы үмүт коюу. Адам баласынын өмүрүндөгү кубанычтар, жаңы өзгөрүүлөр мына ушинтип жаралат, мына ушинтип жаңыланат.

Бүгүнкү биздин ар бир күнүбүз өзүнө гана мүнөздүү, өзүнө гана таандык кубаныч-кабарларды алып келүүдө. Алардын айрымдары бир гана өлкөнүн эмес, бүтүндөй ааламдын тарыхына кирүүдө. Бир элдин кубанчы бүткүл жер жүзүнүн жамаат калкынын кубанычына айланууда. Бул XX кылымдын, космос доорунун жүзү. Космостун кылымы ушуну тартуулады. Анын ар бир жолку жаңылыгы аалам адамын башта белгисиз өзүнчө бир ажайып жаңы сезимдер менен таң калтырууда. Биз жашаган күн жомоктон чындыкка, фантастиканын турмуштун кадимки көнүмүшүнө айланган күнү болуп калды.

Миңдеген эр жүрөк азаматтардын кыялындагы чокуга чыгуу, аны чындыкка айландыруу XX кылымда башталды. «XX кылымдын эң маанилүү окуясы» деп тарыхка кирген Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши менен башталды. Андан бери нечен-нечен белестерди, эчен-эчен көз жалтанткан улуу ашууларды артка калтырдык. Алар өтө көп. Бири экинчисинен татаал, бири экинчисинен залкар. Аалам элин суктандырып, досторубузду сүйүнтүп, касыбызды күйүнтүп келебиз. Эң акыркы жаңылыгыбыз кечээ жакында эле болду. Советтик космонавттар Владимир Ляхов менен Валерий Рюмин космосто 175 күн жүрүштү. Жүз жетимиш беш күн. Ачык космосто 1 саат 24 мүнөт болушту. Биринчи жолу аалам элин суктантып, кубангандан көзгө жаш алдырган Юрий Гагариндин комостогу эң биринчи сапары бар болгону 1 саат 24 мүнөт болбоду беле. Андан бери он сегиз гана жыл өттү. Ошон-

догу бир жашар бала мына азыр боз баланын курагына жетти. Рекорддор да көбөйдү, жаңыланды. Улам жаңы чокуларга кол сермеп, космосто да жаңы рекорддор жаралууда.

Космостун чокусу. Ал көрүнбөйт, көз менен ченелбейт. Бирок анын да өлчөмү бар, чени бар. Башталган, бүткөн чеги бар. Ал да Улуу Октябрдын жеңишинен башталды. Мына ошондо эле улуу Ленин чокуга чыгууну эңсеген. Жалындуу публицисттин көптөгөн эмгектеринин арасында башталып, аягына чыкпай калган залкар чыгармалары бар. Алардын бири «Публицисттин макалалары» деп аталат. Улуу көсөм башка адам баласынын буту жетпеген, дегеле адамдын көзү көрбөгөн улуу чокуга чыгып бараткан адамдын ар бир кадамын таасын сүрөттөйт. «Ал бараткан жол бир укмуштай туңгуюкка алып келди, андан ары жылуу татаал жана коркунучтуу гана эмес, тап-такыр мүмкүн болбой калды. Ага кайрадан артка кайрылууга, төмөн түшүп, узагыраак болсо да мейли, иши кылып чокуга алып бара турган жолду издөөгө туура келди.

Төмөн жактан жабалактаган үндөр угулат. Алардын табалары каныл, чурулдап-чуркурашат: учуп өлөт экен; дал ушуну көрмөк; жинди болбо!»

Бирок улуу көсөмдүн каарманы тигилердин сөздөрүн угуп да койбойт. Ал көк, өжөр. Өлсө да, талса да чокуга чыгууну максат кылып койгон. Ага бүткүл өмүрүн арнаган. Ал өзүнүн кыйналарын, азап чегерин, бараткан жолу өтө коркунучтуу экенин сопсонун билет. Бирок ал коркунучтардан коркпойт. Ал бир нерсени эң жакшы түшүнөт: тамандарын канталатып, колу-башын асканын урчуктарына канатып, не бир укмуш кыйынчылыктар менен келаткан анын артынан тээ төмөн жакта тургандардын арасынан өзүнө окшогон жардыжалчылар ээрчишет, алар да убай-чубай адам баласынын буту баспаган чокуга чыгышат. Сөзсүз чыгышат. Эртеби-кечпи сөзсүз чыгышат. Анткени адамзат бир

мезгилде ушул чокуга чыгышы керек, ушул чокуну көрүшү керек.

Ал чоку — коммунизмдин чокусу.

Бул көсөмдүн акылмандыгы, көрөгүчтүгү. Ал ошондо эле революцияда жеңишке ээ болгон пролетариат өзүнүн жаркын жолунда көп кыйынчылыктарга туш болорун, далай тоскоолдордон өтөрүн, бирок алардын баарын жеңип, адамзаттын жаркыраган келечеги болгон коммунизм доoруна келерин көрө билген. Эмне, фантастикабы? Улуу фантаст Уэллстин Ленин менен болгон жолугушуусунан кийинки жазган мына бул эскермелерин окуп көрөлүчү: «Анын (Уэллстин) «Мезгил машинасы» романын окугандан кийин адамдардын баардык баамдоосу биздин планетанын масштабында түзүлгөнүн түшүндүм деди Ленин: алар техникалык потенциал өнүгүп олтуруп эч качан жердин чегинен чыгып кетпейт деген божомолго негизделген. Эгер биз планета аралык байланышты түзө алган болсок, анда өзүбүздүн философиялык, социалдык жана моралдык баамдообузду кайрадан карап чыгууга туура келет: бул учурда техникалык потенциал чексиздикке айланып, прогресстин куралы жана методу катары күч колдонуунү таптакыр жокко чыгарат».

Улуу көсөмдүн жана таланттуу фантасттын бул жазгандарын окуду бекен Циолковский? Белгисиз, аны эч ким айта албайт. Арадан жарым кылым өтпөй «космонавтиканын атасы» деген атка конорун Циолковскийдин өзү да билген эмес чыгар. Ал мезгилдин көп нерсеси бүдөмүк. Бирок билгенибиз да көп. Алсак мына булар: 1924-жыл — Константин Эдуардович «Космостук корабль» деген макаласын жазат; 1926-жыл — «Дүйнөнүн мейкиндиктерин реактивдүү куралдар менен изилдөө» деген эмгегин кайрадан басып чыгарат: 1927-жыл— ойлоп табуучулардын Москвадагы ассоциациясы Циолковскийдин 70 жашка чыккандыгына байланыштуу планеталар аралык байланыштын көргөзмөсүн уюштуру-

шат. «Адегенде фантазия менен кыял, анан илимий эсептөөлөр, эң аягында — ишке ашыруу. Жаңы муундун өкүлүнүн асманга учарына мен ишенем». Улуу окумуштуу муну ошол көргөзмөдө айткан!.. Жетимиштеги окумуштуунун муну айтканынын жөнү бар. Анткени жаны доор гана анын таң каларлык фантазиясын түшүнө билди, баркына жетти. Ушуга чейин «апенди чалыш чал» деп шылдыңдалып келген Циолковский 1918-жылдын 26-августундагы чечими менен мүчөлүккө кабыл алынат. Эл комиссарлар Совети 1921-жылдын 9-октябрында төмөндөгүдөй токтом кабыл алат: «Окумуштуу — ойлоп табуучу, авиация боюнча адис К. Э. Циолковскийдин зор эмгек сиңиргенин эске алып, ага өмүр боюу ай сайын 500 миң сом өлчөмүндө пенсия белгиленсин». 1921-жылы жаш Совет мамлекети экономикалык, согуштук оор абалда тургандыгына карабастан мына ушул чечимге келген. Улуу окумуштуу өмүр бою мындай камкордукту сезген да, билген да эмес. Ал аны зор кубаныч менен тосуп алат да, жаңы күч, жаңы кайрат менен иштей баштайт. Натыйжада Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 10 жылдыгына карата өзүнүн көргөзмөсүн бүтүрөт да «жаңы муундун өкүлү асманга учат» деген олуялык сөзүн айтат.

Ошол жылы окумуштуу орус кызы Ольга Винницкаядан төмөндөгүдөй кат алат: «Урматтуу профессор. Мен «Огонек» журналынан немец учкучу Макс Вальстын Айга учууга камданып жатканын окудум. Мен да Айга учууну аябай эңсейм, анткени Жюль Верндин кыштын окуйм. Эми Сиздин айрым китептериңизди окугандан кийин Айга учуу анчейин кыйын эмес экен деп калдым. Ушундан улам Сизден өтүнүп суранарым, сиз Макс Вальска айтсаңыз, мени да кошуп алсын. Же орустар учкуча күтө турсамбы, кантсе да өзүнүкү менен жакшы да!»

Асманга учуу. Айга жетип, адам баласына белгисиз сыйкырларды ачуу ошол күндөгү адамдардын баарын

областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 304726

кызыктырганын биз жакшы билебиз. Ырас, ал кызыгуу ошондо эле ар кандай максатта жана мазмунда болгон. Аны да тарых билет, тарыхтан эч нерсени жашыра албайсың. Ошол эле жыйырма жетинчи жылы «Вокруг света» журналына Б. Рустам-Бектин «Айда эки күн» аттуу макаласы жарыяланат. Анда кимдир бирөөнүн Лондонго жөнөткөн фантастикалык телеграммасы жөнүндө сөз болот. — «Атайын ракета менен советтик 11 окумуштуу Айга учуп кетишет...» Москвалык кабарчынын маалыматын өзүнчө чечмелеп, «Дейли кроникл» газетасы минтип жазган: «Айда үгүттөй турган эч ким жок. Биз башка коркунучка туш келебиз. Эгер большевиктер Айга жете турган болушса, анда Айдын бардык байлыктарына ээ болушат. Коммунисттик элементтер менен отурукташкан Ай большевиктердикине айланат. Ракетаны курууга кеткен чыгым менен бир нече окумуштуунун өмүрүн тобокелге салуу Айдын материясын пайдалануудан келип түшүүчү пайданын алдында эч нерсеге арзыбай турган нерсе».

«Ишкер адамдар» деп аталган капиталисттик дүйнөнүн басма сөзүнүн бул «беш өрдөгүнө» таң калууга да болбойт. Алардын айтаары ушул. Жамандык издеп, котур ташын койнуна каткан мындай арам ойлуулар ал жерде жалаң гана журналисттер эмес, окумуштуулардын арасында да болгон жана да боло берет. 1927-жылы Циолковскийдин урматына уюшулган көргөзмөгө дүйнө жүзүнүн бир топ өлкөлөрүнөн да окумуштуулар келишет. Алардын бири мюнхендик окумуштуу Оберт Герман эле. Эгер Циолковский нукура илимий негизде гана асман мейкиндигин изилдөөнү максат кылса, мюнхендик окумуштуунун башындагы ойлор таптакыр тескерисинче эле. 1928-жылдын жазында немецтик Ранновер деген кичинекей шаарчада реактивдүү автомобилдин сыноосу өткөрүлөт жана сыноо полигонунда планета аралык кабарлашуунун (Германдык) коому түзүлөт. Бир жылдан кийин Оберт Германдын жаңы китеби жа-

рык көрөт. Бул жолу анын чыныгы жүзү ачылат. Ал космостук ракеталар жөнүндө гана эмес, почта байланышынын ракетасы жөнүндө сөз козгойт. Ракеталардын снаряддары, башкаруу маселеси, ракетаны бутага багыттоо тууралу жашырбай эле жазат.

Окумуштуу катары Циолковский Оберттин илимий жана саясий жактан туткан жолун жактырбайт. «Биринчиден,— деп жазган ал,— ракета тууралу көптөгөн маанилүү маселелер теориялык жактан изилдөөгө алынган эмес. Оберттин чийгендери фантастикалык аңгемелерди коздогонго гана жарайт. Роддардын ракетасы болсо өтө эле жөнөкөй. Айга жетмек тургай, 500 чакырымга да көтөрүлө албайт» .

Улуу окумуштуунун бул айтканын турмуш далилдеди. Бирок арам ой аз болсо да өктөмдүк кылды. Ырас ал көпкө созулган жок. Өмүрү кыска болду. Ошентсе да далай-далай адамдардын өмүрүн кыйды. 1943-жылы гитлердик жашыруун кызматтын жетекчилеринин бири, адмирал Канарис «Фау-3» самолет-снарядды жасоону белгилеп, аны менен Американы аткыламакчы болгон. Бирок Гитлерге кол салуу ийгиликсиз аяктагандан кийин аны жасап жаткан адамдардын көбүнүн көзү тазаланган. Бирок буга чейин «Фау-1, «Фау-2» деп аталган ракеталар менен гитлердик фашисттер Лондон шаарын аткылашып, миңдеген адамдардын өмүрүн кыйышкан.

Ажалдын отун бүрккөн ал ракеталарды жасоого катышкан окумуштуулар Оберт Герман, Фон Браун, Дорнбергер америкалык «ишкер адамдардын» колуна жеткирилди. Алардын артынан америкалык «Уайт Сеидз» сыноо полигонуна «Фау-2» ракетасынын агрегаттары менен деталдары салынган 300 вагон келет. Дал ушул жерде жогорудагы аты аталган окумуштуу сөрөйлөрдүн түздөн-түз жетекчилиги астында дүйнөдө биринчи жолу атом бомбасы жасалат жана Япониянын Нагасаки ме-

нен Хиросима шаарларына ташталат. Анын кесепетин адамзат жакшы билет...

Гитлердик Германиянын окумуштууларынын чыккан чокусу ушул болду. Алар ушуну эңсешкен эле, ушуга жетишти (Американын жеринде). Алардын акылынан жана колунан жасалган «балакайдын» нурунан каза болгондордун саны дале өсүүдө. Андан бери, 1945-жылдын августунан бери далай жылдар өттү. А бирок, «балакайдын» чаңырыгы япон калкынын кулагынан дагы эле кете элек. Ал үн аалам элинин жүрөгүнөн жаңырат.

Америка, «ишкер» атка конгон Америка XX кылымдын эң коркунучтуу куралын ойлоп тапканына сүйүндү, корстон болду. «Бул жерден да өзүбүздүн ишкердигибизди далилдедик» дешкендей керсейишти. Мына ушул коркунучтуу курал менен далайлардын сезин алабыз дешти. Бирок андай болгон жок — тынчтыкты сүйгөн аалам калкы жапырт каршы турду. Экинчи жолку кадамга даабашты. Хиросима менен Нагасакинин тагдыры экинчи кайталанган жок.

Космос мейкиндигин изилдөөдө да көч башында болобуз дешти. Алда канча эрте аракет көрүштү. Далай институт, далай завод ушул максат үчүн гана иштеди. Бирок кечигишти. Совет адамы Юрий Гагариндин «Кеттик» деген үнү Аалам калкынын көзүнөн жаш чыгарды. Сүйүнгөндөн, кубангандан ыйлашты адамдар. Акыр аягында жүрүп олтуруп планета аралык байланыштар «фантастикадан чындыкка айланат» деген Константин Циолковскийдин олуялык менен айткан сөзү анын Мекенинде — СССРде ишке ашты. Дүйнөдө биринчи жолу совет адамы космоско кол сермеди. Ал космосту тынчтык максатта пайдалануунун биринчи борозун чийди да Циолковскийдин көзүнөн учкан улуу чокуга чыкты.

Чокулар. Бүлбүлдөп көздөн учкан чокулар. Алар ар кандай болот. Улуу Ленин жазгандай, ар бир тоонун чокусу болот. Адамдар чоку дегенде көккө кадалганда

башыбыздан баш кийимибиз учкан чокуну элестетебиз. Ар бир чокунун өзүнчө азап-тозогу, кубаныч-ырахаты болот. Бул турмушта болчу чоку. А бирок көзгө көрүнбөгөн, колго кармалбаган да чокулар болот. Алардын бири биз сөз кылып жаткан космостун чокусу. Анын жолу бөтөнчө татаал, Жерде го бутуң менен, колуң менен тырбалаңдап бир нерсени карманасың. Космосточу? Таянар, карманар эч нерсе жок. Зериккенде алаксычу кыбыр эткен жан жок. Түпсүз асманда укмуштуудай ылдамдыкта зымырап бараткан кемеден башка эч нерсе.

Москвадагы журналисттердин борбордук үйүндөгү космонавттар менен болгон жолугушуу эстен кетпейт. Алардын арасында Виталий Севостьянов да бар эле. Ар бир космонавттын аңгемесин угуу өзүнчө кызык. А бирок эмнегедир ошол кечеде Севостьяновдун аңгемесин бөтөнчө кунт коюу менен уккам. Ал өтө жөнөкөй, ар бир карапайым адам түшүнгүдөй сүйлөйт. (Анын теле көрүүчүлөр менен болгон жолугушуусу да өтө жөнөкөй.) Ошол жолугушууда ал фониндоскоп жөнүндө сөз кылды. Космосто анын эмне кереги бар деп таң калдым. Көрсө, жүрөктүн кагышын тыңшачу мына ошол медициналык аспап аябагандай жардам бериптир. Жерден берилген буйрук боюнча атайын курал менен Күндүн батышын сүрөткө тартмакчы болушуптур. Бирок бул учурду кармоочу аппаратты таптакыр иштете алышпайт, ачыгын айтканда эч нерсени көрсөтпөйт. Аппарат иштебейт, иштете албай койдук деп Жерге кабарлаганда алар ишенишпей, жакшылап текшерип көрүүнү өтүнүшөт. Алар ары ойлоп, бери ойлоп эч нерсе таба алышпайт. Аппарат Жерде сопсонун иштеген, анын азыр да оң экенине күмөн саноого болбойт. Анан эмнеге минтет дешип экинчи күндү тосушат. Баштарын катырып олтурушуп кеп аппаратта эмес эле антеннаны күнгө багытташпаганын эстешет. Бирок аны төптөгөрөк кеменин кайсы жагынан табарын билбей эстери катышат.

Ошондо фониндоскопту эстешет. Аны кулакка тосуп, кеменин ар кайсы жерин тыңшап отуруп антеннаны табышат да, анан аны күнгө карай багытташат. Аппараттан кылкылдап батып бараткан Күн көрүнөт. Мына ушул сыяктуу кыйынчылыктар көп болорун космостогу учуулардын мөөнөтү улам барган сайын узара берерине да токтолгон болучу. Ашып кетсе эки ай, үч айга созулар да деп ойлогом ошондо. Бирок, жарым жылга созуларын ойлогон эмесмин. Мына эми ошол да, жарым жылдык, 175 күнгө созулган учуу да артта калды. Советтик космонавтика өркүндөп өсүп, космосту өздөштүрүүнүн дагы бир чокусуна чыкты.

Ага биз жалгыз өзүбүз чыкканыбыз жок. Космосту өздөштүрүүнү да бир тууган социалисттик мамлекеттер менен чогуу жүргүзүп жатабыз. Биздин кубанычыбыз, сүйүнчүбүз, жеңишибиз чогуу. Бири-бирибизден кызганбайбыз, сырыбызды жашырбайбыз. Космосту өздөштүрүүнүн акыркы жылында эле Чехословакиянын, Польшанын, Германия Демократиялык Республикасынын, Болгариянын космонавттары учушту. Кезекте социалисттик башка мамлекеттердин да өкүлдөрү даярдалууда.

1927-жылы Константин Циолковскийге «же орустар учканга чейин күтө турсамбы...» деп жазган Ольга Винницкаянын өтүнүчү таптакыр башкача болуп ишке ашты. Социалисттик мамлекеттер Совет өкмөтү менен бирдикте космосту изилдеп, комоско учуп жатышат. Тарых чындыгы мына ушуга алып келди. Муну улуу Ленин 1922-жылы эле көрө билген.

Социализмдин өлкөлөрү космосту тынчтык максатта пайдалануу үчүн учуп жатышат. Капиталисттер буга жол бербөө үчүн жана космоско биринчи болуп чыгуу үчүн колдон келгендин баарын жасашты, бирок эч нерсе чыккан жок. Анткени, улуу Ленин көрсөткөн чокуга чыкчу максаты жок, ал максат аларда болгон эмес, болбойт да. Алардын ою арам, кандуу. Планета аралык

космос кемелери айлап, жылдап учуп, бир планета менен экинчи планетанын ортосундагы учууну ишке ашыруучу станцияга айланарына да аз калды. Космосту багындырууга арналган ар бир учуу аны улам жакындатмакчы.

*1979-жыл, сентябрь.*

## ЖЕҢИШ ТУУСУ

Туулар. Желбиреген кызыл туулар. Намыска чакырган, жеңишке шыктандырган, эрдикке шыктандырган туулар. Кылкылдаган кызыл туулар далай эрлердин канына жуулган туулар. Алар ыйык. Кызыл чоктой алоолонгон ал туулар муундан-муунга колдон-колго өтүп келет. «Эрдик эч качан унутулбайт, эрдик эч качан өлбөйт» деген сөз мунун өзү.

Мына ушул кызыл чоктой алоолонгон туулардын бир күндө, бир көз ирмемде балбан колдордо желбирегенин элестетип көрөлүчү. — Кечээки эле 1-Майды — Тынчтыктыктын, Эркиндиктин, Бир тууганлыктын, Тилектештиктин күнүндө. Бул күнү кызыл туулар тынчтыктын тиреги Москвада, Кызыл Аянтта гана эмес, Прагада, Будапештте, Берлинде, Софияда, Парижде, Ханойдо, алыскы Кубада, Эфиопияда — дүйнөнүн бардык бурчунда желбиреди. Тынчтыкты сүйгөн, достукту, бир туугандыкты кастарлаган элдердин баары сайрандашты. 1-Майда планетанын үстүн кылкылдаган кызыл туулар каптады.

Жер бети бул күнү дагы бир жолу кулпуруп, дагы бир жолу шаңданып алды. Планетанын үстүн достуктун, тынчтыктын, тилектештиктин симфониясы жаңыртты.

...Туулар. Адам пейилиндей алар да ар башка. Адилет ишке жасалган туу канчалык жупуну болбосун, аземделип, коздолуп жасалган ар кандай кара ниет-

тик иштин туусунан жугумдуу да, сыймыктуу да болот. Кеп туунун кооздугунда эмес, ошол туунун астында жасалган иште. Тарых далилдегендей, өз эркиндиги, бактылуу келечеги үчүн кандуу майданга чыккандардын көтөргөн туусу жөнөкөй болгон. Мына ушул жөп-жөнөкөй ыйык туулар азаттык алып келген. Кара ниет иштин аземделип жасалган кооз туулары таман астында тепселген. Турмуш заңы, тарых заңы ушундай илгертен бери келаткан. Бирок да кара ниет иштин күнү бүтүп, чырагы жалп этип өчкөнгө чейин далай азап-тозокту, адам баласынын денесин дүркүрөткөн акылга сыйбас наадандыкты жасарын да тарых билет.

Мына ушул бүгүнкү дүйнөнүн салтанат-шаңы Жеңиш Туусуна киндиктеш. Анда көздү жалтанткан кооздук да жок. Кызыл чытка орок, балканын сүрөтү түшүрүлгөн. «II даражадагы Кутузов ордендүү 150-аткычтар дивизиясы». Болгону. Башка эч нерсе. Мына ушул жупуну, шашылыштан жасалган туу тарыхта калды. 1945-жылдын 30-апрелинде 21 саат 50 минутада сержант М. А. Егоров менен кенже сержант М. В. Кантария сайган Жеңиш туусу рейхстагдын үстүнөн желбиреген. Ал азыр Москвада, Советтик Армиянын Борбордук музейинде. Атайын самолет менен алынып келинген мына ушул туунун этегинде берлиндик антифашисттер белекке беришкен рейхстагдын дубалына жазылган жазуулар да бар. «Кремлди көрө албайсыңар, иттер, бирок рейхстагыңардын акмагын чыгарасыңар» деген кыжырдануу менен жазылган солдаттын жазуусунда канчалык жек көрүнүч каардануу жатат. Ырас, Кремлди көрүштү. Ажаалданган баскынчылык кыргынга шыктандырган эмес, өздөрү башташкан согуштун курмандары катары желектерин Ленин Мавзолейинин астына таштапып, дүйнө элинин алдында мазакталып туткун болуп көрүштү, ажаалданган баскынчылык согуштун жеңүүчүлөрү тууларынын таман астында тепселишин көрүштү.

Мазакталган ал туулар эми музейде. Адам баласы-

нын тарыхында болуп көрбөгөн чоң кыргынга дуушар кылган ал туулар бүгүн тепсендиде жатат. Күрөң баркытка түрдүү оймо-чиймелер түшүрүлүп аземделип жасалган туулардын баары 1945-жылы 24-июнда — Жеңиштин парадында Кызыл Аянтка ташталган. Бүгүн алар гитлердик жырткычтык баскынчылык согуштун символу болгон болот бүркүттүн жанында жатат. Символ да, анын туулары да жерде жатат, көмүлбөй калган иттин өлүгүндөй сезим берип көкүрөккө.

Азыр тепсендиде жаткан бул туулар мындан отуз жыл ашык мурда кан жыттанган согуш талаасында желбиреп, жинденген желдеттерди жырткычтыкка шыктандырып, далай ыплас, наадан иштерге үндөгөн. Мына ушул туулардын астында адам баласынын каңырыгын түтөтүп, төбө чачын тик тургузган жырткычтык иштер жасалган. Мына ушул жек көрүндү туулары бел тутуп, немецтик жырткычтар 20 миллион совет адамдарын атып, даргага асып, концлагерлерде кыйнап жок кылышкан. Кан күйгөн согуштун жылдарында 25 миллион бир боордош мекендешим үй-жайсыз калган, 7-миллион жылкы, 17 миллион кара мал; 20 миллион чочко союлган жана Германияга айдалып кеткен, 31850 өнөр жай ишканалары кыйратылган. Мына ушунун баары фашисттик желдеттердин туусу астында жасалган.

20 миллион. Жүз да эмес, миң да эмес. 20 миллион. Өлгөндөрү ушунча. Жетим калгандар, жесир калгандар, уул-кызсыз калгандар канча? Кан күйгөн согуштан жарым жан кайткандар канча? Азыр мына согуш жылдарында төрөлгөн балдардын өздөрү ата болушту. А бирок согуштун запкысын тартып атасын издегендердин, баласын издегендердин саны дале үзүлө элек.

Ал согуш баарыга бирдей болду: жумушчуга да, колхозчуга да, шаарга да, айылга да, казакка да, украинга да, кыргызга да. Ал эч кимди ылгабады: карыны да, жашты да, эркекти да, аялды да. Улуу Ата Ме-

кендик согуш ар бир үй үчүн, ар бир адам үчүн эч качан эстен кеткис апаат болду. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган бир тууган совет элинин биримдигин ого бетер чыңдады. Биримдик, бир туугандык улуу күчкө, майтарылбас, жеңилбес күчкө айланып кетти.

Биримдик жырткыч Гитлерде да болгон. Советтик Армиянын борбордук музейине коюлган буюмдардын ичинде буга далил болгон буюм бар. Ал Германиянын ири капиталисттеринин Гитлерге беришкен белеги. Жоон манчадай калыңдыктагы кыска эки болот аркандай түйүлгөн. Чыныгы биримдикти, болоттой бекем биримдикти билдирген бул белек басып алуучулук жортуулга жулунган Гитлердин партиясы менен Германиянын эң бай өнөр жай ишкана ээлеринин максатташ экендигинин белгиси. Анын жанында жер шары. Келечекте Германияга гана чөгөлөй турган жер шары.

Бирок Гитлердин капиталисттер менен болгон фашисттик достугу совет адамдарынын бир туугандык биримдиги, каарман эрдигинин алдында алсыз болду. Өз жерин, өз элин жырткыч баскынчылардан коргоп калуу үчүн жүргүзгөн совет элинин ыйык согушу ал биримдиктин тып-тыйпылын чыгарды. Музейге коюлган буюмдардын ичинен ондогон жылдардан бери ак кайыңдын кабыгына оролуп катылып келген Александр Виноградовдун каты советтик жоокерлердин майтарылбас кайратына күбө болот. Убакыт саргайтып, уйпалатып, айрым жерлерин окууга мүмкүн болбогон Александрдын катында мына булар жазылган: « — 155-километрдеги Минскинин жолу. Биз 12 элек. Колонна Минск жолундагы душмандын чабуулунун, айрыкча танкалык чабуулунун мизин майтарып жатабыз. Биз каармандарча салгылаштык. Бирок душман аёосуз жулунууда. Дагы бирөөбүз — москвалык Володя окко учту... Жолдо 19 машина күйүп жатат. Бирок биз экөөбүз. Ошентсек да биз күчтөн тайгыча бекем турабыз. Өзүбүздүкүлөр кел-

генге чейин душманды өткөрбөйбүз. Мына мен өзүм жалгыз калдым, башыман жана колуман жарадар болдум. Танкалардын саны көбөйдү. 23 танка болду. Балким, мен өлөрмүн. Бирок, кимдир бирөө бул катты табаар жана баатырларды эстээр. Фрунзеликмин, орусмун. Ата-энем жок. Кош болгула, кымбаттуу достор! Силердин Александр Виноградов. 22. II. 42-ж.»

Бекем турабыз. Душманды өткөрбөйбүз. Егоров менен Кантариянын сайган туусу рейхстагдын үстүнөн желбирегиче Александрга окшогон нечендер танк астында бүктөлбөдүбү, окко учпадыбы. Мекен үчүн, өз эли үчүн, өз жери үчүн боо-боо түштү. Бирок канкор душманды өткөрбөдү. 20 миллион адам өз өлүмү менен Жеңиш күнүн жакындатты. 20 миллион адамдын каны менен Жеңиш Туусу сайылды.

Канча адам дайынсыз жоголду. Нечендеген адамдар концлагерлерде, түрмөлөрдө кырылды. Не бир адам чыдагыс азап-тозокторду көтөрдү. Төбө чачың тик турат ойлосоң. Анын көбүн кийинчерээк билип жүрбөйбүзбү иликтеп. Ошонун баарын жасаган Гитлердин желдеттери. Музейдин экскурсоводу германдык жырткычтар согуш жылдарында концлагер менен түрмөлөрдүн картасын көрсөтөт. Алар кара чекит менен белгиленген. Баскынчылардын таман астында калган аймактын баары ондой чекиттерге толуп чыккан. Картанын төмөн жагында маалыматтар. Анын катарында... Адамдын өлүмү кейийт тим эле... Мындан ашкан жырткычтык болбос... Күбүлбөгөн адамдардын тиши... андан бери биринин үстүнө бири ташталган адамдардын өлүгү. Адамдык сапаттан кеткен. Кабыргалары менен жамбаш сөөктөрү гана аркаят...

Түтпөй жүзүңү бурасың бериге. Көзүм көрбөсүнчү дейсиң, мындай тири шумдукту. Бирок, буларда не жазык. Эне сүтү оозунан кете элек балдарда не күнөө? Концлагерге камалган балдардын тобу. Анын жанында өн-үч жашар ымыркай кийчү ботинке. Дагы бир сү-

рөттө өңчөй жаш балдардын бут кийими үйүлгөн үймөк. Алар «керексизге» чыгарылган балдардыкы. Бул да эч нерсе эмес экен. Анын жогорусундагы теринин үзүгүн көргөндө жүрөгүң оозуңа кептелет... Астындагы жазуусун окугандагычы... Адамдын териси. Ооба, кадимки адамдын териси. Сапсары, калың. Мындай териден жырткычтар мээлей, сумка, үйлөрүнө жарык тегиз тийсин деп абажур жасашчу экен.

Адамдын денесин мешке ыргытып, терисинен буюм жасап... Акылга сыйбай турган иш. Мына ушунун баарын жасаган адам. Ал адам эмес ашынган канкор, ашынган жырткыч. Анын аты — фашизм.

Фашизмдин туусу астында жасалган бул чоң кыянаттык кылмыш. Ал улут тандабаган, жашты ылгабаган. Музейдин маалыматтары баяндагандай, согуш талаасында калган аймактын элдеринин баары фашизмдин казанында кайнаган. Биринчи душманы деп эсептеген орустар, аларга жан тарткан антифашисттер, чехтер, румындар, болгарлар, поляктар, венгерлер, француздар, совет өлкөсүнүн ар бир улутунун өкүлү алардын курмандары болушкан.

Фашисттердин карасанатай «Барбарос» планы боюнча гитлердик армиянын желдеттеринин буту тийген жердин кары-жашы «Улуу Германиянын гүлдөшү үчүн» кул болмок. Бүткүл — Европа кул болмок. Мештен чыккан кул болмок.

Төбө чачың тик турат тырмактарыңа чейин калтырак басып. Канкор душмандын мына ушул карасанатай оюна өз өмүрүн каршы койгон 20 миллион адамдын алдында таазим кылып, алардын кубатына, баатырдыгына кулдук урасың.

Кремлдин Александр багындагы Белгисиз солдаттын эстелигине да ушул пенделик милдетин билдиргени үчүн келишет адамдар. Күн сайын ар кайсы мамлекеттин жетекчилеринин, атайын делегацияларынын атынан гүлдесте коюлат. Фашизмден жапа тарткандар да, тарт-

пагандар да баш ийип, таазим кылышат. Анткени алар гитлердик фашизмдин адамзатка апкелген азап-тозогун жакшы билишет. Бүтүндөй Европаны фашизмдин кара чүмбөтүнөн куткарган совет солдатын жакшы билишет.

Музейди аралап жүрүп Жеңиш туусунун жанына кайрадан келишиңин себеби да ушундан улам. Бир чети таазим кылуу, бир чети сыймыктануу. Сыймыктанганым, сүйүнгөнүм — бүгүнкү турмуш чындыгы. Советтик Армиянын Жеңиш Туусунун алдында бошонгон Болгария, Чехословакия, Румыния, Монголия, Венгрия, Югославия, Германия Демократиялык Республикасы бүгүн мына биздин бир максаттагы, бир тилектеги социалисттик ынтымакташтыктагы өлкөлөр. Демек, бүгүн алар да Жеңиш күнүн белгилешет. 1-Май майрамындагыдай алар да Жеңиш Туусун көкөлөтө көтөрүшөт. Алар менен бирге бүгүн фашизмдин азап-тозогун көргөн ар бир ак ниет күрөшүүчү, акыркы жылдары өз эркиндигин, өз укугун жеңип алган социалисттик республикалардын эмгекчилери да улуу жеңиштин күнүн белгилешет.

Жеңиш Туусунун ыйыктыгы, улуулугу мына ушунда.

*1978-жыл, май.*

## БААТЫРЛАР АЛЛЕЯСЫ

Ал күндөр эч качан эстен чыкпайт. Унутулбайт.

Ырас, кубаныч-шаттыктын арасында караң күндү бир азга болсо да унуткуң келет. Жалпы журтчулуктун шаңынан чыккың келбейт. Адамдын жаратылышы ушундай — журт кубанганда кубануу, кайгырганда — кайгыруу. Буга көнүп калганбыз.

Быйыл да ушундай болду. Аалам эли майрамдаган 1-Майды ак пейилден салтанаттадык. Не бир кубанычтар менен өттү ал күндөр. Анан 9-Май келди. Жеңиштин 30 жылдык салтанаты келди... Адамдардын көздөрү кылгырат. Бир туруп күлкү жайнайт, бир туруп жаш

чайылат. Көз жашты күлкү жеңет. Ыйлап жатып көздөр күлмүңдөйт. Мына бул жаркыраган бейкут, бактылуу турмушка, так төбөдөн тийген күн нуруна, чалкыган кирсиз көк асманга суктана карап сүйүнөт... Ал көздөр жөн көз эмес. Көптү көргөн көздөр... Ал мындан отуз жыл мурда көргөндөрүн эстейт...

Кечээ эле болгонсуган... Ооба, кечээ гана...

Баатырлардын аллеясын аралап жүрүп, кечээ гана 9-Майда болуп өткөн митингини көз алдыма келтирем. Ал күнү Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Т. Усубалиев баш болгон республиканын партиялык жана өкмөттүк жетекчилери мына ушул ыйык аллеянын ачылыш аземине катышып, көкүрөк унуткус сөздөрдү сүйлөштү. Көкүрөгүн орден-медалдарга жаркыраткан улуу адамдар да болушкан.

Эстеликтер. Ташка каткан адамдар, жапжаш жигиттер. Чолпонбай Түлөбердиев, Дүйшөнкул Шопоков, Николай Ананьев, Иван Москаленко. Алардын катарында Григорий Петренко менен Григорий Шемякин. Турмуш ырахатын эмитен гана туюп келаткан азаматтар. Согуш ветерандарынын артында турушкан мына ушул баатырлардын курбалдаштарына назар салгам. Турмуш кубанычынан жалжылдаган көздөр. Өлүмдү ыраа көрбөйсүң аларга. Бирок мына бул ташка каткан боз уландар курман болушту. Азыр мен көрүп, көзүм тойбой турган улан-кыздардын ушул азыркы турмушу үчүн курман болушту.

Согуш... Карт Ала-Тоо согушту көрбөдү. Төрт түлүк малга күтүрөгөн кокту-колотунун, пахта менен кызылча өсүп, эгин бышкан талааларынын боору бомба менен снаряддан тытылбады, жоокерлердин канына сугарылбады. Абасы бузулбады. Бирок бул жерде да «согуш болду». Тоюнуп тамак жебедик, бүтүлүү кийим кийбедик. Ачкачылык далайыбызды алып кетти. Согушта болгон курмандык тылда да болду. Ошентсек да туттук, чыдадык. Баарын көтөрдүк. Жебей-ичпей майданга

дедик... «Майданга, баары майданга!» деген ураан ушундай болду.

Менин «согушту биринчи көргөнүм» эсимде. Эки гана мисал — бири согуш жылдары, экинчиси азыркы. Жакын туугандарыбыздын майдандан кайтканын уктук. Үйдөн чыкпа деп апамын катуу эскерткени эсимде. Кичинекей бала эле. Бийик дубалдан ашып түшөм деп мурду-башымды канатып, кызыл ала канга боёлуп жетип бардым апамын артынан. Биздин тууган мен куpraктуу баласын бооруна басып көтөрүп жүргөн экен. Ал мени да колуна алды. Али да көз алдымда — ал майкачан эле. Көкүрөгүнүн, эки колунун соо жери жок. Суу көп акканда жердин бетин жеп кеткен жерге окшоштуруп коркуп кеттим. Бар болгону жараттын орду жалтырап бүткөн.

— Бул эмне? — дедим мен андан.

— Бул согуш...— деди ал мага.

Айылга барганда Иван Спиридоновичке сөзсүз жолугам. Ал жылыга ооруканага жатып чыгат. Өткөн жылы Фрунзедеги ооруканадан барганында жолуккам. Ден соолугу тууралу кеп салганымда адатынча кейиштүү сүйлөгөн:

— Оңбогон согуштун кесепети. Бирин алдырсам, экинчи жагынан терини тешип сөөк оркоюп чыгып кетет. Кесип салалы дешет, согушта кестирбеген бутуму эми отуз жыл өткөндөн кийин кестиремби?..

Көкүрөгү орден-медалдарга толгон улгайган адамдарга карап туруп ушул окуяларды көз алдыма келтиргем. Анан дагы катарымдагы ветерандарга назар салгам. Жаш кылгырып, көкүрөк буулугуп. Айрымдар жүз аарчысы менен мөлт эткен жашын аарчып...

Мүнөттөр, сааттар, күндөр, жылдар... Беш жыл. Бир күн да эмес, бир жыл да эмес — беш жыл... Беш жыл өрт кечип, беш жыл ок аралап... Мүнөт сайын катар азайып, ар бир жолку чабуулдан кийин куралдаш досторунун сөөгүн жерге жашырып... командирлер жесир кал-

ган жаш жубайларга, жетим калган балдарга кара кагаз жазып... Аман-эсендигин билдирген куш тилиндей кат келээр бекен деп жол күтүп жүргөн кыздар...

Майдан көргөн баштагы жоокерлер үчүн мындан отуз жыл мурда болуп өткөн согуштун оту кайрадан алоолонуп — кайрадан бомба жарылып, ышкырып ок учуп, этек-жеңди жулмалап ажал асылгансыйт... Көз алдында окко учкан эң жакын адамынын акыркы көз карашы, ажал менен алышкан акыркы жандалбасы келет. «Өлбө, өлбө!» деп үнүнүн барынча кыйкырып, канкор фашисттерге наалат айтып, анан курман болгон досу үчүн өч алууга ызырынып баратканы элестейт...

...Ал күндөр өтүп кетти. Европаны каптаган фашизмдин кара сели кайра өзүн каптап, жер бетинен шыпырып салды... Бирок, ага чейин көп нерсени жалмап кетти. Шаарлар, айыл-кыштактар. Кемпир-чал, кыз-келин, бешиктен башы чыга элек балдар...

Миллиондор... 20.000 000 адам. Жесир калган, атасыз калган, бир туугансыз калган. 20.000 000 адам... 20.000 000 тагдыр... Алардын бир тобу мына бул кызыл граниттегилер...

Азимов Р.

Ананьев Н. Я.

Али-Назаров С.

Асаналиев Д.

Андан ары Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген 70 жоокердин ысмын окуйм. Кызыл гранитте алтын тамгалар менен жазылган жазуулар. Ага чейин Москваны коргоодо курман болгон Панфиловчу 28 баатырдын бешөөсүнүн бюсту.

Отуз жыл өткөнү менен жеңиш алып келген адамдар үчүн ошондогу апаат күндөрдүн залакасы дагы эле бүтө элек. Иван Спиридонович сымал, аман калгандардын денелеринде дале болсо согуштун тагы бар. Снаряддын күкүмдөрү, өмүрдү кыя албаган кызыл октун коргошуну дале болсо денелерде сакталып, эртели-кеч согуштун

залалын эстетип турат. Ал «белекти» ветерандар өздөрү менен ала кетишет.

Он гүлүнүн бири ачылбай кулунчактайында курман болушкан мына бул Баатырлардын ар биринин өздөрүнчө кыялдары, келечекке койгон максаттары болгон. Мына бул Тукубай Тайгараев. Туулуп-өскөн айылында эстелиги бар. Сузактагы ири чарба анын ысымына коюлган. Коомчулуктун билгени ушул. Мына ушул боз уландын кан майданга кетип баратып «Т» аттуу сүйгөн жалжалына кат жазганын, бирок анысын бото көзүнө бере албаганын, ал катты энеси өмүрүнүн акырына чейин жан адамга көрсөтпөй өтүп кеткенин уккам...

Ар кандай мүнөздөгү мына бул эр азаматтардын маңдайына баатырдык, калайык калктын эркиндигин, бактысын коргон калуу буюрган. Мына эми алардын эстеликтерин кызыл гүлдөр жайнатып турат. Алар мына ушул жайкалган гүлдү тебелеп-тепсеп, эгин берген, малга гүл азык берген ыйык жердин боорун тытып, өрт жалынга каптатып, канга боёгон канкор душманды түнөгүнө жеткирип талкалап, курман болушту. Атыр жыты аңкыган карт Ала-Тоонун койну кызыл-тазыл гүлгө жайнашы үчүн курман болушту. Улуу Жеңиштин 30 жылдыгына арналган салтанаттуу чогулушка жасаган КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары, Улуу Ата Мекендик согушка катышып ок кечкен Леонид Ильич Брежневдин докладында айтылгандай, «өлкөнүн алдындагы, партиянын алдындагы, тарыхтын алдындагы өз милдеттерин сыймык менен орундатышты...»

...Баатырларга эстеликтер. Алар да ар кандай. Ырда да, сахнада да, ташта да. Согуш жөнүндө ойлогонумда «Сактагыла тынчтыкты», «Бухенвальд чакырыгы» деген ырларды эстейм. Кулагыма жаңырыктай угулат. Канжанды дүркүрөтүп жиберет... Апаат кыргындын эмне экенин көрбөгөн, билбеген адам да калчылдап туруп угат... Мамаев коргондогу, Севастополдогу эстеликтер. Жаак эттериң түйүлүп, кайгылуу музыка баш сөөктө-

рүңү куушуруп чыгат. Анан арыда ажалды качырып караган көкүрөк булчуңдары карышкан жоокерлерге телмире карап, жүз аарчысын көзүнө баскан кишилер көзгө урунат. Қаңырыгың түтөп, көкүрөккө жек көрүү, наалат айтуу сезимин туудурган фашизмге наалат айтып, тунжурайсың. Таазим кылып, гүл коёсуң. Бул сен үчүн парс. Адамдык тирүүлүктүн кыйын милдети. Анткени, сен тигил эстеликке каткандардын урпагысың.

Согуш курмандарына арналган эстеликтер бардык жерде бар. Чоң-кичине айылдын баарында бар. Мына эми Фрунзеде, Жаш Гвардия бульварында да. Күнүгө кайрылам ал жерге. Эртең менен ишке келатып, кечкисин үйгө кайтып баратып. Мага окшогондор өтө көп. Қарылар да, жаштар да. Алар тунжурап, таазим кылышат. Телмире карашат ташка каткан боз уландарга. Анан Жер-Эненин берген эң баалуу белегин — гүлдөрдү коюшат. Келген-кеткен адамдын эсебине жетүү кыйын. Алар көп...

Көптүн катарында мен да эстеликке таазим кылам.

*1975-жыл, май.*

## ЭСТЕН КЕТКИС ЮБИЛЕЙЛИК ОКТЯБРЫМ

Ар бир адамдын ыйык туткан жери болот. Ал аны баарынан артык көрөт. Коодзугу, адамдын жан дүйнөсүнө ырахат берүүсү жагынан андан ашып түшкөн жерлер болсо да ал жакка барбайт, өзүнүн «Мен үчүн ыйык» деген жерине келет. Мына ошол ыйык санаган жерине келип, өзүнүн турмушундагы эстен чыккыс не бир укмуш күндөрүн эскерип, кубанчын, эртеңки келечегин ортого салып сырдашат. Башка адамга угулбаган, таптакыр туюлбаган диалог жүрөт экөөнүн ортосунда.

Адатта андай жер жалгыз гана бир адам эмес, бүт-

күл коомчулуктун кастарлаган жайы болот. Бүткүл ой-максатын, мүдөөсүн Мекенге арнаган адамдар бүткүл коомчулуктун кубанчына күбө болгон жерге келишет. Күндүн өтүмүнө жараша бирөөлөр эрте келсе, бирөөлөр кечирээк келет. Бирок, келет. Биринин артынан экинчиси ээрчип, ыйык жерди аралап, кечээ жакында эле болуп өткөнсүгөн окуяларды көз алдыга тутуп, ошондогу кубанычы менен кайрадан жолугушуп, рахаттануусун жаңыртат.

Андай жерлер күн сайын жаңыланып, жашарып бараткан менин кооз шаарым Фрунзеде көп. Ар бир бурчунда бар. Таттуу мөмөсүн адамдарга тартуулап, тамшандырган баба дыйкан сымал, өздөрүнүн акыл эмгеги менен адамдардын ички жан дүйнөсүнө жылт эткен жаңы ой тутантып, рухий байлыгын арттырган акын-жазуучулар жана жалпы эле шаар калкы үчүн жылдын төрт мезгилинде да Дзержинский бульвары бөтөнчө сүйкүм болсо, турмуш нурданып, көздөн максат учкан жаштык кезде жолугушкан кыз-жигитке жана жаштарга Жаш гвардия бульвары да сүйкүм.

Турмуш өзгөргөн сайын эскилер улам жаңыланып, алардын ордуна көпчүлүктү суктандырган жаңылар өсө берет тура. Мына, мен азыр жаңыдан гана жасалган, калаамдын как ортосунан заңкайып, алда кайдан жалтырап көтөрүлгөн Достук монументинин жанындагы Достук аллеясын аралап жүрөм. Мени бул жерге эч ким чакырган да жок. Жөн гана өзүм келдим. Жүрөгүм жетелеп келди. Түндө жатарда, анан эртең менен эрте ишке жөнөп жатып «сөзсүз барам» деп өзүмө убада бергем.

Мына, мен кызыл кум төгүлгөн аллеяны аралап жай басып келем. Шашпаймын. Мына ушул азыр эле болгонсуган а бирок, мындан бир жума мурда болуп өткөн окуя көз алдыма келет.

Республикамдын жана өзүм мүчө. болгон Компартиямдын элүү жылдык алтын тоюн көз жеткис кең Ме-

кендин түрдүү булуң-бурчтарынан келишкен меймандар Достук аллеясын ачып, ага бак-дарак отургузуу менен башташты. Мына, а дарактар тамыр алып, кадимкидей өсүп калыптыр. Достук аллеясына дарактарды Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгынын урматына бир тууган союздук республикалардын жана баатыр-шаарлар Москва менен Ленинграддын делегациялары орнотушкан. «Ноябрь 1974-жыл» деген жазуу жазылган кызыл граниттин жанында жапжашыл балаты өсөт. Көз уялткан жалтырак металлда мындай жазуу бар: «Тянь-Шандын арчасы. КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары жолдош Л. И. Брежневдин атынан отургузулду».

Юбилейге келишкен ар бир союздук республиканын делегация башчылары ар түрдүү кооз деген дарактын көчөттөрүн олтургузушкан. Менин республикамдын бүгүнкү бакыт-таалайынын эшигин ачкан улуу орус элинин өкүлдөрү өздөрүнүн сүйүктүү сулуу дарагын — ак кайындын көчөтүн олтургузушту. Мезгилди көз алдымда артка калтырып, дагы элүү жылдан кийинкини элестетем. Республикам — элүү жылдык юбилейинде тигилген «Достук аллеясы» Кыргызстанымдын жүз жылдыгында кандай болоор экен... Оо! Түрдүү дарак тегиз өсүп шуудурап... Он беш бир тууганда заңкайып, он беш кыздын чачпагындай бутактары ийилип шуудурап...

Аман болсок ошол күндү да көрөбүз. Ошондо дагы бир жердин көркүн ачып дагы бир «Достуктун аллеясын» ачабыз.

Аллеядан кетип баратып, кылчайып артыма кайрылам. Кандай кооз, кандай жарашыктуу. Улам жашарып, улам жаңыланып бараткан республикамдын борборун баштагыдан да кооз, баштагыдан да жарашыктуу кылып салбадыбы!

Карасаң... Өткөн жылы бош жатпады беле. А андан мурдачы. Бир кабаттуу жепирейген тамдар бар эмес беле? Алардын элеси гана калды көзүмдө.

Жок жерден бар жаралат деген ушул го... Чындыгында эле элүү жылдын ичинде ээ болгон республикамдын бүгүнкү залкар ийгиликтери, дүйнөнү суктандырган албан-албан жеңиштери жок жерден жаралбадыбы? Мына бул мен бараткан тептегиз асфальт жолдон жарым кылымдын ичинде ээ болгон ийгиликтерин даңазалап, бир кишидей кадам шилтеп шатыра-шатман өткөн жердештеримдин дабышы угулат, элүү жыл бою элимдин ушул азыркы жеңиш-ийгилигине жетекчилик кылып, жол көрсөтүп келген Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин заңгыраган ап-апакай имаратынын дубалдарынан ураалаган үндөр жаңырат. Элүү жылдын ичинде көп эле парад, демонстрациялар болду. Бирок өткөн парадды сүрөттөөгө сөз жетпейт. Менин республикам өзүнүн элүү жылынын ичинде караңгылыктан теңдикке, кастыктан достукка, билимсиздиктен окумуштуулукка, алсыздыктан баатырдыкка жетишкенин көрсөттү. Ар бир прогрессивдүү адам, улут, өлкө үчүн керек болгон мына ушул өсүшкө алып келген Советтер Союзунун Коммунисттик партиясына, жарым кылымдын ичиндеги элимдин кубаныч-кайгысына тең ортоктош болгон бир тууган өлкөмдүн элдеринин бир туугандык интернационалдык достугуна миң мертебе ыраазы болгондугун билдирип, чын жүрөктөн чыккан алкышын айтты.

Кечинде ал парад Москвадан телевизор аркылуу көрсөтүлдү. Менин республикамдын майрамын кең Мекенимдин алыскы булуң-бурчтарындагы ар бир боордошум көрдү. Уруу-уруу болуп жааттащып чабышкан, союл, ийри кылычтан башка куралы болбогон баштагы көчмөн элдин элүү жылдын ичинде Мекенин ар кандай душмандан коргоого жөндөмдүү аскердик күчтүү куралга ээ болгонун, кара жерди каңтарып, мамлекеттин кампасын толтурууга үлүшүн кошуп, дыйканчылыктын жогорку түшүмүнө ээ болуп, карт Ала-Тоонун койнун күтүрөгөн төрт түлүк малга толтуруп, тынчтык эмгекте

эмгектенип жатышкан Социалисттик Эмгектин Баатырларын көрүштү...

Буга сыймыктануу гана керек. Менин бүгүнкү кубанчым, бүгүнкү ырахаттануум ушундан улам.

Жакшы үйдө күнүгө той деген сөз бар элимде. Ал менин үйүм. Менин үйүм — Советтер Союзу. Эртең менин үйүмдө чоң майрам. Республикамдын 50 жылдык салтанаттарынын ачкычын карматкан Улуу Октябрдын жеңиш Күнүнүн майрамы. Октябрдын жеңиши болбосо менин республикамдын алтын тою эч качан болмок эмес. Бул тарыхый чындык. Жеңиштүү Октябрь болгон үчүн менин республикам майрамдады. Ал бүгүн да майрамдайт. Азыр мен бараткан өкмөт аянтчасынан менин азыркы кубанычымды, мына бул так төбөмөн жаркырап турган күнүмдү күндүр-түндүр душмандан коргоп турган СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн жоокерлеринин параде болот. Алардын артынан аянтты жаңыртып, ураалап жар салып шаардаштарымдын катарында мен да өтөм демонстрациядан. Колумда сөзсүз кызыл туу желбирейт. Аны мен баарынан артык көрөм. Жер шарынын мүлдө чокусунда көтөрүп бараткансыймын аны.

Тууну желбиретип бараткан кыялымда аянттан ары басам. Адегенде эле айтпадымбы, «ар бир адамдын ыйык санаган жери болот» деп. «Токтогул атындагы» аянт да республикамдын элүү жылдык юбилейинде жаралды. Мына эми, акын Током азыр ырдап жиберчүдөй комузун колуна алып олтурат. Кызыл граниттен чегилген эстеликтин бетинде «Токтогул» деген жазуу бар. Колундагы комузун күүгө салып, ушул бүгүнкү калың элинин кубанычына жетине албай сүйүнүп ырдап жиберчүдөй туюлат. Маңдайындагы элине суктанып «булбул» калыбынан жазбайт.

— Кантсе да бактылуу акын экенсиз го, Токо. Элиңиз сизди унутпай майрамынан мурда Сиздин жандуу элесиңизди тургузду. Минтип, өзүңүздү көрбөгөн мага

окшогон жигиттер эстелигиңизге келип, гүл коюп жатышат,— дейм ичимен.

Анан кайрадан артыма — Өкмөт аянтчасына кайрылам. Эмнегедир ал аянттагы салтанатты көпкө унутчудай эмесмин. Унутпаймын го. Кантип унутат адам андай күндөрдү. Бет маңдайыман ар кайсы улуттагы, ар кандай курактагы адамдар жолугат.

Элүү жылдын ичиндеги достук бизди ушуга жеткирди, ушуга ээ кылды. Бул ынтымак, бактылуу турмуш күн өткөн сайын бекемделип, жакшырып келатпайбы. Буга жеткирген Улуу Октябрдын жеңишине миң мертебе ырахмат.

Мен Улуу Октябрдын салтанаты өтчү өкмөт аянтчасына жакындап келатам. Кызыл туулар. Ураандар. Майрамдын артынан майрамдын келиши кандай жакшы.

*1974-жыл, ноябрь.*

## ЖЫЛДЫЗДУУ ЖАШТЫГЫМ

Мезгилдин өтүшү көкүрөккө сыйбаган салтанат-кубанычтардын учурунда гана билинет тура. Адамдар маңдай жарылчу салтанат-жолугушуулардын аземинде өткөн күндөрүн көз алдынан чууртуп, кубаныч кайгыларына шериктеш болгон курбу-курдаштарын эскеришет тура.

Жарым кылым мурда... Качандыр бир мезгилде тартылган, убакыттын закымдашынан улам саргайган сүрөттү көргөнүм эсимде. Тарыхый сүрөт. Ошол учурду, ошол кездин жалындуу жаштарынын элесин калтырган сүрөт. Ысымдары республикамдын аймагынан тышкары кеңири таркаган белгилүү адамдардын — жыйырманчы жылдардын комсомолецтеринин чакан тобу. Кийингендери да жупуну. Бири жамбаштап, бири отуруп,

бир тобу туруп сүрөткө түшкөн жаштардын сүрөтүнөн улам жаштык эске түшөт.

...Анда алар аз эле. Миң тогуз жүз жыйырма бешинчи жылы алар аз эле. Бүгүнкүдөй эмес эле. Республиканын комсомолунун тарыхы буга күбө: партиялык уюмдардын жетекчилиги астында 1918—1919-жылдары Кызыл-Кыя, Сүлүктү кендеринде, Пишпек, Токмок, Пржевальскиде комсомолдук уюмдар уюшулган. Миң тогуз жүз жыйырманчы жылдары Жалал-Абад, Нарын шаарларында уюшулган. 1925-жылдын 21-майынан — 7-июнуна чейин Кыргызстан комсомолунун биринчи учредителдик съезди болгон. 1925-жылдын аягында комсомол уюмдарынын саны 305ке жетип, 9507 комсомолец болгон.

Ажалдан кайра тартпаган жаш жүрөктөр... Сен да көз ирмемге элестетчи. «Окуу, окуу жана окуу» деген улуу көсөмү Лениндин осуяттарын калайык-журтка тараткан эр азаматтар. Өздөрү билимдин тереңине ээ болбой жатып, «А» деген арипти билбеген карапайым караңгы адамдардын көзүн ачып, биринчи жолу «Ленин» деген жазууну жаздырган адамдар келет көз алдыңа бадырайып...

Алоолонгон жалындын арасындагы Уркуя келет маңдайыңа... Колуна китеп кармаган, Ленин дүйнөдөн кайтканда шолоктоп ыйлаган Дүйшөн мугалимдин элеси келет бадырайып... Гитлердик фашизмдин апаат кыргынынан ата-журтту коргоп курман болгон Дүйшөнкул келет, Чолпонбай келет. Комсомолдук кызматкер Кубат келет. Тукубай келет күлмүңдөп...

Мына ушул бүгүнкү жаркыраган турмуш үчүн кан төгүлгөн кармашууларда ураалап туу көтөрүп, курман болушкан. Мекендин баатыр уулдары Улуу Жеңиштин отуз жылдык салтанатына даярданууда «кайрадан орундарынан турушуп», жетимиш бешинчи жылдын комсомолецтеринин катарына «кошулушту». Улуу агаларынын баатырдык иштерин ыйык кастарлап урматташкан

өлкөнүн комсомолец жаштарынын ураанына кошулуп, республиканын өнөр жай ишканаларынын комосолдук-жаштар коллективдери өздөрү жана согушта курман болушкан баатырлар үчүн да эмгектеништи. Согуштагы баатырдык эмгектик баатырдык менен жаңыланды. Баатырлардын саны көбөйдү.

Эмгек баатырлары. Бүгүн биз мына ушул адамдар жөнүндө көбүрөөк сөз козгойбуз. Анын да жөнү бар. Анткени, баатырдык иш эч качан унутулбайт, жерде калбайт. Бүгүнкү эрдик — өткөндөгү баатырдыктын уландысы.

Баатырлардын тарбиясын жаштар алышат. Эжени көрүп сиңди өсөт дегендей, баатырдын тарбиясын алып баатыр чыгат.. Бул чындык — баатыр менен чогуу иштешкен коллективде сөзсүз ийгилик жаралат. Анткен себеби, Баатыр өзүнүн тажрыйбасын жаштарга үйрөткөнү зор иш.

Социалисттик Эмгекин Баатыры Өлмөскан Атабекованын ысмын кимдер гана билбейт. СССР Жогорку Советине, республиканын Жогорку Советине депутат болгон Ош областынын Ленин районундагы Фрунзе атындагы колхоздун председатели быйыл да Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланды. «Ак алтындын» түшүмүн жыл сайын жогорулатып келаткан мына ушул чарбанын жетекчисинин бир жолку аңгемеси али да эсимде.

«...Миң тогуз жүз отуз тогузунчу жыл эле. Өлкөбүздүн борборунда биринчи жолу эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук биринчи көргөзмөсү ачылды. Ага Мекенибиздин бардык булуң-бурчтарынан атактуу адамдар топтолушту. Кыргызстандын өкүлдөрүнүн арасында мен да бармын. Кол менен пахта терүүдө мыкты ийгиликке жетишкендигим үчүн бул укукка ээ болгом. Чарбанын ишине жаңыдан аралаша баштаган кичинекей кызмын. Жаш кыз бул жакта эмне кылып жүрөт,

чоң шаарда адашып кетпесин дешип, колуман жетелеп алышат.

Андан бери Москвага нечен жолу бардым. Эсептеп болбойт. Бирок, ошондогу окуям али да эсимен кетпейт».

Ошондогу эселек кыз мына эми чарба башкарып, өлкөгө кеңири таанылган адам болуп, пахтачылык боюнча арттырган өзүнүн бай тажрыйбасын жаш кыздарга үйрөтүп жатат. Анын тарбиясын алган Асылкан Акматова 1974-жылы ВЛКСМдин XVII съездине катышып, Москваны биринчи жолу көрүп келди. Ал колхоздо уюшулган алгачкы «16 кыз» комсомолдук-жаштар бригадасынын жетекчиси. «16 кыз» колхоздогу жалгыз бригада эмес. Алардын саны жыл сайын өсүүдө.

Жылдыздуу жаштык. Айыл аралап, алыскы сапарга чыкканымда дайыма ушуну эстейм. Мунун жөнү бар. Анткени, жогоруда айтылгандай, республикамдын ар кайсы булуң-бурчтарынан «Чолпон», «Үркөр» деп аталган комсомолдук-жаштар бригадаларынын саны улам көбөйүүдө. Бул бекеринен эмес, бүгүнкү бейкут турмушта төрөлүп, заманынын тарбиясына жараша таалим алышкан жаштар партиянын аталык камкордугуна иш менен жооп берип, кичинекей болсо да жараткан ийгиликтери көктөгү балбылдаган жылдыздардай көпчүлүккө таанылса дешет. Мекен алдында эмгек көрсөтсөк деген алардын максаттары бийик...

50 жыл ушул максат менен жашап, партия менен элдин ар бир жолку тапшырмасын абийирдүүлүк менен аткарып келген республиканын комсомолу өзүнүн жарым кылымдык юбилейин майрамдады. Эмгек Кызыл Туу орденин өз туусуна таккан карт Ала-Тоонун комсомолунун алтын тою менен куттуктап, достору менен курдаштарынын маңдай жарган кубанычтарына ортоктош болуп, бир боор Мекенимдин булуң-бурчунан ондогон жаштар келишти.

Бүткүл совет эли — достуктун эли деп айтылган таа-

май сөз дагы бир жолу ырасталды. Бул сапар да өзбектер «достлик», азербайжандар «достлуг», тажиктер «дусти», түркмөндөр «достлук», башкырлар «дуслык», чуваштар «тусылх» деп кучак жайып келишти. 50 жылдан бери келаткан аталарынын, апаларынын, ага-эжелеринин ыйык туткан достугун жаштар да кастарлап, түбөлүк сактарын далилдешти.

Бир жумага жакын созулган күндөр... Саналуу гана, өмүр өткүчө эстен чыккыс болуп көкүрөккө каткан таасирлер. Бул сезим айрыкча улуу муундагылар үчүн башкача болду. Салтанаттуу юбилейдин катышуучуларынын «Лениндин ишинен тайбайбыс, партиянын ар кандай чакырыктарына даяр турабыз, өзүбүздүн жаштык жалыныбызды Лениндин өлбөс-өчпөс ишине, Коммунисттик партиянын ишине арноого ант беребиз!» деп шаарды жаңырткан үндөрүн жыйырманчы, отузунчу жылдардын комсомолецтери, Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу кармашууларында ажал менен беттешип, эркиндик менен теңдикти коргоп, азыркы салтанаттын тагдырын чечкен ветерандар тулку боюн титиреткен кубанычтарын жашыра албай, көздөрүнө жаш алышты. Көкүрөк сезимди туйлатып, карыган көздөн жаш чыгарган улуу муундардын ушул турушунда жаштарга болгон аталык ыраазылык, сыймыктануу бар. Бүткүл өмүрүн, ой-мүдөөсүн ушул салтанат үчүн арнаган адамга мындан артык кубаныч, мындан артык бакыт жок.

Жылдыздуу жаштыгым. Ал ырыс-таалайга, ынтымак-ырахатка бөлөнгөн. Аталар менен агалар суктанган бүгүнкү жаштарга мен да сыймыктанам. Ленин түзгөн жаштар союзунун канат-бутактарынын бири болгон Кыргызстан комсомолу азыр чоң күч. Жаш илимпоз, жаш депутат, жаш куруучу, жаш чабан. Комсомол иштебеген, комсомол катышпаган бир да тармак жок. Баарында бар. Бардык иште күнөстүү республикамдын жаштыгы өз демилгесин, өз үнүн даңазалоодо.

Күн сайын жашарып, күн сайын көрктөнүп бараткан

кооз шаарымдын так борборуна орношкон республикалык комсомол штабынын көп кабаттуу имаратына юбилейден кийин бир башкача сезим менен карайм. Азыр анын туусунда өкмөттүк жогорку сыйлык — Эмгек Кызыл Туу ордени жаркырайт.

Өкмөттүк жогорку сыйлыкка эпкиндүү эмгек менен жооп кайтарып, бүгүнкү бактылуу турмушту дагы нурдантып, дагы жашартыш үчүн өзүбүздүн жаштык жалыныбызды, кайратыбызды аябайбыз. Партиянын ишенимине күжүрмөн эмгегибиз менен жооп беребиз.

Биздин бүгүнкү жылдыздуу жаштыгыбыздын негизги мааниси да ушул.

*1975-жыл, ноябрь.*

## УЧУУ ТИЛКЕСИ

Өзгөрүлбөгөн, бир орунда турган эч нерсе жок. Баары өзгөрөт, баары өтөт Мезгил өтөт эркке баш ийбей, эскинин ордун жаңы басат.

Учкул кыялды чындыкка чыгарган самолет эмес беле. Өз оюмда башка эскирсе да самолет эскирбейт деп ойлочумун. Көрсө жаңылган экем. Ал да эскирет экен, жаңыланат экен. Анын да жаңылары жаралат экен. Улам бири келсе, улам экинчиси асманга көтөрүлүп, тээ көк асмандын бир бурчунан чекитке айланган самолетторго карап туруп ушул ойго келем. Көп деле эмес, бар болгону беш-алты жылдын ичиндеги өзгөрүүгө таңыркай түшөм. Анда атактуу конструктор Илюшиндин самолеттору жайнап турчу эмес беле. Кичине самолеттор-го адам аз батат. Бирок ошентсе да көп эле. Ошол майда самолеттордун ордуна калдайган, узун шуштугуй тумшук «ТУ»лар менен учуп-конгонун билгизбеген «ЯК»тардын келерин ойлобоптурмун. Мына эми адамды да көп ташып, ылдамдыгын да тездетип, техникалык төңкөрүштүн күбөсү болот жаңы самолеттор.

Жаңыга карап отуруп эскини эстейбиз, салыштырып артыкчылыгын табабыз. Жаңы менен эскини көз алдыга тутуп, өзгөрүүнүн, өсүүнүн күбөсү болгонубузду сезебиз. Мына бул кыргыздын пейилиндей кенен, чалкыган даркан талаанын тили болсо көп нерсени айтмак. Тээтиги кырка тоолордун көзү болсо көп нерсени көрмөк. Кылымдардан бери ээн жаткан талааны жаңыртып мындан алты-жети жыл мурда кубаттуу тракторлор менен автогрейдерлер, шагыл, цемент ташыган калдайган автосамосвалдар келген. Жердин бети тептегиз. Анын катмарында нелердин жатканын билүү кыйын. Бирок ошол жылдары калдайган экскаваторлор тонналаган шагылды автосамосвалдарга жүктөп, анан алар кайдадыр алыс жакка ташып, азыркы самолет кончу талаа чаң ызгып жаткан.

Адатта ата-бабаларыбыз күтүрөгөн малга ылайыктап жайыт издеп, аркырап соккон тоо желин искегенге жакшы деп боз өргөгө ачык жайык дөңсөөнү тандашчу экен. Баары айкөл болсо, баары тоо желиндей таза болсо деп тилеп, купулуна толтурган байыркы ата-бабаларыбыздан калган ушул жердин жаңырыгы ошондо башталган. Мына бул ээн талаада биринчи жолу калың бетон төшөлгөн тасмадай тилке ошондо пайда болгон. Ал 1974-жыл эле. Ооба, күнөстүү Кыргызстаным өзүнүн элүү жылдык алтын тоюн тойлогон жыл эле. «Советтик Кыргызстандын борборунун дарбазасы — жаңы аэропорт... Эгер биз алыстан жол арытып келген азиз мейманыбыздын атынын жалынан кармап, колтугунан алып «Куш келипсиз Манастын жерине» деп ак өргөдөн чыгып тосуп алсак, эми ушул эле сөз менен меймандарыбызды самолеттун тарабынан тосуп алабыз» деп Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов «Известия» газетасына жазып чыкты. Мына ошондо «Манас» аэропорту эң биринчи самолетту кабыл алган. Мына ошондо жаңы аэропорт бир укмуштай шаңданган. Ал кубаныч,

шаттык-күлкү бүтүндөй кыргыздын кубанчы-сүйүнүчү эле. Республиканын эмгекчилеринин элүү жылдык тоюн тең бөлүшкөнү боордош республикалардан, Баатыр шаарлардан өкүлдөр келишти. Ошондогу жүрөк толкуткан күндөр көпкө чейин эстен кетпейт.

Күнөстүү Кыргызстандын борбор шаарынын калкы андан кийин экинчи бир кубанычтуу окуяны белгиледи. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгын майрамдашты. Бул сапар КПСС Борбордук Комитетинин саясий бюросунун мүчөсү, КПСС Борбордук Комитетинин секретары К. У. Черненко жашыл шаарымдын туусуна Эмгек Кызыл Туу орденин тагып кетти.

Бул окуя өкөн жылы эле болду. Мына ошентип, бактылуу элим көңүл эргитип, сыймыкка бөлөр салтанаттардын күбөсү болуп келет.

Күбө. Ал ар бир тармакта бар. Айрыкча маданият жагынан күбө болчу көп окуяларды баштан өткөрүп келатабыз. Биздин ар бир күнүбүз кылымга тете келчү дастан го. Азыр биз — башта үч уктаса түшкө кирбеген бактылуу үй-бүлөнүн бир бутагыбыз. Ооба, дилибиз да, тилибиз да жуурулушкан бир түтүн үй-бүлөнүн мүчөсүбүз. Өзүбүздүн тилибиз, маданиятыбыз, илим-билимибиз менен дайыма сыймыктанабыз. Улам жаңыланып, улам кулпуруп жашап келебиз. Бул кургак сөз эмес — чындык, бүгүнкү турмуш чындыгы.

Москванын Домодедово, Внуково, Шереметьево аэропортторунан түмөндөгөн эл кышын-жайын азан-казан. Саат сайын миңдеген адам келип, миңдеген адам түмөндөгөн маршрутка учуп кетишет. Аэропорттор шаардан алда канча алыс, калың токойдун арасында. Самолеттун кулак тундурган үндөрү сүйүктүү борбор шаардын калкынын тынчын албайт. Бул биринчиси, экинчи аба да таза. Бул маданияттын бир түрү, калк үчүн көрүлгөн камкордук. Тилекке каршы бардык эле өлкөдө бул жагдай эске алына бербейт.

«Манас» аэропорту бул жагынан алганда да сукта-

нарлык. Төгөрөгү ачык, талаа. Сыдырым жел дайыма маңдайыңдан сылап, эркелетет. Алыста калдайган тоолордун чокулары. Тыптынч. Анан так төбөңдөн тийген күн нуру. Күн нуру... Адам баласына аба кандай керек болсо күн нурунун астында төрөлүп, күн нурунун астында эр жеткен азамат аны көрбөсө жарык дүйнө караңгыдай сезилет. Ал менин да башыман өткөн. Узак мезгилге командировкага барып кайтканым эсимде. Европанын эң кооз шаарларынын бири деп аталган ал шаар чындыгында эле кооз. Суктангандай эле бар. Бирок күндүн нуру эки-үч айлап таптакыр көрүнбөйт экен. Мына ошондо өмүрүмдө биринчи жолу күндүн нурунун баркын билдим. Сагынганымы айтпа, аны эч нерсе менен салыштырууга болбойт. Күнөстүү республикам, күнөстүү Кыргызстаным дегендин маанисин ошондо түшүнгөм. Анан самолеттун дөңгөлөгү да ушул «Манас» аэропортунун тилкесине тук этип урунуп, трапка бутумду койгонумда кыпкызыл күндүн нуру көзүмдү уялткан. Энеми көргөндөй сүйүнгөм ошондо. Эсимде, ооба азыр да эсимде.

Күндүн кызыл нурларын чачып мезгил өтөт. Анын ар бир күнү республиканын турмушуна жаңы-жаңы өзгөрүүлөрдү алып келет. Коммунизмдин сересине кол сермеген күжүрмөн элим улам жаңы жеңиштерди жаратып, досун сүйүнтүп, касын күйүнтүп келет. Досубуз көп сүйүнчүбүздү тең бөлүшкөн. Өзүнүн жигердүү эмгеги, чыгармачылык изденүүсү менен таанылган эр азаматтарыбыздын катары артып баратат. Алардын бири Ленининдик сыйлыктын лауреаты Тургунбай Садыков. Жашыл шаарымын борборуна орнотулган биринчи кыргыз аялынын эстелиги үчүн ага өлкөдөгү эң жогорку сыйлык ыйгарылганын журтчулук жакшы билет. Эми Советтик Кыргызстандын маданияты өзүнүн Ленин сыйлыгынын эки лауреаты — Чыңгыз Айтматов жана Тургунбай Садыков менен, ошондой эле Социалисттик Эмгектин Баатыры атактуу акын Аалы Токомбаев жана

жана башка мамлекеттик ар кандай сыйлыктарынын лауераттары менен сыймыктанат.

...Жайдын толук күнү. Күн бөтөнчө үп тартып, так төбөдөн тиет. Алды-артыңдан кыргыздын пейилиндей чалкыган даркан талаа. Тээ алыста-алыста кырка тизилген тоолордун чокулары. Жымырап тыптынч. Күндүн аптабына карабай анда-санда сыдырым жел жүрөт. Башта, мындан алты жыл мурда ушундай эле «Манас» аэропорту. Азыр башкача. Азыр эми учуу тилкесинен тээ четирээкте заңгыраган кош имарат бүткөн. Бири аэропорт жаңыдан ишке киришкенде эле бүткөрүлгөн. Экинчиси жаңы тургузулду. Кадимки «Манас» аэропортунун жүргүнчүлөрдү кабыл алып, узатуучу жайы. Үч кабаттуу жумурткадай апапак имараттын чатыры көзгө сүйкүм сулуу көрүнөт. «Куш келипсиз Манастын жерине!» деп тургансыйт, ар бир келген мейманды. Аэропорттун ички жасалгаланышы, коздолушу да адамды суктандырат. Кыргызстандын аймагынан табылып жаткан мрамор таштарды куруучулар өтө устаттык менен пайдаланышкан. Ачык, жарык, кенен залдар менен бөлмөлөр кыргыздын пейлин, ак дилин билдиргенсийт. Жасалгаланышы менен да, ажайып кооздугу менен да ар бир адамды суктандырат. Бул биздин архитекторлорубуз менен куруучуларыбыздын чыгармачылык эң зор ийгилиги. Өзүнчө бир жаңылык.

Бири-бирине катарлаша түшкөн кош имарат кең талааны көрккө чыгарат.

«Манастын» учуу тилкеси. Ал бекем, тегиз, таза. Тигине, самолет көккө көтөрүлүп, батышка багыт алды. Ал азыр эле ушул тилкеден көтөрүлдү. Ары жактагы Манастын өргөсүнөн көптөгөн адамдар учуп бараткан самолеттон көздөрүн алышпайт. Алар бул самолеттун артынан дагы башка самолеттун көтөрүлөрүн, анын артынан да бир нечеси келип конорун жакшы билишет, Ал күн кеч эмес, келет, сөзсүз келет. Азыркы самолеттордун ордуна башкалары келет, алардын сыйымдуу-

лугу, ылдамдыгы да азыркылардан көбүрөөк болот. Шашкалакташкан адамдар адаттарынча дале шашып, траптардан кол булгалашат. Жаңы келишкендер так төбөдөн тийген күн нуруна, бет алдыдан сыдырым соккон желге жүздөрүн тосуп, тоо бооруна тигилген ак өргөөдөй заңгыраган «Манас» аэропортуна суктана карашат. Ал болсо «Куш келипсиз Манастын жерине!!!» деп кучак жайып чакырат.

*1980-жыл, июнь.*

## ӨМҮР ЖАЗЫ

Баарынан өктөм, баарынан өжөр нерсе—мезгил. Андан өтөр, андан күчтүү сынчы да жок. Мезгил көрсөтөт, мезгилинде көрө жатабыз деген сөздүн мааниси да ушундан. Эч нерсеге баш ийбеген, кетилбеген мына ушул мезгилдин адам баласына берер көп нерсеси бар. Анын бир учуру адамдардын көкүрөгүнө салтанат, ырахат тартууласа, бир учуру сандаган адамдарды кайгымуңга, сар-санаага салып кетет. Бирок мезгил адамдардын анысы менен эсептешпейт, өтө берет. Мезгилди ээрчий адамдар да жашай берет.

Мезгил дегениң ар убак — жакшылыкта да, жамандыкта да өз милдетин аткарып келет, айтаар сөзүн айтып келет. Белгилүү бир, ал тургай чоң сыноодон өтүп келет. Акыр аягында аскадагы жаңырык сымал атылып чыгат. Аны эч күч баса албайт, майтара албайт.

Мезгилди аркалап жашаган ар бир адамдын өзүнө жараша досу болот, душманы болот. Досту да, душманды да мезгил сынайт. Сыноодон өткөн достук баарыдан бекем болот дешет. А бирок, бул эки сезим биринэкин адамдардын чөйрөсүндө эмес, бүтүндөй бир мамлекеттердин ортосунда болсочу. Муундан-муунга, кандан-канга өткөн кастык болсочу? Анда кантет мезгил. «Бөрү баласы ит болбойт» дегендей, касың менен кешиктеш болосуңбу, же кашык кагыштырасыңбы? Ал-

бетте, жүздөгөн жылдар өтсө да бир мезгилде кешиктеш эмес, кашыгын жалатууну ыраа көрбөгөн касыңа кашык берээрден мурда, өткөндөгүндү ойлойсуң. Антпеске айлаң жок. Ал сенин милдетиң. Сенин эртеңки күнүң, эртеңки келечегиң ушуну талап кылат. Мезгил талап кылат. Мезгил өктөм, мезгил өжөр деп ушуну айтат.

Бүгүн 1-Май. Дүйнө элинин тилектештигинин майрамы. Карапайым жумушчу, -колхозчунун, интеллигенциянын майрамы. Башта кыргыздар бул күндү белгилешкен эмес, андай күндүн бар экенин билишкен да эмес. Азыр эми 60 жолу майрамдап жатабыз. Ала-Тоого 1-Май 60 жолу келди.

Мезгил жана көз ирмем. Ал бир кубанганда, бир кайгырганда эске келет. Анткени, жакшылык менен жамандык деген нерсе бар жашоодо. Аны танууга болбойт. Мына азыр, кызыл-тазыл кийинип, желбиреген кызыл тууларды кылкылдата, шатыра-шатман бараткан бактылуу адамдардын жүздөрүнө карап туруп, өзүңчө ырахатка, чексиз сыймыктануу сезимине батасың. Эртең менен жазгы күндө жаңырып жаткан «Улуу Октябрга даңк!» деген ураандарга кошулуп, Ааламга жар салгың келет.

Чын дилиңден сүйүнөсүң. Кубанасың. Бүткүл сезимиң ойгонуп, бүткүл тулку боюң балкып кетет мындайда. Кандайдыр бир көз ирмемге өзүңдү токтотосуң. Акыл-сезимиң токтотот сени. Анан ушул бүткүл эл кубанып, бүткүл эл сайрандап жаткан күндүн эң алгачы күнүн бир азга болсо да эсиңе түшүрөсүң... Мен да эстейм аны. Жакында эле Ленидик сыйлыктын лауреаты, акын Константин Симоновдун «Правда» газетасына чыккан көлөмдүү макаласын окугам. Белгилүү акындын макаласы Октябрга арналган. Совет мамлекети кыйын кезең учурда турган мезгилиндеги америкалык дипломат сөрөйлөрдүн чындыкты бурмалаган ушак-айыңдарына арналган «Овермэндик комиссия» менен «Сибирдеги

жана Түндүк тараптагы граждандык согуш» деп аталган эки китептеги төгүнгө чыгарылгыс фактылар арадан алтымыш жыл өтсө да адамды кыжырлантпай, сыймыктантпай коё албайт. Ооба эки китепте бири-бирине жакындабаган чындык бар. Бирок экөөнө тең мүнөздүү жалпылык бар — ал дүйнөдөгү биринчи жолу жеңишке ээ болгон жумушчулар менен солдаттардын жана дыйкандардын өкмөтүн жек көрүү. Колдон келсе аны кулатуу, кылымдардан бери жашап келаткан капитализм дүйнөсүн дүрбөлөңгө салып, беймаза кылган «кызыл коммунисттердин» өлкөсүн муунтуп жок кылуу. «Эгер силер бизге жакшы куралданган элүү миң солдатты жардамга жибергениңерде большевиктер бийликтен алынмак». Американлык боордошторуна жан тартып, аларга кудайындай ишенип, бирок анысынан эч нерсе чыкпай өкүттө калгандардын биринин кейигендеги айткан сөзү ушундай болгон экен. Тагдырына паараазы болгон ал кишинин ар кандай ыплас, ушак-айыңдарын 1919-жылдагы жаш элчи, кийинчерээк советтер өлкөсүндөгү эң биринчи американлык элчи Альберт Рис Вильямстын китебиндеги мына бул жазуулар төгүнгө чыгарат:

«...Революция үй-бүлөлүк турмушту сактап калды. Аялдарды улутташтыруу жөнүндө айтылып жаткан ушак-айыңдар таптакыр жалган. Аялды урматтоо Россияда эч качан андай болгон эмес. Опера жана балет театрлары тынчтык күндөрүндөгүдөй эле иштеп жатат. Россиянын бардык булуң-бурчтарында жаңы мектептер ачылууда. Эл агартуу жагынан падыша өкмөтү элүү жыл мурда жасай албаган ишти Совет өкмөтү бир жарым жылда ишке киргизди. Опера жана балет театрлары мурдагысынан айырмаланып, агартуу комиссариатынын башкармасына баш ийип калган. Алар классиктерди жогору баалашат жана кары-жаш, аял-эркек дебей, жумушчулардын баардыгынын оюн көрүшүнө, чыгарманын ажайып коздугун түшүнө жана сезе билишине көз салышат».

Тиги, беймаза кинэчилге караганда Вильямстын бул айткандарында чындык бар. Ошентсе да америкалык элчинин бул айткандары дароо эле китеп болуп чыкпаптыр. Кийинчерээк, Советтик Россиянын жаралышы жөнүндөгү ызы-чуу басандап, башкаруучу төбөлдөр жаш Совет мамлекетин тааныгандан кийин жарык көрүптүр. Ишкер Америка, чыныгы демократиялуу Американын шукура жүзү ушундай...

Мындан жарым кылым мурда чуулгандуу кеп болуп, китепте калган мына ушул окуялар менен бүгүнкү турмушубуздун, бүгүнкү салтанатыбыздын ортосунда өткөн аралыкты бир сыйра көздөн өткөрүп көрөлүчү. Нелер гана болбоду бул мезгилде. Жок жерден барды жараткан күндөр. Алгачкы колхоз, алгачкы мектеп. Биринчи трактор, Биринчи институт, биринчи спутник. Ааламды дүңгүрөткөн укмуштуудай жаңылык — совет адамынын биринчи жолу космоско учушу. Мына ушулардын баары эң бай, эң күчтүү, ал тургай «ишкер Америка» деп аталган өлкөдө эмес, баштагы эң артта калган, билимсиз, илимсиз Советтер өлкөсүндө болду. Ооба, Совет өлкөсүнүн адамы учту биринчи болуп космоско. Элүү жыл мурда элүү миң солдатын жиберип, Совет бийлигин кулатпай калышканына өкүнгөн чоң чөнтөк капиталисттер жеңилбей калган, ачарчылыктан өлбөй калган өлкөнүн уулуна кол чапкылады...

Алар буга аргасыз. Ооба, аргасыз. Анткени алтымыш жылдын ичиндеги жетишкен залкар ийгиликтери, тынчтыкты сүйгөн саясаты менен совет эли дүйнө жүзүнүн бардык ак ниеттүү эмгекчилеринин сүймөнчүгүнө ээ болду. Совет адамдарынын турмушу, келечекке багытталган жаркыраган максаттары алар үчүн шам чырак, жол көрсөткөн маяк.

Мына бул демонстрацияга ким суктанбайт? Кана ким? Не бир укмуш адамдар булар. Алар Улуу Октябрды жаратқандардын тукуму. Кызыл Октябрдын туусун алып бараткандар. Ар кыл улуттагы, ар кыл кесиптеги,

ар кыл курактагы адамдар. Алар азыр бир адам. Ооба, бир адам. Бир адамдай чогуу кадам шилтеп, бир адамдай жаркын максат менен аянтты шаңдантып, аянтты гүлдөтүп өтүшөт.

Бүгүнкү бактылуу ата төрүм бул, таалайлуу Кыргызстаным бул. Шатыра-шатман бараткандардын арасында «Советтик Кыргызстанда жасалган» деген белги басылган түрдүү буюмдарды дүйнөнүн төрт тарабына тараткан жумушчулар, кыргыздын ак калпагын кийип, карт Ала-Тоонун шаңшыган комузун ааламдын көп мамлекеттеринин сахнасынан заңкылдаткан искусство чеберлери, илим-билимди өркүндөтүп жатышкан окумуштуулар, өмүр шамын жандырган ак халатчан врачтар бар. Алардын өнөрү, ысымдары бактылуу Мекенимин чегинен тышкары өлкөлөргө да кеңири белгилүү. Күнөстүү Кыргызстанымын ырыскы-таалайын арттырып, албан-албан эмгектери менен гүлдөтүп жаткан эр азаматтарга дүйнө элинин ак ниеттүү адамдары сыймыктанышат, суктанышат.

Мына ушул чоң салтанатта, бир сапта бараткандардын баары бир үй-бүлө. Ооба, бир үй-бүлө. Болгондо да ынтымактуу. Жакшылыкты да, жамандыкты да чогуу тосуп, чогуу узаткан бир боордош, бир максатташ адамдар. Бизге муну улуу Ленин үйрөткөн. Коммунисттик партия дал ушуга тарбиялаган.

Кыргыз эли 60 жылда мына ушуга жетишти, мына ушул салтанатка ээ болду. Бүгүнкү майрам улуу тойдун алдындагы майрам. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдык юбилейинин алдындагы майрам. Кызыл-тазыл желбиреген туулардан «КПССтин XXV съездинин чечимдерин иш жүзүнө ашырабыз!», «Беш жылдыкты мөөнөтүнөн мурда орундатабыз!», «Коммунисттик партияга даңк!» деген жазуулар жазылган. Ал көкүрөк сезимди билдирген жазуулар. Ар бир адам ушул максат менен жашап, ушул максат менен эмгектенүүдө. Ар бир майрамды эмгектеги залкар-зал-

кар ийгиликтер менен тосуп алуу — азыр эң сонун салтка айланган. Көкүрөгүн орден-медалдар менен жаркыраткан эмгек азаматтары, алардын соңунан келаткан жаш жумушчулар тилектештиктин жана бейкут эмгектин майрамы болгон 1-Майды өндүрүштүк албан-албан ийгиликтер менен майрамдашты. Алардын көбү мезгилден озуп эмгектенишкен эпкиндүүлөр. Айрыкча жаштардын жигери бөтөнчө. Коммунисттерден үлгү алып, Октябрь революциясынын күндөрүндөй эмгектенип жатышкан комсомолдук-жаштар коллективдеринин мүчөлөрү Октябрдын 60 жылдыгынын урматына 60 эпкиндүү жумалыкка турушуп, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине берүүчү Ленин комсомолунун Рапортуна кол коюу укугуна ээ болуу үчүн эки эселенген кайрат менен эмгектенишүүдө. Өздөрүнүн бүгүнкү жаркыраган келечегин тартуулаган Улуу Октябрга Кыргызстандын комсомолецтери кажыбас кайраттуу эрки менен жигердүү эмгегин арнашып жатышат.

Бул Улуу Октябрдын тарбиясы. 60 жылдын ичинде бактылуу Кыргызстандын комсомолу ушуга үйрөндү. Бир мезгилде америкалык капиталисттердин үрөйүн учурган Лениндин кызыл Октябрынын жемиши мына ушуну алып келди.

Көз жеткис бактылуу Мекенимин бир бурчу болгон күнөстүү Кыргызстанымда 60-жолу 1-Май майрамдалууда. Ал мага өмүр жазындай туюлат. Ооба, өмүр жазынын элесин берет. Бактылуу адамдын өмүрү гана дал ушундай жадырап-жайнап турат.

*1977-жыл, май.*

## МЕКЕНИМИН ТЕРЕЗЕЛЕРИНИН ЖАРЫГЫ ӨЧПӨЙТ

Куттуу төрүм. Куттуу дасторконум...

Ар бир учурдун, ар бир кырдаалдын өзүнө гана

мүнөздүү арноосу, адам баласынын өмүрүнө шаттык берчү жүрөк балкыткан кубаныч-ырахаты болот бейм. Бири экинчисине окшобогон ал мүнөттөрдүн ар бири тирүү жандын учкул сезимдерине гүлазык таап, тээ бир топ мезгилге чейин унутпай, ыйык нерсесиндей кастарлап, ошонун шаңы менен жашарып, шаңданып жашайт бейм. Бир үй-бүлөнүн чөйрөсүндө өткөн учкул кыялдардын жашаган күнгө, сүргөн доорго ыраазы болуп канааттануулар калган үйлөргө да, алыс-жакындагы айыл-калааларга да тарагандагы таасиричи. Жалгыз сен эмес, бүткүл өлкөң жашарып, көкүрөк сезимдерин жаңы эргүү, жаңы кубаныч-ырахаттар менен нурдантып, эртеңки күнүнө жаркын үмүттөрүн шоолалантып алат го.

Ушуну эңсешпеди беле, биздин урпактар. Алтымыш жылдан ашты го кубаныч-шаттыкты тең бөлүшүп жашаганыбызга. Ырыскы-таалайыбызды тең бөлүшүп келебиз жарым кылымдан бери. Муну көргөн да бар, көрбөгөн да бар. Жеткен да бар, жетпеген да бар. Ошого жетсек деп зар какшагандар канча.

Элинин бейкутчулугун, бакты-таалайын, ырыс-кешиктүү болушун каалаган адамга мындан артык эч нерсе жок.

Ильич нуру төгүлгөн кутту үйүмөн түнкү калаама көз чаптырам. Калаамдын асманы гана түн. Калаам өзү кут жамынган. Жымыңдаган Ильич нурларына бөлөнүп, күндүзгүдөй жарык. Бөтөнчө бүгүн башкача. Адатта, түн бир оокум болгондо өчүрүлүүчү үйлөрдүн терезелери бүгүн жарык. Бүгүн ал терезелердин жарыгы өчпөйт. Жалгыз гана менин сүйүктүү калаам эмес, кең Мекенимин терезелеринин жарыгы өчпөйт. Кең Мекеним жаңы жылды тосот.

Куттуу үйүм. Куттуу дасторконум. Ал жалгыз гана менин үйүм эмес, менин гана дасторконум эмес. Кең Мекенимин айыл-калааларындагы ар бир үй куттуу, дасторкону куттуу. Жымыңдаган электр нуруна киринип

жаткан түнкү ажайып калаама карап туруп, ушуларды туям. Мына бул түнкү караңгылыкты жара, жыл ичиндеги нечен-нечен майрам-тойлорубузга шаң берип, нечен ирет салюттар атылбадыбы. Караңгы асмандын бир бурчун не бир укмуш ажайып кооздукка бөлөгөн салюттар бир бизде эмес, кең Мекенимин ар бир бурчунан атылды. Ал салюттардын жарыгы ар бир жолу атылган сайын так секире ураалап түндү жаңыртышкан балдардын балбылдаган каректеринде калды.

Ильич нуруна бөлөнгөн куттуу үйүмүн дасторконунда урматтуу меймандарым. Кубанчымы да, турмушта болуучу кайгы-муңуму да тең бөлүшчү кыйышпас досторум олтурушат. Куттуу дасторконум бүгүн аларга төгүлүп-чачылган. Өткөн жыл тартуулаган бардык дүрдүнүйөнүн акыркы кешиктери төгүлгөн. Куттуу дасторконумун көркүн чыгарган бул берекеде кимдердин гана маңдай тери жок. Баарынан да ыйык деп эсептелген мына бул былкылдап бышкан жумшак нанда, булоосу чыгып эзиле бышкан мына бул семиз этте, дасторкондун көркүн ачкан ар түрдүү шириндиктерде кышын-жайын талбай иштеген карылуу дыйкандардын, түн уйкусунан безип, кышкы аяздуу чилдеге, жазындагы нөшөрлүү жамгырга чыдаган кайраттуу малчы-чабандардын эмгеги бар. Алардын эмгегин кастарлап, күкүмүн жерге түшүрбөй пайдалана, күндүр-түндүр завод-фабрикаларда эмгек эткен жумушчулардын үлүшү бар. Боюбузга төп келише куюлган жарашыктуу кийимдерибизде кайратман пахтакерлердин, колу алтын уздардын эмгеги бар.

Куттуу дасторконумун мартабасын көтөрүп, коёрго жер таппаган мына ушул байлык, бири-бирибизге суктанта караткан жарашыктуу кийимдердин баары жалгыз гана бир адамдын колунан жаралган эмес. Ал менин республикамын, көз жеткис Мекенимин кайратман эмгекчилеринин иши. Бүгүн алардын ар биринин куттуу үйлөрү нурга бөлөнүп, ырыс-дөөлөткө толуп турган

кези. Жердин түпкүрүн аңтарып алтын, күмүш, көмүр алган кенчилер, тээ калың катмарлардан нефть тарткандар, алысты жакын кылып кең Мекенимин таза абасында калкып учкан учкучтар, деги койчу биздин бүгүнкү куттуу тоюбуздун берекесин жаратууга салым кошкондордун ар биринин төрүндө той.

Биз азыр кош айтышып, узатып жаткан тарыхый жылдын, ар бир совет адамынын алдына коммунизмди куруунун залкар-залкар милдеттерди тагып, даңгыр жолго салган партиянын XXV съезди болгон жылдын жемиши. Куттуу дасторконума албан-албан азыктар менен жемиштерге карап олтуруп, партиянын бул тарыхый жыйынынын тапшырмалары менен милдеттерин турмушка ашыруудагы сүйүктүү республикамын кайратман эмгекчилеринин залкар жеңиштерине таазим кылам. Адам катары алардын колунан даам татып, үй-бүлөнү багып жаткан ата катары таазим этем. Мекен алдындагы берген убадаларын аткаруудагы, онунчу беш жылдыктын биринчи жылынын планын орундатуудагы дыйкандарыбыздын жеңишине чын жүрөктөн ыраазы болуп жазган партиябыздын Борбордук Комитетинин Генеральный секретары жолдош Леонид Ильич Брежневдин каты кантип унутулсун. Досторубуздун көрүнүктүү ишмери катары бүткүл өлкөнүн ак ниеттүү адамдары тарабынан жогору бааланган жетекчибиздин бул Каты республикабыздын кары-жашына жаңы дем, жаңы күч кошуп, дагы мыкты эмгектенүүгө шыктандырганын кантип айтпай коюуга болот. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин октябрь Пленумунун чечимдерине жана анда чыгып сүйлөгөн жолдош Л. И. Брежневдин сөзүнө жооп кылып, бүгүн төрөлүүчү жылга — Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдык юбилейине карата кабыл алган республиканын атактуу чабандарынын зор тобунун жаңы милдеттенмелери мунун күбөсү го. И. Осмонкулов, Т. Айдаров, К. Жунушов, Т. Акматов баш болгон

тажрыйбалуу устат чабандардын онунчу беш жылдыктын пландарын төрт жылда орундатуу жөнүндөгү баатырдык демилгелери Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети тарабынан жактырылганы коомчулукка кеңири белгилүү болду. Устат чабандардын бул саамалыктарын кубатташкан комсомолец чабандар бул күндөрү аны бир добуштан колдоого алышып, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Мамбет Тынаев атындагы байгеге ээ болуу үчүн ат салышууда.

Октябрдын 60 жылдыгы. Ал республикабыздын миңдеген улан-кыздары, комсомолецтери үчүн эчак эле башталган. Ар кандай улуу майрамдарга албан-албан эмгектик белектерди тартуулоону адатка айландырган өлкөнүн Ленинчил комсомолецтериндей эле, республиканын комсомолу да Улуу Октябрь социалисттик революциясынын урматына КПСС Борбордук Комитетине берилүүчү Ленин комсомолунун Рапортуна кол коюу укугуна ээ болуу үчүн жайылтылган бүткүл өлкөнүн жаштарынын мелдешине кошулушкан. «Октябрдын 60 жылдыгына — 60 эпкиндүү жумалык!» деген ураандын астында эмгектенген өнөр жай ишканалары менен колхоз-совхоздордун комсомолецтери мезгилден озуу менен эмгектенишүүдө. Күнөстүү Кыргызстандын ар бир булуң-бурчун өз кучагына алган бул эпкиндүү ишембиликтер эмгектин жаңы жаш каармандарынын ысымдарын атап жатат. Бүгүнкү куттуу дасторконубуз үчүн, өлкөнүн кампасын дагы бир байытуу үчүн ак дилинен эмгектенип, эл алдында, журт алдында урмат-сыйга ээ болгондордун саны күн санап өсүп барат. Өз эмгеги менен Чолпон жылдыздай таанылган уул-кыздарына Ала-Тоо бүгүн сыймыктанат. Алар кылымдын курулушу деп жарыяланган Байкал-Амур темир жол магистралында эмгектенип жатышкан кыргыз жаштары, республиканын комсомолунун эпкиндүү курулушу Күрп-Сай ГЭСинин пайдубалын куруп жаткан эр жүрөк азаматтар. Токтогул ГЭСинин курулушунан кийин күрпүлдөгөн Нарынга

курулуп жаткан залкар курулуштун Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, республиканын Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Мамасалы Сабировдун комсомолдук-жаштар бригадасынын быйылкы жылдагы албан ийгиликтери адам кубанарлык. Өлкөнүн эл чарбасын 1976—1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында көрсөтүлгөн залкар курулушта даярдык көрүү иштери кызуу жүрүп жатат. Тоо тектерин тешип, транспорт каттоочу жолдорду салып, асма мамыларды орнотуп, комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү мезгилден озуу менен эмгектенишүүдө.

Кең Мекенимин аймагын электр нурларынын алкагына айландыруу жөнүндөгү улуу көсөмүбүз Лениндин осуятын республиканын комсомолу ишке ашырып жатканына төбөң көккө жете сүйүнөсүң. Көз кайкыган тоолордун чокуларына тартылган Токтогул ГЭСинин ток өткөрүүчү асма мамыларынын жанында Күрп-Сай ГЭСинин мамылары да тартылат. Ал күн кеч эмес. Мына ошондо жалаң республикамын түштүгү эмес, бооргдош Өзбекстандын да толуп жаткан айыл-кыштактарынын эмгекчилеринин үйлөрү менен өнөр жай ишканалары дүйнөдөгү эң арзан электр кубаты менен камсыз кылынат. Куттуу айыл-кыштактарым менен калааларым Ильич нуруна чүмкөнүп, баштагыдан да кооз, баштагыдан да ажайып сулуулукка бөлөнөт.

Анын катарындагы Майлуу-Сай шаарындагы электр лампочкаларын жасоочу ири ишкананын цехтеринен жасалган лампочкалар Ильич нурларын чачып, барган жеринин баарын жарык кылат. Ильич нуру да бизде, Ильич нурун чачыратуучу лампочкалар да бизде. Жарым кылымдын ичинде сүйүктүү Ала-Тоом ушуларга ээ болду. Үлпүлдөп жарыгы араң тийген чырагдандан башканы билбеген караңгы элим жарым кылымдын ичинде ушуга жетти.

Ильич нуру жөнүндө айтып жатып, мындан бир топ мезгил мурда болгон окуя эсиме түшөт. Биздин үйдүн

жарыгы капысынан жалп өчтү. Түн караңгылыгы жаңыдан гана көшөгөсүн жайган. Ошентсе да бөлмөнүн ичи ээн үңкүрдөй аңгырай түштү заматта. Мындай караңгылыкка көнбөгөн кичинекейибиз корккондуктан эсин чыгып, ыйлап кирди. Боорума басып эркелетсем да болбойт. Жомоктогу коркунучтуу жез кемпирден корккондой сестенет. Кайдан табышканын билбейм, айтор балдар шам чырак жандырышты. Бөлмөнүн бир бурчун араң гана үлпүлдөткөн анын жарыгына да алымсынбады. Айлам кеткенде терезеге алпардым. Ал алда кандай кубулжуп, жымың-жымың эте кооз калааны кутка бөлөп, төгүлүп жаткан электр нурларын көргөндө гана сооронду.

— Жайык, жайык,— деп сөөмөйү менен түнкү ажайып кооздукту ип-ичке сөөмөйү менен көрсөтүп, ууртунан жылмайды.

Ошол тушта үйдүн жарыгы жарк этип жанды. Эмелеки караңгылыктын изи да калбай, үйдүн ичи жарык нурга толуп чыкты. Балдардын сүйүнгөнүн айтпа, көзүн карыктырган электр нуруна алакандарын тосо, так секиришти ураалап. Кичинекейим эки колу менен көзүн жаап, ипичке буудайдай тиштерин көрсөтө ууртунан жылмаят.

Көндүм болгон жана эмнегедир этибарга алынбагансыган электр нурунун баркын ошондо туйгансыдым. Ошондогу кыялда калган таасирлерим менен бүгүнкү куттуу дасторконумун үстүндөгү ой толгоолоруман улам айрым адамдардын текебердигине, кара башынын гана кызыкчылыгын көздөгөн айрым арам ойлордун жүрүм-турумуна нааразылана кеттим. Пендечилик. Пендечилик деймин. Өткөнүн унутуп, өткөндөгүсү менен бүгүнкү турмушун акыл таразасына салбай, ич күптү ойго алдырып, куттуу үйүн, дасторконун, эң акырында куттуу Мекен жерин сатып бөтөн элден, бөтөн жерден «бакыт» издеген айрым адамдарга наалат айтып, каарыма келе түшөм. «Канаат карын тойгузат» деген сөз илгерки ата-

бабаларыбыздан калган. Жакшылыкка да, жамандыкка да канает кыл деген сөз бул. Ашыкпа, шашпа, акылыңы токтот деген акылман сөздү бүгүн да унутпашыбыз керек. Анткени, канает кылып ушу бүгүнкү куттуу-баяндуу доорго жеттик. Өткөн күнүн унутпаган адамга бүгүнкү жыргал турмуштан башка дагы эмне керек? Баары бар. Каалаганың колуңда, алаканыңда. Болгону адилет иште, өзүңө, элиңе, Мекениңе түз бол. Адал эмгек жерде калбайт. Элиң баалайт, сыйлайт, төбөсүнө чыгарып көкөлөтөт.

А жок, жарытылуу иштебей, иштесе да анысын колко кыла, ич күптү таарыныч менен эл-жерин сатып, идеясы, жүрүм-туруму биздин коомго таптакыр келишпеген өлкөнү «мекен» туткан айрым адамдарды душмандай жек көрөм. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» дегендей, бул саткындар тиякта да жөн жүрбөй, бир кездеги ырыскы-таалайына кешиктеш болгон советтик адамдардын турмуш-мүдөөсүн бурмалап, ар түрдүү ушак-айындарды таратып, таза сууну балчыкташканына түк келише албайм.

Турган турпаты менен жек көрөм.

«Бөтөн жердин султаны болгуча, өз элиңин ултаны бол» дегендей, мен өз элимин адамымын. Ооба, өз элимин, башка эч бир элдин эмес.

Мага ушул азыркы турмушум кымбат. Менин ырыскы-таалайыма, пендечиликте болуучу кубаныч-кайгыларыма ортоктош болуп куттуу дасторконумда олтурушкан курбу-курдаштарымы кут кылсын. Бүгүнкү турмушсуз, мына бул куттуу үйүмсүз, колтукташа басчу жолдошторумсуз өз бактымы элестете албайм.

Мына ушундай таттуу кыялдарды тартуулап, жан дүйнөмү ырахатка бөлөп такшалткан жаңы жыл куттуу-баяндуу болсун. Түнү бою жарыгын өчүрбөгөн кооз калаамын куту көбөйсүн.

*1977-жыл, декабрь.*

## КОЛОМТОНУН ОТУ ӨЧПӨЙТ

Баары картаят, баары эскирет. Кетилет, жешилет. Турмуштун жазмышы ушундай. Бирок сандаган жылдар өтсө да сары алтын сымак сынынан жазбаган, эскирбеген, картайбаган бир нерсе бар. Ырас, улам мезгил арылаган сайын ал да саргаят, чаң басат. Бирок аны улам жаңысы толуктап, жаңыртып турат. Анын мазмуну, учурдагы турмуш жалыны коломтосунан өчпөйт. Улам алоолонуп түнкү караңгылыкта балбылдап күйгөн кызыл от сымак адамдарды өзүнө чакырып, илеби менен жылытып, көкүрөк сезимин тутандырып келет. Мезгилдин өткөнүн билбей жанып келет.

Бул турмуш жарчысы, турмуш добулу. Бул газета. Ооба газета. Элдин мүдөөсүнө, бакты-таалайына ортоктош болгон, доордун санжырасы болгон газета. Коломтодогу оту менен адамдардын көкүрөгүнө жылуулук берип, ой толгоого салып, залкар иштерге үндөп, шыктандырып келаткан мына ошол газеталардын бири «Ленинчил жаш» бүгүн 50 жашта.

Панардай жанып боштондук,
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен,
Лениндей уулду?

— деп ырга кошуп шаңшыган акын Токомдун улуу Лениндин «Правдасынын» канат-бутактарынан болуп канат каккан Кыргызстан жаштарынын газетасы эр ортону элүүгө чыгып, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланып отурат.

Жаштар газетасына 50 жыл. Коломтосунун отун өчүрбөй, алоолонгон жаштык жалын менен чыгып келаткан жаштардын газетасынын жарым кылым өмүр сүргөнүнө ишенбей да кетесиң. Мезгилдин өткөнүнөн улам тамгалары оңуп, кагаздары саргая түшкөн, көзгө сүйкүм, ыйык сезилген алакандай баракты көргөндө га-

на аргасыздан көнөсүң. Анын ар бир сабы, ар бир сөзү сыймыктануу сезимин туудурат. Мунун өзү накта тарых. Ооба, тарых. Жаштардын сүйүктүү газетасынын 50 жылдык алтын тоюн белгилеп жаткан 70-жылдардын жаш журналисттерине газетанын биринчи саны көзгө сүрткүдөй ыйык белек. Айрыкча, мына ушул тунгуч санга жарык көргөн Кыргызстандын азыркы белгилүү акындарынын бири Абдырасул Токтомушевдин мына бул каалоо ырычы:

«Көзү тунук, от жүрөк,
Таш тарыган, курч билек.
Бет алганда кайтпаган
Өнүп-өскөн ак тилек,
Куттук болсун гезитиң!

Жал-жал карап жайнаган,
Талга тилин кайраган
Таттуу-муңдуу үн менен
Таң калтырып сайраган
Булбул болсун гезитиң.

Жарды көрсө жалынып,
Көп эмгегин сагынып!
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Келерки жолго камынып,
Чынчыл болсун гезитиң!»

Беш жылдыктар, өлкөнүн тарыхы жана газета. Муну бири-биринен ажыратууга болбос. Газета — доор санжырасынын жарык күзгүсү. Саргайган, эскирген газеталардын тиркемелерин барактап олтуруп мына ушундай бир бүтүм жыйынтыкка келесиң. Кыргызстандагы стахановдук кыймыл, сабатсыздыкты жоюу, Чоң-Чүй каналынын, Фрунзе-Рыбачье темир жолунун курулушу. Аялдар азаттыгы, кыздардын мал сыяктуу калыңга сатылышына чабуул жасоо — жаңы доордун туусун бекем

колго алып, адам теңчилдигин орнотуп, социализмдин жеңиши үчүн жүргүзүлгөн мына ушул аябаган зор багыттагы иштердин таржымалы газета беттеринен орун алган. Жыйырманчы — отузунчу жылдардын комсомолецтери менен жаштарын жаңы доорго жараша жашай жана эмгектене билүүгө үйрөтүүнүн жарчысы, уюштуруучусу болгон.

Турмуш жана газета. Газета жана чыгармачыл жаштар. Элүү жылдык тиркемелерди барактап, акыл токтотуп, көз жүгүртсөң алардын арасынан кыргыз совет адабиятынын байсалдуу акын-жазуучуларынын, маданият ишмерлеринин белдүү чоң тобунун ысымдарын окуйсуң. Алар ар кайсы жылдарда эмгектенген. Жылдар гана бөлөт алардын аралыгын. Ар кандай жылдарда кызмат аткарган, азыркы жаш муундар тарбия-таалим алып, сыймыктанган мына ушул акын-жазуучулардын чыгармаларына, журналисттердин макалаларына жалпы бир нерсе мүнөздүү. Алар жаштык жалын менен жазылган, жалындуу курактын илеби бар. Алар кыргыздын таланттуу акындары Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, редактордун орун басары болуп иштешкен акындар Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек Маликов, жазуучу-журналист Мамасаалы Абдукаримовдун жазгандарында бар. Балдар адабиятынын көрүнүктүү жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев, журналист Анаш Абакиров жана «Коммунист» журналынын редактору Стамбек Усупов өздөрүнүн жаштыгын, чыгармачылык жалынын «Ленинчил жашка» беришкен. СССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти Курмангалы Каракеев да өзүнүн турмуштук жолун жаштар газетасынан баштаган. Кыргыздын таланттуу акындары Жоомарт менен Жусупту тарбиялап, чыгармачылыгын такшалткан газета өлкөгө белгилүү болгон окумуштууну калемгерлик кесипке үйрөтүп, жаркыраган жарык жолго салган.

Өздөрүнүн улуу агаларын тарбиялап учурган жаштар газетасында эмгек этип жаткан азыркы чыгармачыл жаш кызматкерлер газетанын элүү жылдык салт-санжырасын улантып, бүгүнкү турмуш талабына жараша иштөөнүн аракетинде. Алардын ар бири кыргыз элине залкар-залкар адамдарды берген чыгармачыл мекемеде эмгектенишкенине сыймыктанышат. Бир мезгилде ошол адамдардын колунан чыгып, миңдеген окурмандардын катарында өздөрү да анын алоосуна берилип, колдон түшүрбөй кастарлап окушкан газетасынын илебин кетирбей, кутун өчүрбөй чыгаруунун жолун издеп, жол арытып, узак сапарларга чыгышып, калемдерин төшөп макала, очерктерди жазышат. Окурмандардын көкүрөк сезимдерин ойготуп, ой-толгоолорго чакырып, проблемаларды козгошот.

Жаштар газетасы деген сөздүн өзү эле айтып тургандай, бул газетада жаш калемгерлер иштеп келишкен. Азыр да жаштар эмгектенишет. Алардын баары СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрүшкөн. Көпчүлүгү журналисттер. Сыймыкуу жана жооптуу кесипти аркалап иштеп жаткан жаш калемгерлер ушул жерден такшалып, ушул жерден тарбияланып, канат кагышат. Алардын калем төшөөсү, чыгармачылык эргүүдөгү изденүүлөрү окурмандарына белгилүү. Жаштыгына карабай, эки-үч китептин авторлору болушкан жаш акынжазуучулардын чыгармачылыгы менен республиканын окурмандары кабардар. Өз үнү, өз изденүүсү менен кыргыздын чыгармачыл талапкерлеринин дүбүртүндө бараткан акындар: Калыбай Осмоналиев, Токтосун Самудинов, Жайлообек Бекниязов жана жазуучу Жуматай Шаршеевдин чыгармачылыгына айтылган жылуу пикирлер бизге сыймыктануу сезимин туудурат.

Булардан башка өткөн жылы жаш акындар Бергеналы Базарбаев менен Акбар Рыскуловдун да алгачкы чыгармалары «Мектеп» басмасынан өзүнчө китеп болуп

жарык көрдү. Чыгармачылыкка ынтызарланган бул кызматкерлердин газета бетиндеги изденүүлөрү адам кубанарлык. Окурмандар баамдап, тез эле колдоп, жактырып кетишкен жаңы рубрикалардын жаралышы жана алар боюнча күн сайын келүүчү ондогон каттар газета бетиндеги изденүүлөрүнүн үзүрүнөн кабар бергенсийт. Улам мезгил өткөн сайын жашарып, кулпуруп бараткан бүгүнкү турмуштун санжырасы газетанын кызматкерлеринен жаңыча изденүүлөрдү талап кылары өзүнөн өзү белгилүү.

Буга Советтик Кыргызстандын жана анын Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгына жана өткөн жылы майрамдалган Кыргызстан комсомолунун 50 жылдык юбилейине байланыштуу жаралган «Республикамдын жолдору менен» жана «50 жылдыкка — 50 репортаж» деген рубрикалардын астында жарыяланган макалалар менен очерктер күбө. Мына ушул 50 жылдын ичиндеги республиканын коммунисттери менен комсомолецтеринин басып өткөн жолу, маданий чарбалык жана рухий жактан жетилүүдөгү кыргыз элинин залкар-залкар ийгиликтерин баяндаган кызматкерлерибиздин ал эмгектери «Мектеп» басмасынан атайын китеп болуп басылып чыкканын да окурмандарыбыз жакшы билишет.

Газетанын 50 жылдык алтын тоюн белгилеп жатып, анын активдүү кабарчыларынын талыкпаган эмгегин айта кетүү да өзүнчө сыймык. Алар ар кайсы курактагы, ар кандай кесиптеги адамдар. Эң биринчи, карыса да бир кездерде жаштык жалынын берген сүйүктүү газетасынан кол үзбөй, кеп-кеңеши менен кошо ак дилден, жүрөктүн беренесин берип, үзбөй катышып туруучу акын Темиркул Үмөталиев менен жазуучу-журналист Саткын Сасыкбаевдин ысымдарын атаганыбыз оң болчудай. Бөтөнчө Темикемин ар бир жолку келиши биз үчүн өзүнчө бир майрам. Карыса да, көкүрөгүнөн жаштык кетпей, дайыма шайыр, дайыма шаңдуу жүргөн макалалары менен ырларынан, аңгемелеринен дайыма

кубат алып, эргүү табабыз. Саткын агайыбыздын ар бир макаласы бизге республиканын жаш жумушчуларынын турмушун үйрөнүүгө, алар тууралу талбай жазууга шыктандырат. Жетимишке жакындаса да дайыма талбай, учурдун таламына жараша калемин өөрчүтүп, талыкпай эмгектенген Саткын агайыбыз биз үчүн дайыма үлгү.

«Ленинчил жаштын» беттеринен дайыма жаштык жалынды өчүрбөй, комсомолдук-жаштар бригадаларынын ийгиликтери жана айрым кемчиликтери, жаштардын замандын тарбиясына жараша тарбия-таалим алып өсүшү, улууларды урматтап, кичүүлөрдү сыйлап, үй-бүлөнүн ынтымагын көздүн карегиндей сакташы жөнүндөгү толгон-токой ой толгоолору менен көптөгөн окурмандардын көңүлүн тутанткан макалалар жазган журналист А. Көчөрбаев, юрист А. Закиров, Чаек айылдык Советинин председатели А. Молдалиева өңдүү активдүү кабарчыларыбызга милдеттүүбүз. Газетанын баркын көтөрүп, бүгүнкү күндө анын нускасын жүз миңден ашырып жибергендер мына ушулар.

50 жылдык юбилейге байланыштуу газета сыйланган «Ардак белгиси» ордени алардын да ордени. Мына ушул аралыктын ичинде газетада эмгек эткен ар бир кызматкердин, анын ар бир санын үзбөй окуган, анын элдин калың катмарына сиңишине көмөктөшкөн ар бир адамдын сыйлыгы. Дегинкисин айтканда, өкмөттүк бул жогорку сыйлык республиканын жалпы сыйлыгы. Ага баарыбыз сыймыктанууга тийишпиз.

Эмесе, куттуу коломтосунун отун өчүрбөй, картаюуну билбеген дайыма жаштык сезим менен жашаган жана да жаш боюнча кала берүүчү «Ленинчил жаштын» 50 жылы кут болсун!

*1976-жыл, ноябрь.*

# ОЧЕРКТЕР

## ЧАБАНДАРЫ ЧАТКАЛДЫН

Ырас, персент көрүү — чоң кубаныч. Бирок, анын эртеңки күнүн эске ала «Баланын туулганына сүйүнбө, турганына сүйүн» деген кыргыз элинин илгертен калган макалы бар.

Чабан — биздин турмушубуздагы оозðон түшпөгөн эң ардактуу кесип. Айрыкча, мал артынан келаткан атасынын четин таягын колуна алган кыргыз жаштары үчүн чоң сыймык го. Чындап келсе, бул чоң дөөлөттү колго кармаган кесип. Чарбанын байлыгы кой баккан ар бир адамдын эмгегине жараша. Адилет иштеп, астейдил эмгек кылса — чарбанын байлыгын өстүргөнү, жок, жайылган койдун караанына сүйүнүп, жан кыйнатпай, кыр-кырда жамбаштап жатса — чарбанын байлыгын өксүткөнү. Анын акыры «чабандыктан түшүптүр» деген сөз менен бүтөт.

...Чаткалга чабан чыдачу эмес. Бул жерде ал чабандарды актоого да, күнөөлөөгө да болбойт. Анткени, Чаткал деген Чаткал. Чаткалдын бели Чапчыма тоосу 2841, аркы башындагы Кара-Буура ашуусу 8300 метр бийиктикте турат деңиз деңгээлинен. Мындай караганда карт Ала-Тоонун чатыры десе да болчудай. Чаткал кырка тоолорунун чокусундагы карлар кышынжайын «көрөлбөйт». Анан адамдар мына ушул ак мөңгүлүү ашуулардын астын мекендеп жайлоолошот. Мына ушундай жерде чабандыктан качкан деги кандай адам өзү деген ой туулушу мүмкүн. Бирок, мына ушул

айкөл кененчилик жайында гана болот. Жылдын он эки айындагы төрт айда гана жанагынчалык күтүрөгөн мал жайылат. Калган сегиз айында кара шамалдын, кыштын бороонунун «музыкасы» кулакты тундурат. Айрым адамдардын сокур кайратын майтарган да жайы-кышы оозу жабылбаган кургак шамал менен каардуу бороон.

Жергиликтүү калк Чаткалдын кышын «Сибирдин кышы» дешет. Бул сөздө чындык бар. Жапкак деген сөздү республиканын көпчүлүк бурчундагы адамдар унута башташты. Бирок чаткалдыктар унутуша элек. Ырас, быйыл бул сөз бул жерде да айтылбады — тизеге чейин жааган карга жаз чыккычакты ишенбегендей караштты. Айыл аксакалдарынын кебине караганда 70—80 жылдан бери мындай боло элек экен. Ал эми адаттагы кыштын кары 2—3 метрдин ортосунда болот. Төөнүн өркөчү гана көрүнчү мына ушундай кышта адамдар буттарына жапкак байлап, жакын турган кошунасына барышчу экен.

Оор кышта куйругуна элек байлап эки үйдүн ортосунда каттаган ит жөнүндөгү таң каларлык сөздү уккан бар чыгар. (Мен мисалы, унута элекмин. Ал кандай жер болду экен таң калып жүрчүмүн). Көрсө ошол жер Чаткал экен.

Мындай жерге мал эмес, адам баласы чыдабайт деген сөздү укчумун. Бул да чындык. Анткени, мындан он-он беш жыл мурда жергиликтүү элге сырттан барган интеллигенттерди кармап туруу үчүн айлыгынан тышкары да акча төлөнчү. Бирок бул кыйынчылыкка чыдагандар чыдачу, чыдабагандар куржунун көтөрүнүп «көзүм көрбөсүн» деп качып жөнөчү. «Адам баласы чыдабаган Чаткалдын кышында мал кыштатып болбойт» дешип, төрт түлүк малды Ала-Бука аймагындагы кыштоолорго тээ сары алтын күздө — сентябрь айында, ашуунун белине кар жаай электе көчүрүп келишчү. Анан жаз чыкканга чейин жан адам жорголочу эмес.

Кокус бир адашып, же зарылчылыктан автотранспорт каттабаса, эч бир кыймыл болчу эмес кышында.

Алтымыш тогузунчу жылдын жазы эле. Атайын комиссия менен жазгы төлгө карата даярдыктын жүрүшүн текшерип жүргөнбүз. Сумсар тараптагы кой короолордун биринен абдан кейип алган чабанга кабылдык. Кейигениндей эле бар экен — чабандын короосуна карышкыр тийип, сегиз коюн жара тартып кетиптир.

Карабаса кой өлөт деген ушул. А бирок чаткалдык чабандар каратып туруп эле, бөөдө чыгымга кириптер болушат. Анткени, эрте күздө айдап келген койлорун май айынын алдында кайра Чаткалга айдап кетишет. Жүздөн ашык чакырымга созулган узак жолду төрт-беш күндө арац өтөт. Тынбай жүргөн арык-торук койлор жолдо бала салат. Аз кой эмес, ары-бери качкан отуз миңден ашык кой күзү-жазы көчүп жүрөт. Анан төлдүн жыйынтыгы да начар. Милдеттенме тургай, планда белгиленген төлдү да алалбай, көпчүлүк чабандар жалгыз чапанын желкесине салып, сүрүлүп чыга берчү.

Чаткалга чабан чыдабайт деген сөздүн мааниси ушундан улам.

Ошол алтымыш тогузунчу жылкы жазда мен «Чаткалдын өзүндө быйыл он эки короо кой кыштады» деген кабарды уктум. Бир чети таңыркадым, бир чети сүйүндүм.

Миң тогуз жүз жетимиш биринчи жылдын башталышында чаткалдык Баатырга жолуктум. Ооба, Ала-Бука району боюнча Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга ээ болгон коммунист Ташбай Айдаров эле. Аны сыртынан таанычумун. Жыл сайын ар жүз тубар койдон жүздөн ашырып төл алган анын бай тажрыйбасын райондук газетанын кызматкерлери атайын бет — плакат кылып чыгарышканы да эсимде. Мына эми Ала-Бука районунун коммунисттеринин райондук конференциясынын президиумунда төшүнө Баа-

тырдык жылдыз, эки Ленин орденин тагынган узун бойлуу, кең далылуу, куш мурутчан кара тору киши олтурду.

Андан бери төрт жыл өттү. Айтканга оңой. Чындап келгенде адам таң калган не бир укмуш иштер аткарылып, бүтпөгөн иш бүтүп, чечилбеген маселелер чечилди. Мына биз Ташбай аке менен экинчи ирет жүз көрүшүп олтурабыз. Бул жолу анын мекенинде — Каныш-Кыяда, Баатыр кыштачу Ат-Жайлоо тоосунун алкымындагы кой короодо.

— Алтымыш тогузунчу жылы да ушул короого кыштагам,— дейт ал,— өңчөй таш менен тургузулган үстү шиферлүү узун короону көрсөтүп.

Ал ушуну айтканда мен аны менен биринчи жолку болгон аңгемелешүүдөгү уккандарымы элестетем. Арийне, азыркы биздин элибизди «залкар ийгиликтерди жаратып жаткан баатыр эл» дейт го. А бирок, өзүнүн артынан башкаларды ээрчитип, жол баштаган киши чыныгы баатыр эмеспи. Ким билет, Ташбай аке адегендеги аракетинде бул баатырдык жөнүндө ойлобогон да чыгар. Анткени, ар кандай эрдикти адам баатырдык үчүн гана жасабайт эмеспи. Аны туйбайт да эмеспи ошол учурда адам. Кээде мындай бүтүм иш зарылчылыктан жасалат өңдөнөт го. Ташбай акенин мүнөзүнө караганда биринчи жолу Чаткалда калып кыштоону чечкен миң тогуз жүз алтымыш жетинчи жылы азыркы урмат-сый, атак-даңк жөнүндө кымындай да ойлобосо керек. Ал жогорку сыйлыкка жүздөгөн километр аралыктарды көчүп-конуп жүрүп, анын оордугуна чыдап, суугуна тоңуп, канчалык кыйынчылыктарды өткөрүп жетти.

Кээде тобокелге салган иш чечилбей жаткан көп маселенин тагдырын ачып коёт эмеспи. Ал кээде кейиштүү, кээде ийгиликтүү. Адегенде Ташбай акенин ошондогу «баатырдыгына» ишенбей, «акыры эмне менен бүтөөр экен» дегендер да болушту. Албетте, мындайлардын көз алдына — совхоз ишенип берген бир короо кой-

дон, дөөлөттөн кол жууп, чапанын желкесине таштап, чабандык четин таягы менен жер чийип турган Ташбай элестеген. Андайларды «сен ушинттиң эле ошондо» деп күнөөлөөгө да болбойт.

Ташбай акенин ошондогу «тобокели» катуу мөндүр жааган караңгы түндө алтын издеген адамга окшошот. Ал калың мөндүрдүн арасынан «алтынын» тапмак, же анысынан биротоло кол үзмөк — башка айла жок. — Ал «алтын» тапты.

Ошол жылы өрөөндүн тарыхында биринчи жолу жылууланып кой короо салынды. Бир жыл кыштады, экинчи жыл кыштады. «Сибирдин кышы» деп уккан адамдын үрөйүн учурган Чаткалдын оор кышын жеңди. Эми анын жанына жаңы чабандар кошулду.

Бирок, Чаткал да «оңой менен моюн сунбайм» дегенчелик кылып, каарынан жанбады. Кылымдардан бери калың элди чүнчүтүп келген анын өжөр «күчү» али дагы көп кыр көрсөтмөк. Ал миң тогуз жүз алтымыш тогузунчу жылдын кышы болду. «Сибирдин кышы» ошондо бар «күчүн» жумшагансыды.

— Дал мына ушул биз турган жерге вертолет конгон,— дейт Ташбай аке короонун четиндеги тегиз аянтчаны көрсөтүп.

Вертолеттун келиши жөнүндөгү анын аңгемеси чындыгында эле кызык. Ошол жылы үч метрдин тияк-быягында кар жаады. Адатта, көп жашаган карыяларыбыз «чилдеде кар жаабайт» дешет го. Ал жылы табияттын бул «закону» да бузулгансыды. Чилдеде да кар жаады, лапылдатып. Тим эле үстөккө-босток жаайт, көздү ачырбай. Анан бети-колду жулчудай улуп-уңшуган кара бороону жарым саатка оозу жабылса эмне. Айланада ап-аппак кардан башка кыбыр эткен жан көрүнбөйт. Тоолор да кар, Чаткал дарыясынын жээгиндеги ак кайыңдуу токойлор да кар. «Мына мен бармын» деп карааныи көрсөткөн жан болсочу. Жада калса иттер да көрүнбөйт быгып. Үйдүн чатырын бир күндө бир эмес,

экн-үч жолу күрөйт. Кар басып, үй-бүлө, баккан малым менен кошо кардын астында каламбы деген да ойлор келет.

Арыраакта, тоонун этегиндеги эки жүз метрче жерде жыйылган чөп бар. Бутуна жапкак байлап, күнүгө чөп ташыйт. Күндөр... Тирүү жан менен бир ооз баарлашпаган «караңгы» күндөр. Анын өтүшү да тозок. Таңдын атышы да тозок. Үйдүн чатырын учуруп кетчүдөй жулкунуп, бороон уңшуйт түнү менен.

Февраль айынын аяк ченинде самолеттун үнү угулду. Боз туман каптап турган. Ал күнү коно албай кетти. Эртеси дагы келди. Ташбай аке койлор серүүндөсүн деп короонун алдындагы ордо атымча жердин карын күнүгө күрөп, күнүгө тазалап турчу. Вертолет ошол аянтка келип конду. Аркы чен сымал үйүлүп жаткан ак кардын үстүнө кондургандан коркту учкуч. Учуп келгендер областтан, райондон келишкен партиялык уюмдун жетекчилери экен. Нар бою үйүлгөн ак кардын арасында калган чабандын үйүн, короосун көрүп таң калышты келгендер. Короодогу семиз койлорду көрүп ыраазы болушту.

Май айынын аяк ченинде жаз келди Чаткалга. Ошого чейин ак кардын арасында жашады чабан. Ошол жылы ар жүз тубар койдон 123төн козу алды. Чаткалдагы «Сибирдин кышы» акыркы жолу моюн сунгансыды. Ал Ташбайга биротоло жеңилди...

Бир жыл өтүп Ташбай Айдаров Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга ээ болду. «Чаткал» совхозунун эсепчилери сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыктары менен кошо анын беш жылдык ишинин да жыйытыгын чыгарышты. Бул жылдардын ичинде ал ар жүз тубар койдон 123төн төл алып, ар бир койдон 3,5 килограммдан жүн кыркып алган болуп чыкты.

Башта өрөөндүн турмушунда жүздөн ашырып төл алуу деле «тарыхта» болуп көрбөгөн. Мына эми, «Си-

бирдин кышы» да жеңилип, төл алуунун рекорду да белгиленчү болду.

Баатыр эмгектенген Ат-Жайлоо тоосунун алкымындагы короону бул өрөөндөгүлөр тажрыйба үйрөнчү участок дешет экен. Себеби, мында комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү эмгектенишет. Бригадири — Ташбай Айдаров. Черикчиев Дулат, Ували Орозов, Ашыркул Кулиев — баатыр менен чогуу иштеген комсомолец-чабандар. Эң жашы Ашыркул менен Ували.

— Өткөн жылы «Каныш-Кыя» орто мектебин бүтүрүп, Фрунзедеги политехникалык институтка экзамен тапшырдым,— дейт Ашыркул. — Экинчи сабактан өтпөй калдым. Мага окшогон көп балдар институттардан кулашса техникумдарга документтерин тапшырып, эптеп эле шаарда калышмайдын айында. А мен антпедим. Түз эле Чаткалга келип, бир короо койду алып, иштеп калдым,— дейт Ашыркул.

— Ташбай акеден бир жылдын ичинде эмнелерди үйрөндүң?

— Көптү. Эң негизгиси адал эмгектин эмне экенин үйрөндүм. Кой баккаиды үйрөндүм. Албетте, кой багууну ар бир чабандан үйрөнсөң болот. А бирок, Ташбай акенин өзүнчө бир мектеби бар — ал адилет эмгек кылуу.

Дагы бир чабандын айтканын угуп көрөлү. Дулат Черикчиев — жаш коммунист, Ардак белгиси орденинин кавалери, жаш чабандардын Бүткүл союздук акыркы кеңешмесинин катышуучусу.

— Ташбай аке мал үчүн жаралган адам. Анын турмушу, максаты — коомдук мүлктү көздүн карегиндей асыроо, байытуу — мындан башка эч кандай ой жок анда. Айрыкча мал кыштатууда, анан бөтөнчө төлдөтүүдө уйку бетин көрбөйт, анын эмне экенин да унутуп койгонсуйт. Жаштарды таң калтырган дагы бир мүнөзү — анын эркинин бекемдиги. Койгон максатка жетүү үчүн талыкпаган күрөшү. Чаткалдын кышына биринчи

туруштук берип, аны багындырган да анын мына ушул майтарылбас эрки. Эмесе, ким билет, адамдар азыр да кыштоону көчүп-конуп жүрүп өткөрөт беле?

Ташбай аке чабандык эсепке тың. Ишенбесеңер, анын мына бул эсеп-кысабына көңүл бургула.

— Мен өзүм 140тан козу алам. Дулаттыкы да ушуга жетет, ал тургай ашып да кетиши керек. Увалиники азыраак болот, экинчи төлдөн 110дон козу алчудай. Мына ошондо биздин бригада боюнча орточо эсеп менен 130дан козу алынган болот.

Анда май айынын ортосу эле — койлордун төлү аяктайын деп калган. Бирок, жыйынтыгы чыга элек болучу. Аны мен жакында уктум. Ташбай акенин алган козулары — 135тен, ал эми Дулаттыкы андан да көбүрөөк — 146дан айланыпыр. Мына ошентип, 130дан деп болжолдогон төл ашыгы менен аткарылыптыр. Ал эми «Чаткал» совхозу боюнча алынган төл 105тен токтолуптур.

Мынчалык төл өрөөндүн тарыхында биринчи жолу алынышы. Бул өзүнчө эле жаткан чоң жеңиш да — 16000ден ашык койдон ушунчадан төл алып...

Кыргызстан комсомолунун XIX съездине катышкан улуу агаларымын таң калып сүйүнгөнүн угуп, өзүмчө сыймыктанганым эсимде. Ал уккандарым азыр да кулагымда:

— Адам таң кала турган. Көргөн көзүмө ишенбейм. Жапжаш балдар, кыздар. Депутаттыктын значоктору, ордендер менен медалдар көкүрөктөрүндө жарк-журк этет. Жаш туруп ушунчалык урмат-сыйга ээ болгондорду көрүп, төбөң көккө жетип ыраазы болот экенсиң.

Улуулар тамшанган бул сөздөрдү мен төшүнө орден таккан чабандарга жолукканда гапа эстедим. Ким билет, балким көкүрөгүн кубанткан чабандардын орденин көрбөгөнүмдө эстебес белем? А бирок, улуулар эмес, мен да чындап таң калдым. Мындай карасаң жапжаш жигиттер — жыйырма беш — отуз жаштагы кечээки эле

балдар. Жаңыдан уюшулган «Ак-Таш» совхозунун Чандалаш суусунун жээгинен биз Эркинбек Өскөнбаев менен тааныштык. Эмгек Кызыл Туу ордендүү чабандан алыс эмес жерде дагы бир азамат бар. Анда да Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери менен 1973-жылдагы социалисттик мелдештин жеңүүчүсү деген значок бар. Ал 1971-жылдан бери ар жүз тубар койдон орто эсеп менен 115—120дан козу алып келаткан Турсумат Ашырбаев.

— Ордендүү чабандарыбыз,— чарба жетекчилери мына ушинтип, сыймыктана тааныштырат алардын ар бирин.

А бирок, мындан беш-он жыл мурда эмгектин Баатыры эмес, «ордендүү чабан» аттуу адамдар да (таптакыр жок дебейин) аз эмес беле. Мына эми, жаш жигиттердин көкүрөгү ордендерге толуп...

Баарын турмуш өзгөртөт, турмуш түздөйт деген чын бейм. Мына, Чаткалдын чабуулу башталган алтымыш жетинчи жылдан бери жети жыл өттү. «Сибирдин кышы» дешчү Чаткалдын кышында жалгыз караан болгон Ташбай акенин жанына күчтүү, жоон топ кошулду. Ал өжөр табигатка жасалган чабуул эле. Азыр эми өрөөндү өздөштүрүүнүн чабуулу бүтө жаздап калды. Кылымдардан бери жайкысын кара шамал, кышкысын бороон ойногон талаалардын бетин аңтарып, эгин оруп, малга чөп даярдалууда. Мындай караганда өрөөндүн чабуулу туш тараптан башталгандай.

«Чаткал» орто мектебин бүтүрүп жатышкан 41 окуучунун жаңыдан уюшулган «Ак-Таш» совхозунун келечегине өз салымыбызды кошуп, чабан, саанчы, жылкычы, механизатор, куруучу болуп иштейбиз деген демилгеси бул ыйык ишенимге жооп бергендей туюлду. Демилгелүү жаштарга жолдон жолуктук. Автобустун ичин жаңыртып ырдап келатышыптыр. Баары автобустан түшүп биз менен учурашты. Күлкү ойнойт жүздөрүнөн. Сүйлөгөн сөздөрү тың, өздөрүн кармап турушу

да ишенимдүү. Толкуп кеттим өзүмчө. Ананчы, толкунданбай турган нерсеби? Жаңы чарба жаңы чабандарга, жаңы механизаторго муктаж болуп турганда «мына биз барабыз» деп бир сапка тизилген жаштарга сыймыктанбаганда, анан кимге сыймыктанат адам.

Мектептин мугалимдери менен аңгемелешип олтурабыз. Адатта мындай демилгени уюштурган да, балдардын көкүрөгүн ойготкон да агайлар болот эмеспи. Көрсө, бул демилге Чаткал өрөөнүн өздөштүрүүдөгү улуу бурулуштан улам болуптур. Албетте, ар бир адамдын көз алдында болуп жаткан жаңылануу, башталыштар мен да адаммын деген ар бир тирүү жандын түпкүрдөгү сезимдерин ойготот эмеспи. Ар кандай жакшы нерсе өзүнө чакырат эмеспи. Чаткалдын дыңы адамдардын сезиминдеги дыңды да аңтарган көрүнөт.

Адаттагы күндөрдүн биринде Чаткалдагы өзгөрүүлөр жөнүндө агайлары сөз козгойт. Үгүттөө иретинде эмес, жөн гана пикирлешүү иретинде. Эртеси окуучулар — өндүрүштө калып иштейбиз. Бирибиз да башка жакка кетпейбиз — деген бир пикирди айтышат. Хор айтышып чабанга, саанчыга, арналган ырларды жатташат. Өздөрүнчө эле. Анан автомашинага олтуруп, ыраазылыгын сураш үчүн ар биринин ата-энелеринин алдыларына барышат. Алардын көпчүлүгү малда, күчү жеткендер — чабандар, саанчылар, жылкычылар, күчтөн тайгандар кой төлдөтүү өнөкөтүндө сакмалчы болушкандар.

Сыяданын атасы Өскөнбай сакмалда эле. Ал башта көп жыл чабан болгон киши. Азыр эми четин таягын улуу баласы Эркинбекке өткөрүп берип, ардактуу пенсияда. Козунун маараганы, койдун мекиренгени кулагына сиңип калган жаны, деле болсо койго айланчыктап, минтип, сакмалчы. Катар тизилип, шаңшып ырдаган кызынын курбуларына карап туруп «чабан болсом» деген кызына ак батасын берип, алаканын жайды сүйүнүпсүрдүгүп... «Ай кызым, кантээр экенсиң. Кыйналар бе-

кенсиң» деген сары ойго чайналган жок. Анткени, Эмгек Кызыл Туу орденин көкүрөгүнө тагып, эртели-кеч «Москвич» жеңил автомашинасын айыл аралатып айдап калган Эркинбек сыяктуу кызы да кичинекейинен эле өзү менен чогуу болуп, койдун азабын да, үзүрүн билип калган.

Чаткал кырка тоолорунун арасында эң бийик тоо бар. Ал кадимки кыргыз элинин оозунда кылымдардан бери жомоктолуп айтылып келаткан көзгө атар Кожо жаш мергендин аскасы. Ал өтө бийик. Самолет да бир топ берирээктен жандап өтөт. Илгери, азыткы кийиктин артынан жүрүп адашып, анан кайра түшпөгөн ушул аскага кептелишкен кырка тоолордун ичин жаңыртып, жетимишинчи жылдардын адамдары жомоктогу мезгилден берки айдалбай ээн жаткан жердин койнун аңтарып, эгин эксе, эчки-теке мекендеген ак мөңгүлүү тоолордун арасында жүрүп, коомдук төрт түлүк малды багышат. Мына ошол адамдардын арасында көкүрөгүнө Лениндин элеси басылган значок тагынган комсомолецтер да бар.

Тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыктоочу жылында дагы бир кубанычтуу кабар өрөөндү жаңыртты. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттарды шайлоодо жаңырган өрөөндүн калкы чабан Ташбай Айдаровду республиканын Жогорку Советине бир добуштан депутат кылып шайлашты.

*1976-жыл, июнь.*

* * *

Эмгегинен бакыт тапкан чабан жердештеринин ишенимин актап, улам жаңы ийгиликтерди жаратып, чогуу иштеген жаштарды ак ниет эмгектенүүгө тарбиялоодо. Анын онунчу беш жылдыктагы ийгиликтери да байсалдуу болду. Өткөн жылкы шайлоодо өрөөндүн калкы

экинчи жолу ишеним көрсөтүп, республиканын Жогорку Советине депутат кылып шайлады.

## ЧАБУУЛДУН БАШТАЛЫШЫ

●●● Илгери-илгери дешип Чаткал жана анын адамдары жөнүндөгү эл оозунда айтылып келаткан табышмактуу сөздөрдү угуп таңыркай түшөсүң.

— Мындан нече миңдеген жылдар мурда Чаткал өрөөнүнүн ичин эки хан бийлеп, адамдар мал багып, дыйканчылык кылышчу экен. Анан тоодон ысык вулкан атылып, узун өрөөндү бөгөгөн, шар аккан Чаткалдын суусу соолуп, башка түшкөн кыйынчылыктан качып бараткан узун көчтүн башындагы аксакалдар аттарынын тизгинин тартып: — Чат, сен кал, биз кеттик — дешкен экен.

Чаткал деген сөз ушундан улам айтылып калган дешет. Өрөөндүн аталып калышы жөнүндө мындан башка да көп уламыштар бар. Бирок, алардын ичинен жогоркусу бир топ чындыкка жакыныраактай сезилет. Мына, бир өрөөндү экиге бөлгөн чоң тоонун чокусунда турабыз. Анын астынан Чаткал суусу агат. Бул жерди Кара-Терек капчыгайы дешет. Вулкан атылган Чукурчак тоосунун арасындагы майда көлдөрдүн тегерегүндө бул өрөөндүн балдары эс алышчу пионер лагери бар.

— Тээтиги жерде башталгыч мектеп боло турган. Андан арыраакта биздин үйүбүз бар эле. Мен ошол мектептен төртүнчү классты бүтүргөмүн. Азыр алардын орду да жок,— дейт биз менен кошо жүргөн киши.

Анын сөзүнөн улам айланага назар таштайм. — Куйрук үзбөй ээрчишкен төөнүн өркөчүндөй жыш, кырка тоолор. Алар өтө эле бийик. Душманын сайып жыкчу жоокердин найзасындай аркайган аска-зоолордун башы агарып, ап-аппак кар жатат. Өтө эле жакын. Мына бул маңдайдагы ак мөңгүлүү тоолорго жарым саат эле жөө-жалаңдап чыгып барчудайсың. Агарган ак чоку-

ларды түнөк туткан жибектей ап-аппак булуттардын мекени ушул жер өңдөнөт. Алар ушунчалык тунук, ушунчалык кооз.

Төмөндө, менменсинип арсайган мына ушул тоолордун таржымалын баян эткенсип, шаркырап чоң суу агат өркөчтөнүп. Көзгө көрүнбөгөнү менен, «кармашсаң кармашам, бирок сенден жеңилбеймин» деп алп тоолор менен арбашкан дагы бир кара күч бар Чаткалда. Ал Чаткалдын бороону — кара шамалы. Ар кайсы дөңсөөнүн чокусуна сөөгү катылган илгерки адамдардын жана алардан кийинкилердин бул өрөөндөн кетишине да ушул аркыраган кара шамал менен үйдүн чатырын көмгөн аяздуу кыш себепкер болгон бейм.

Адатта, республиканын адамдары Балыкчынын уланын катуу дешет, а бирок Чаткалдын шамалы андан ашса ашат, бирок кем калышпайт. Анын үстүнө бул жер өзүнчө жаткан кең жайлоо. Мына бул түрмөктөлгөн ап-аппак күмүш булуттар тез эле топтолуп, дыбыратып жааган жамгыр катуу нөшөргө айланып, артынан этек-жеңди жулкуган катуу шамал аркырайт көз ачырбай. Кышычы? Жергиликтүүлөр аны «Сибирдин кышы» дешет. Айткандай эле, «сары алтын» күз — сентябрда лапылдатып кар жаап, кадимки кыш башталат да март-апрелге чейин бек түшүп жатат. Кыштын ортосундагы кар эки-үч метрге чейин жетет. Кары тизеге чейин жеткен быйылкы кышка «аз жаады» дешип, наразы болгонсуп жүрүшөт. Бирок, бул жүз элүү жылда бир болчу окуя. Көпчүлүгүндө «Сибирдин кышы» аркырайт. Анан калса жайы-күзү тынбаган кара шамал кышында аркыраган бороонго айланып, атчан жүргөн адамды учуруп жиберчүдөй албууттанат.

Чалкып жаткан Чаткал өрөөнүнүн баяны мына ушундай.

Чат, кал! — дешип коломтодо алоолоп күйгөн отун, жаткан түнөгү менен мал жайылган жайлоолорун таш-

тап, кош айтышкан илгеркилердин, андан кийинки адамдардын кетишине дал ушул себепкер болууга тийиш.

Мына ушул таштанды Чаткалга да Совет бийлиги келди.

Айыл аксакалдарынын айтымына караганда мына ушул чоң өрөөндү бойлото 14 колхоз уюшулган. Ал мезгилде сырттан эч кандай жардам болбогон. Эркиндик, теңдикке жеткенине сүйүнгөн баштагы карапайым эзилген эл буурсун менен жер айдап, жондорду кыркып, арык салып, суу сугарып дыйканчылык кылышкан.

Бул жерде да айыгышкан кармашуулар болгон. Өткөн күнүнөн кол үзгүсү келбеген Совет бийлигинин душмандары колхоздоштурууга каршы, жаңы заманды, жаңы бийликти жүргүзүп жатышкан айыл активдерине каршы күрөшкөн. Чаткал чалкыган кенен жайык тура. Мына ушул чалкыган кенен жайыкты калк душмандары күч топтоочу, машыгуучу, полигон катары пайдаланышкан. Чаткалдын батышы менен Өзбекстандын борбору Ташкентке, түндүгү менен Таласка, чыгыш-түштүгү менен Жаңы-Жол району менен байланышууга болот. Душмандар дал ушул багыттар боюнча күч топтоп, чабуул коюп турушканы республиканын тарыхына белгилүү.

Эркиндикке чыккан өрөөндүн комсомолецтери менен жаштары колдоруна курал алып, өз бактысын коргоо үчүн күрөшкөн. Далайлары душман колунан баатырларча курман болушкан. Өрөөндүн калкы бүткүл совет эли башынан өткөргөн кубанычтуу, кайгылуу күндөрдү өткөрдү. Бул жылдардын ичинде кенен жайыктын эли нечен жолу козголуп башка жактарга көчүштү. Бирок чалкыган жайык, шаркырап аккан суулар нугун бузбай, күүсүн бузбай агып жатты. Жетимиш биринчи жылга чейин ушундай болду. Ошол жылы өрөөндүн турмушун түп көтөргөн чоң жаңылык, Чаткалды өздөштүрүү башталды.

Чаткалдыктардын ата-бабаларынын укум-тукумдары

безген, кылымдардан бери аңгырап ээн жаткан чалкыган кооз өрөөнгө турмуш келди. Ал эми гана ойгонгонсуду.

Андан бери үч жыл өттү. Баштагы ээн жаткан кең өрөөндүн дың жаткан түздүктөрү айдалып, миңдеген гектар аянтка көп жылдык тоюттук чөптөрдүн жана дан эгиндеринин үрөндөрү эгилип, кең мейкиндиктер жапжашыл тартып, көйкөлө түштү. Үч жылдын ичинде машина мал чарба станциясынан башка баштагы «Чаткал» совхозу экиге бөлүнүп, «Ак-Таш» совхозу жаңыдан уюшулду. Жол катнашын жакшыртуу жана кышын-жайын автомашиналардын үзгүлтүксүз жүрүшүн камсыз кылуу үчүн жолду эксплуатациялоочу участок ачылды.

Баары мына ушундан башталды. Ала-Бука районунун комсомолецтери менен жаштары Чаткалдын дың жаткан жерлерин өздөштүрүү жөнүндөгү республиканын партиялык уюму менен өкмөтүнүн токтомуна жооп кылып комсомолдук жолдомо менен барып, дың жерди өздөштүрүү жөнүндө демилге көтөрүштү. Райондун миңдеген комсомолецтери менен жаштарынын атынан чогулушкан кеңешмесинде мына мындай үндөө менен кайрылышты. «Биз, алдыңкы комсомолецтер менен жаштардын райондук кеңешмесине катышуучулар, Чаткал өрөөнүн өздөштүрүү жөнүндөгү маселени талкуулоо менен бул зор милдетти турмушка ашыруу ишин шефке алууга, «Чаткал» совхозуна, машина-мал чарба станциясына, Чаткал ДЭУсуна барып иштөөгө райондун комсомолецтери менен жаштарын чакырабыз. 1971—1975-жылдардын ичинде комсомолдук жолдомо менен кеминде 300 уландар менен кыздарды жиберебиз».

Ала-Букадан «Чаткал» совхозунун борбору Жаңы-Базарга чейин 120 километр. Жаңы-Базардан жаңы уюшулган машина мал чарба станциясына чейинки аралык 80 километрден ашат. Деңиз деңгээлинен 2481 метр бийиктикте турган Чапчыма ашуусунан, улам тоо

аралап, суу бойлоп жүрүп олтурган мына ушул 200 километрден ашык оор, кыйын жолдордон кубаттуу тракторлор менен жүк ташуучу алп МАЗдар менен ЗИЛдер каттай баштады. Курулуш материалдары менен дыйканчылык өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүү мыкты сорттору келип жатты.

Адегенде ак чатырлар тигилди. Ээн талаа. Күздүн акыркы айы (Чаткал үчүн) — сентябрь. Көз ачырбай, этек-жеңди далбактаткан кара шамал. Аркайган ак мөңгүлүү тоолор. Булут түрмөктөлүп бийик чокуларга кар жаап, шамал менен кошо кыштын ызгаары келет. Он-он беш чакты адамдан башка эч жан жок. Чаткалдын кылымдардан берки дымып жаткан дың жерин биринчи болуп коңторгон коммунист, машина-мал чарба станциясынын башкы инженери Жумабай Наркулов мына бул окуяны эскерет.

— Биз анда жер айдап, жазгы дан эгиндерин себүүгө сапаттуу даярдап жатканбыз. Катар тизилген ак чатырларды «биринчи», «экинчи» деп койчубуз. Бул ак чатырларда жаткандардын канчанчы сменада иштерин түшүндүрчү. Иш күндүр-түндүр жүргүзүлчү. Максатыбыз кар жааганга чейин Кыргызстан КП Борбордук Комитети менен республиканын Министрлер Советинин токтомунда көрсөтүлгөн 1200 гектардан ашык аянтты жазгы эгүүгө даярдоодо эле. Албетте, кышкы суук түшүп калган. Эртеден кечке көздү ачырбай шамал аркырайт. Бирок биз аны сезбегендей сыяктандык. Анткени, ар бирибизди кылымдардан берки дың жаткан мейкиндиктерге биринчи жолу кол сермеп, анын коңторулган борпоң кара топурагын алакандан сапыруунун ыйык сезими шыктандырып турган. Анда биз өзүбүздүн ак чатырларыбыз жайгашкан Чаткал дарыясынын оң жээгин гана айдап жатканбыз. Ал өзүнчө бир жаткан теп-тегиз мейкиндик. Аркыраган алп трактордун рычагын кое бербей, узун аянттын тээ учуна карап, суктанып кете бергиң келет. Адамдын кетмени тийбеген жердин

каймагын коңторуп, тилке-тилке кылып кесип бараткасынын өзү эле канчалык ырахат. Ал эми дарыянын ар жагындагы чексиз жаткан талааларчы. Сага качан жетээр экенбиз деп суктана карачубуз.

Күндөрдүн биринде Фрунзеден адамдар келишиптир деп угуп калдык. Биз кош айдоо менен алекпиз. Чынын айтсам, алардын келишине анчейин маани бербегендей болдук. Анткени, жердин пландарын алып, бири келсе бири кетип турушчу. Ошолордун бири экен дедик.

Ал кишиге жолукканыбыз өзүнчө кызык. Ал теректерди издеп жүрүптүр.

— Айткылачы, бул жердин кайсыл жеринде беш терек бар.

— Беш эле терекпи?

— Ооба, беш гана терек.

Биз күлүп калдык. Анткени, мында теректен көп неме жок. Бирок ал киши күлгөн жок бизге кошулуп. Тескерисинче, бул жерге келген себебин да түшүндүрө кетти.

— Мунун тамашасы жок. Биз беш терек бар жерге көпүрө салышыбыз керек.

— Чаткал дарыясынын аркы бетине өткөнүбү?

— Ооба!

Умар Курманбаев, Шаболот Нарбеков, Турду Кочкорбаев баш болгон комсомолец-трактористтер сүйүнгөнүнөн:

— Жаша, жаша,— деп кыйкырышты баш кийимдерин көккө ыргытышып.

— Арпа-Төктү. Эмки чабуул сага болот.

Биз беш терек турган Чаткал дарыясынын жээгин көрсөтүп бердик. Келерки жылы куруучулар келишип, көпүрө салышты.

Жетимиш экинчи жылдын жазында дың жерге биринчи үрөн эгилди. Механизаторлор менен кошо бул сапар көп куруучулар келишти. Беш-Жыгач «поселогунун» курулушу башталды. Андан бери туура үч жыл

өттү. Чаткалдыктар айткандай, суу көрбөй, эгин көрбөй кылымдардан бери бекер жаткан миндеген гектар жер айдалып, түшүм берүүдө. Үч жылдын ичиндеги цифралар мына булар: жалгыз гана машина-мал чарба станциясында 4500 гектар жер өздөштүрүлдү. Быйыл мунун 2900 гектарына «Нарын-27» сортундагы арпа эгилди. Өткөн жылы кайракы жерлерден 12 центнерден түшүм алынды. Быйылкы милдет — түшүмдүүлүктү ар бир гектарынан 25 центнерге жеткирүү. 2600 гектар аянтка эспарцеттин үрөнү себилди. Анын ар гектарынан 60—80 центнерден түшүм алуу болжолдолууда. Тогузунчу беш жылдыктын акырына чейин 5000 гектардан ашык жер өздөштүрүлөт.

Арпа-Төктү, Аюу-Чачы, Беш-Башат, Куу-Тал, Карагайлуу, Кара-Суудуң — жерди өздөштүрүүчүлөрдүн кийинки эки жылдагы жаңы маршруттары мына ушулар. Ак мөңгүлүү, булут уялаган бийик тоолордун таманын кылыч менен жара чапкандай теп-тегиз түп-түз чоң аянттар булардын баары. Арпа-Төктү менен Карагайлуунун узун талаалары 1000—1200 гектарга чейин жетет. Табигат өзүнчө жаткан сыйкырдуу сүрөтчү бейм. Тоо арасында, болгондо да булут башынан кетпей, ак мөңгүсү эрибеген мал жайылчу мына ушул алыскы тоолордун арасына кең аянттарды тегиздеп койгонун кара. Бул түздүктөр, мейкин талаалар адатта жайыкта, түздүктөрдө болот эмеспи. Таң каларлык.

Айрыкча адамды таң калтырган Айгыр-Жал участогу. Ал анчейин бийик эмес бөксө тоолордун ортосунда, транспортто кенен бир сааттык убакыт кетет тиги башына чыккыча. Бул жерде жакында уюшулган «Ак-Таш» совхозунун 800 гектар жери бар. Анын 680 гектары сугат жер. Мына ушул аянттардан биринчи жылы 18 центнерден арпанын түшүмү алынган. Быйылкы максат түшүмдү 25 центнерге жеткирүү. Бул жердин бир өзгөчөлүгү бар эч бир жерге окшошпогон. Түздүк калып, тоо боорлору да өзүнчө бир тепкич-тепкич болуп, теп-

тегиз карталарга бөлүнгөн. Ошол жердеги тоолордун башында да айдалган аянттар бар. Алар да теп-тегиз. Мына ошол карталардын баарына суу барат.

Суу дегендей, Чаткал дарыясына ондон ашык аркырап аккан суулар келип кошулат. Алардын эң чоңдору Кара-Буура, Сулуу-Терек, Чакмак, Түз-Ашуу, Чандалаш, Кара-Корум, Тегирмен, Көк-Суу, койчу, санап болбойт. Машина-мал чарба станциясы өздөштүрүп жаткан дың жерлердин өзүндө эле Арпа-Төктү, Чакмак, Куу-Тал өңдөнгөн суулар бар. Бирок булардын баарынан аз пайдаланышат. Анткени, ар бир аянтты толук суу менен камсыз кыла турган майда суулар бар.

Чалкыган түздүктөрдү жараткан табигат ал жерлерди сугарып көгөртө турган сууну да унутпаган экен. Шаркырап, көбүктөнүп агып жаткан дарыянын жээгинен сеялка тартышкан комсомолец-трактористтерди жолуктурдук. Өңчөй 18—19 жаштагы жигиттер. Райондун комсомолецтери менен жаштарынын үндөөсүндө айтылган 300 өздөштүрүүчүлөрдү түзгөн бул балдардын арасынан комсомолец Сергей Варфаламеевдин кыргызча таптак сүйлөп, жайдары күлүмсүрөгөнүнө карап туруп, мындан беш-алты жыл мурда уккандарым эсиме түшөт. Албетте, бул жомок эмес, болгон окуя.

...Чаткалда тап душманы катуу каршылык көрсөтүп турган жылдары, каяктан келгени белгисиз, ачка эки бир тууган орус бала пайда болот. Боорукер адамдардын бири аларды бала тутуп, асырап алат. Кыргызча сүйлөп, жергиликтүү үрп-адатка көнүп калган эки бир тууганды канкор басмачылар атайын адам жиберип карматып, «большевиктин тукуму» деп атып салышкан...

Бирок алардын кара ниет ойлору ишке ашпады.

— Биздин Сергейибиз — Чаткалды биринчи жолу өздөштүрүүчүлөрдүн бири. Келгенине үч жыл болот. Ошондон бери кынтыксыз иштеп келатат,— деп мактайт аны башкы инженер Жумабай аке.

— Мен 1970-жылы райондогу Ак-Коргон айылдык-кесипчилик окуу жайын бүтүрөр менен мында келдим. Мени менен чогуу келишкен көп курбуларымдын айрымдары армияда кызмат өтөөдө. Жакында биз Пазыл Эсепалиевден кат алдык. Ал бизге Чаткалдын кенен мейкиндиктерин сагынганын, армияны бүтөрү менен мында келерин жазыптыр,— дейт ал Нурмамат Орозов, Абдыракман Нарбеков баш болгон досторунун арасында туруп.

— Дың жердин турмушу кандай, жагабы? — деген суроомо:

— Жагат. Азыр биз дың жердин акыркы аянттарына үрөн сээп жатабыз. Күзүндө комбайндардын штурвалына олтуруп, өстүргөн мол түшүмүбүздү жыйнап алабыз. Кыскасы, өзүбүз эгебиз, өзүбүз жыйнайбыз — иш жетишет,— деп жооп беришти.

— А сенин ата-энең эмне дешет?

— Менин Чаткалдын дыңын өздөштүрүүгө катышып жатканыма сыймыктанышат.

Сергейлер бүгүн эртең менен эле өтүп келишкен дарыянын аркы өйүзүндөгү вагонеткалардан кызыл желек желбирейт.

Алыскы участоктордо иштешкен комсомолец-механизаторлордун тамактанар жана эс алар жери ушул жерде. Биз бararда ашпозчу келин түшкү тамактын камын кылып жатыптыр. Жол андан ары дарыяны жээктей ак мөңгүлүү тоолорго карап кетет. Мейкин талаалардан К-700 баш болгон 8 тиштүү тракторлордон тартып ДТ-40 тракторлору жолугат. Аркыраган шамал көз ачырбай беттен урат. Тигине, кылымдардан бери жансыз жаткан жердин каймагын аңтарып Умарбек Курманбаевдин алп трактору барат. Бир алганда үч метрден ашык жердин кыртышын аңтарып. Бул жер Карагайлуу деп аталат. Мында да 1000 гектарга жакын жер бар. Башкы инженер Жумабай аке салааларынан төгүлгөн майда топуракка карап, көз кайкыган талаа-

ларга назар таштайт. Ушул тапта анын эмнелер жөнүндө ойлонуп жатканы жалгыз өзүнө гана дайын. Ким билет, балким кылымдардан берки аталардан калган мына ушул жерлерге сукланып, аны өздөштүргөнүнө сыймыктанып жаткан чыгар. А балким...

Менин оюму бизди карай утурлай басып келаткан орто бойлуу жигит бузат. Анын кара тору жүзүн катуу шамал ого бетер карайтып күйгүзгөн.

— Умарбек Курманбаев,— деген жигитибиз ушул,— деп тааныштырат башкы инженер.

Саламдашуудан кийинки аңгемелешүүдөн мен мына буларды билдим. Умарбек баштагы шофер, дың жер үчүн чабуул башталганда Жумабай аке менен чогуу келген (экөө тең башта «Кыргызсельхозтехниканын» райондук бөлүмүндө иштешиптир), азыр 8 тиштүү К-700 тракторун башкарат. Мындан башка ал МЖСке келген жамгырлатып суу сугаруучу үч агрегаттын бирин башкарат, сугат маалында суу сугарат.

— Универсалист жигит, бардык иш колунан келет. Анан калса дың жерге дал ушундай адистеги адамдар гана керек,— дейт башкы инженер ал жөнүндө.

— Анча-мынча адамдарды кабыл албайсыз? — деймин мен.

— Ананчы. Келебиз деп көксөгөндөр көп. Бирок биздин шартта үч-төрт иштин башын башкарган адамдар гана керек.

— Дың жер кандай? — деп сурайм Умарбектен.

— Дың жердин көбүн өздөштүрүп бүттүк. Эми кош айдап, эгин эгип, түшүмүн жыйнап гана туруу керек.

— А тээтиги жондун түздөрүчү,— дейт башкы инженер дарыянын аркы өйүзүндөгү тоонун теп-тегиз жондорун көрсөтүп.

— Ага да жетебиз.

— Ошондой де. Жер көп али. Айда да сеп. Туурабы? — Умарбек да «туура» деп башын ийкейт.

Арпа-Төктүдөн бир аз өтүп Чаткал өрөөнү бүтөт.

Андан ары Киров районунун территориясы башталат. Кубаттуу техникалар азыр ушул жерде. С-100 маркасындагы тракторлор тоо этектерин кыркып, алп ЗИЛдер шагыл таштарды таштайт. МАЗдар темир-бетон трубаларды тээ жүздөгөн километр алыстыктагы Ош, Жалал-Абаддан тартып келишет.

Мына ушинтип Чаткалдын келечеги чечилүүдө. Ал кокту-колоту төрт түлүк малга жайнаган өрөөнгө айланат. Партиянын райондук комитетинин жооптуу кызматкерлеринин айтуусуна караганда эт өндүрүү мында өнөр жайлык негизде жүргүзүлөт: МЖСте 1200 ири мүйүздүү малды бордоп семиртүүчү база, гранулятор кошулган күнүнө 30 тонна аралашма тоют иштеп чыгаруучу завод курулат. Азыркы Чаткал өрөөнүндөгү 7500 кой келечекте 120 000ге жетет. Тогузунчу беш жылдыктын акыркы жылында Ала-Бука району мамлекетке болжол менен 45 тонна эт сата турган болот. Мына ушунчалык этти берүүчү малдын жем-чөбүн жалаң гана Чаткал өрөөнү берет. Бул үчүн ушул күнгө чейин өздөштүрүлгөн 8000 гектарга жакын жер 10 000 гектарга жетет.

«Чаткал» совхозунда административдик борбор, участоктук оорукана, мончо, клуб, балдар бакчасы, «Ак-Таш» совхозуна соода борбору (курулуп бүтүп калды), турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, клуб, 320 орундуу орто мектеп, мончо курулат. Келечекте... Анын баарын айтып түгөтүү мүмкүн эмес.

Кыскасы, өрөөнгө чабул койгон адамдардын турмушу кескин өзгөрөт. Буга «мал чарбачылыгында калып иштейбиз» деген үндөө менен кайрылышкан «Чаткал» орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүнүн демилгеси далил болот.

Жетимишинчи жылдардагы республиканын комсомолунун эпкиндүү участогу — Чаткалдын чоң дыңынын бүгүнкү күнү мына ушундай.

«Дың жер Казакстандын же Алтайдын талаалары

менен гана бүтүп калбайт. Дың жер — бул Сибирдин түнт токойлору, Түндүктүн тундрасы, Орто Азиянын чөлдөрү». КПСС БКнын Генеральный секретары жолдош Л. И. Брежневдин дың жерлерди өздөштүрүүнүн 20 жылдыгына арналган Алма-Атадагы салтанаттуу заседаниесинде сүйлөгөн сөзүнөн улам Чаткалдын дыңынын эртеңки күнүн элестетем. Партиянын Ала-Бука райондук комитетинин жооптуу кызматкерлеринин мына бул жообу менин кыялымдагы нерсени иш жүзүнө ашыргансыйт.

— Албетте, жаңы дың жерлерди өздөштүрүү башта пландаштырылбаган көп чыгымдарды талап кылат. Ал жер шартына жараша болот. Мисал үчүн, биздин область боюнча эле алганда, бир гектар дың жерди өздөштүрүүгө жумшалган чыгым орто эсеп менен бир миң сомдон ашып түшөт. Ал эми Чаткалдын дыңы Ош областы боюнча гана эмес, бүтүндөй республика боюнча эң арзан — 861 сом. Биздин эсебибизде бул өрөөндүн жаңы жерлерин өздөштүргөндө бир гектар аянтка жумшалган чыгым ушунчалык болду.

— Мына ушул кеткен чыгым канча жылда кайтарылды?

— Бир гана жылдын ичинде...

— Бир эле жылда?

— Ооба, бир эле жылдын ичинде.

Чаткал машина-мал чарба станциясынын коллективи бир жылдын ичиндеги чарбаларга саткан тоюттун чөбү менен эле мамлекеттин карызынан кутулуп кетти.

— Демек, ал азыр кирешелүү чарба экен да.

— Ооба. Кирешелүү, келечеги кең чарба. Жалаң гана ал эмес, бүткүл өрөөндүн келечеги адамды суктандыра турган болот. Аны өзүңүз да туйгандырсыз.

Ананчы. Чаткалдын бүгүнкүсүнөн эртеңкиси сонун болот. Бул турган сөз. Анын келечеги жаңыдан гана башталып олтурат.

Башталышы ушул. Мындан да укмуш болот. Ишенип койгула.

*1976-жыл, июнь.*

* * *

Ошондогу чабуул Чаткал аймагына чоң ийгилик алып келди. Мал киндиктүү өрөөндүн келечегин, аны мекендеген адамдардын жаркын тагдырын эске алып, аймакты дагы гүлдөтүү үчүн өкмөт менен партия Чаткал районун кайрадан уюштурду. Бул камкордукка шыктанышкан өрөөндүн балбан билек дыйкандары менен күжүрмөн малчылары улуу чабуулду улантышып, партиянын XXVI съездинин тарыхый чечимдерин иш жүзүнө ашыруу үчүн кайраттуулук менен эмгектенишүүдө.

## АТАДАН КАЛГАН КОРОО

Экономиканын кайсыл тармагын болбосун байлыгын арттырып жаткан эр азаматтардын эмгегине сыймыктанат экенсиң. Андай адамдар менен болгон ар бир жолку аңгемелешүүң көпкө эсиңен кетпей, ошол адамың жөнүндө жылуу сөз укканыңда өткөндөгү көргөн-билгендериң, көкүрөктө калган сезимдер кайрадан кайталана, кадимкидей көз алдыңа келе түшөт тура.

Данияр Чойбеков. Азыр кыялымда мына ушул адамдын турпаты, сүйлөгөн сөздөрү. Кыска, бирок унутулбай калган элестер.

Аны менен миң тогуз жүз жетимиш экинчи жылдын март айынын аягында жолугушканбыз. Кычыраган кыштын ызгаарынын мизи кайтып, жаз көктөмү башталган. Ошентсе да кыш деле моюн сундурбачудай, өктөм. Ышкырган катуу бороону болбогону менен, талааларда калың кар жатат. Айлана ап-апак, ийненин көзүндөй кара чекит көрүнбөйт. Машина каттаган жалгыз

жолдо гана кар жок. Кар астынан сыргыган араң жан суулар көлчүктөргө кошулуп, ары-бери өткөн машиналардын дөңгөлөгүнөн чачырап жардын бетине кара так калтырат. Бул марттагы — көк жашыл тартып көйкөлчү жаздагы көрүнүш. Бул да болсо жаздын кечиккени.

Колхоздун малчыларына бул кыйынчылык анчейин сезилбегендей. Жай менен күздө топтолгон үймөктөрдүн чети бузулбай, бүпбүтүн. Колхоздун тоют даярдоочу борбордук пунктунун адамдары бул чөптү үнөмдөшүп, жем аралаштырып ун кылып таркатат короолорго. Бүрү күбүлбөгөн көпкөк бедени жүктөп автомашиналар менен чиркегич тарткан тракторлор кокту-колоттордогу кой короолорго сапар тартат.

Колхоздун азыркы председатели Насыржан Карабаев анда партиялык уюмдун секретары эле. Мына ушул киши менен баратып арыктын жээктериндеги кыркылган талдын бутактарына таңыркай караганым да эсимде. Аны чиркегичтерге жүктөп жатышыптыр.

— Муну тубар койлорго беребиз. Талдын кабыгы тубар койлорго табылгыс белок экенин адистер далилдешүүдө. Аны жеген кой да, козу да тез жетилет,— деген Насыржан Карабаев.

Кара-Кырга бараткан жолдогу биздин көргөндөрүбүз ушулар.

Кара-Кыр. Бул жердеги тоонун аты ушундай. Кыялымда самап, издеп бараткан адамым — Данияр акенин короосу ушул тоонун боорунда. Кичинекей дөбөнүн үстүнө жаңыдан жасалган короодон Барпы колхозунун борбору Барпы айылы алаканга салгандай дап-даана көрүнөт. Кара-Кыр чылк ак кымкап жамынып, жаз алдында алда кандай элес берген ошондо.

Тоолор жана адам. Анан мал. Данияр аке менен болгон аңгемелешүүмөн кийин тоолор мага баштагыдан да сыйкырдуу сезилген. Эмнегедир тоолордун тарыхын ойлоно кеткем, өзүмчө эле кыялдана. Ал эмнелерди гана көрбөгөн. Тоо өрдөп кеткен анын бир таман жол-

дорунан кимдер гана баспаган. Кимдер гана чубатып кой айдабаган. Аталардан калган тоолор, аталардан калган чыйыр жолдор. Мындан бир нече жыл мурда кандай эле, бул тоолор? Мына ошондон бери канча жолу кар жеп, канча жолу бооруна гүл өстүрдү экен? Кызык. Бирок, мунун өзү турмуш. Атанын койлору жайылган тоолордо баласынын койлору оттойт.

...Ал отуз алтынчы жылы эле. Сузак районунун азыркы Барпы колхозу анда жети-сегиз чарбадан турган чачыранды чабал колхоз болчу. Адеп колхоздоштурууга кошулган адамдардан жүз элүүдөй кой топтолгон. Чойбек карыя колхоздун «бүтүндөй байлыгын» баккан чабан болду. Ага азыркыдай эмгек акы да төлөнбөдү, элдин мүлкүн асырап, байытып жүрөсүң деп барктаган киши да болбоду. Чойбек карыя булар жөнүндө ойлобосо да керек. «Бул менин ыйык милдетим, адамдык парызым. Теңдик заманга жеткениме миң мертебе ыраазымын. Байдын таягынан, жанды кашайткан залим сөзүнөн кутулдум. Эми эл үчүн, өзүмүн балдарымдын бакты таалайы үчүн эмгектенишим керек» деген гана ой менен жашап, ошол учурдагы не бир татаал кыйынчылыктарга моюн бербей иштеди. Чойбек карыянын эмгеги миң эселенип кайтарылды. Мына ошол жүз элүүдөй кой баккан жети-сегиз чарбанын койлору эми жыйырма миңге жетти. 20. 000 Айтканга оңой...

Данияр анда ат жалын араң кармаган жаш бала эле. Мезгил өткөн сайын эр жетип, элдин керегине жарай турган жигит болду. Батыштан согуш оту алоолонгондо ал да журт менен кошо аттанды. Ырас, кийинчерээк, канкор фашисттердин мизи кайтарылып, кан жутуп чегине баштаганда согушка катышты. Кырк үчүнчү жылы ата-энеси, тууган жери менен кош айтышкан жигит элүүнчү жылы гана кайтып келди. Келери менен атасынын короосун колуна алды. Мына, андан бери туура жыйырма беш жыл өттү арадан байкалбай. Ошондогу бир жашар бөбөк жыйырма бешке толду.

Ообек тоосу — барпылык чабандардын жайкы жайлоосу. Көк тулаңы көйкөлгөн ал түздүктөргө Данияр аке анчейин көңүл бөлбөйт. Анын жайыттары бийик тоолор, кайберен оттоочу залкар аскалардын этеги. Элчилеп бир ай, жарым айлап жайлоо жайлабайт. Ашып кетсе беш күн олтурат күчтөнүп. Анан тоо өрдөп, илгерилеп кичипекей чатырын жайып, аялы экөөлөп кыр-кырга көчөт. Казан асканга оңой дешип, тегиз жер тандашпайт. Койдун жайылышына көз салганга ылайыктап казык кагышат.

— Жайкысын Даниярдын короосун оңойлук менен таба албайт. Ал тургай канаатташ конушкан чабандар да билбей калышат, анын каякка жылып кеткенин,— деп тамаша-чынды аралаштыра сүйлөгөн парткомдун секретарынын сөзүнө чабан уялгансып, минтип жооп берген:

— Анныңыз да ырас. Бир жерден былк этпей отурганга чыдабайм. Атам ошентчү. Мен да ошого көнүп калсам керек.

Анын ушул сөзү мени бир топко ойлонткону эсимде. Анткени, улуу тоолордо адатта эчкилер гана оттойт эмеспи. Ал эми мына ошол коркунучтуу чокуларга чейин кой жайганды биринчи жолу угушум. Чабан менен кош-тошоордо мен үчүн купуялуу сырды билиш үчүн сураган менин сөзүмө ал минтип жооп кайтарган:

— Чөптүн да чөбү болорун кыргыз баласы жакшы билет. Малды семиртип, чыңалтчу чөп жайыктагы түздүктөрдө аз болот. Анын баары бийик чокуларда гана өсөт.

Ар бир ишти кесип туткан адамдын ар биринин башкалардыкына окшошпогон өзгөчөлүгү бар деген сөздүн так мааниси ушул тура. Албетте, кыр-кырды ашып-конуп, бийик чокуларга кой жаюу кыйын да, коркунучтуу да. Бирок Данияр аке үчүн бул көнүмүш иш. Анын дагы бир өзгөчөлүгү бар башкалардан айырмаланган. Ал күзгү жайыт. Чабандар адатта жайлоодон түшкөндө койлорун сазга айдашат эмеспи. Данияр аке бул мез-

гилде жону теп-тегиз болуп семирген койлорун күзгү саргая бышкан кургак чөпкө жаят. Көк чөпкө жакындатпайт. Күзгү көк койдун майын шылып салат дейт чабан.

Чабандын ушул өңдүү көп жылдык машакаттуу эмгегинин жемиши миң тогуз жүз жетимиш биринчи жылы башталды. Ал жылы ар жүз тубар койдон бир жүз отуз төрттөн козу алды. Райондун белдүү чабандарынын катарына кошулду. Атактуу чабандардын катарында анын көкүрөгүнө биринчи жолу Октябрь революциясы ордени тагылды.

Сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыктарын чыгарууга арналган Сузак районунун алдыңкы чабандарынын чогулушунун өтүшү али да көз алдымда. Көкүрөгүн ордендер менен жаркылдаткан өңчөй чабандар жупуну эмгектеринин өкмөт менен партия тарабынан жогору бааланып жатканына жетине албай сыймыктанышат. Өкмөттүк жогорку сыйлыктарды алып жатып көкүрөккө батпаган кубанычтан апкаарыша, дагы мыкты эмгектенүүгө сөз беришкен.

— Ар жүз тубар койдон 135тен козу, ар бир койдон 3,5 килограммдан жүн алууга жетишем,— жыйындагы Данияр акенин убадасы ушундай болду.

Андан бери арадан үч жыл өттү. Мезгил менен кошо анын турмушунда да чоң өзгөрүүлөр болду. Тогузунчу беш жылдыктын үчүнчү — чечүүчү жылында ар жүз тубар койдон 135тен төл алуу жөнүндөгү социалисттик милдеттенмесин ашыгы менен орундатса, андан кийинки жылы төлдүн санын 150гө жеткирип, ар бир койдон 4,1 килограммдан жүн алды. Көкүрөгүнө экинчи сыйлык — Ленин ордени тагылды. Мындан кырк жыл мурда бүтүндөй колхоздун байлыгы буга жетпеген. Мына эми атасынын ошондогу койлорунун ордун бир жолку төл менен толтурду. Жүз койдон гана. Ал эми карамагындагы 450 койдон алынган төлдүн жыйынтыгын чыгарсачы... Ох-хоо. Атасынын көзү тирүү болсо бар

эмеспи, көргөн көзүнө ишенбей, төбөсү көккө жетип сүйүнмөк.

Чабандын сүйүнө турган дагы бир кубанычы бар. Ал — тун уулу Абдыкадыр. Орто мектепти бүтөөрү менен ата кесибин улантам деп анын чабандык таягын алган. Адегенде төл алуу маалында сакмалчы болуп жардамдашты. Бир жыл өтпөй жардамчы чабандыкты алды. Атасы баласынын бул аракетине бөтөнчө ыраазы. Жаш болсо да тикеси менен тик туруп, төл алууга бүткүл ыкшысын койду.

— Абдыкадырымын келечекте жакшы чабан болоруна толук көзүм жетти,— дейт Данияр аке.

Мына ошентип, атадан калган короо неберееге өттү. Мал менен өсүп, мал менен тиричилик өткөргөн адам үчүн мындан артык кубаныч болбойт.

Тоолордо тоодой өмүр бар дегендин калети жок го. Себеп дегенде кыргыз Ала-Тоосу канчалык бийик болсо, мына ошол залкар тоолорду мекендеп, күтүрөтүп мал баккан адамдарынын кадыр-баркы да ошончолук бийик. Тоодо жашагандар тоодой бийик жеңиштерди жаратышат. Мындай адамдарды элибиз да бийик тутуп, жогору баалашат.

Бул ишеним Данияр акеге да ыйгарылды. Аны менен чогуу иштеп, чарбанын байлыгын чогуу байыткандар Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына бир добуштан шайлашты.

Атадан калган короо. Ооба, атадан калган короо, ага кыянаттык кылбады. Данияр ак дили менен адилет эмгегин аябады. Бүткүл ой-мүдөөсүн арнады. Жаштык кайратын арнады. Айрым чабал адамдардай атанын короосу колмо-кол болбоду. Жалгыз гана өзү багып-күттү.

Бул анын биринчи жолу журтчулуктун жогорку ишениминe арзып, республиканын жогорку органына депутат болуп шайланышы эле. Өзүнүн шайлоочуларынын ишенимин абийир менен актап, койлордон төл жана жүн

кыркып алууда да мыкты көрсөткүчтөргө жетишти. Ийгилик артынан ийгилик жаратып, улам жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылууда. Айрыкча 1979-жыл ал үчүн эң жогорку чокунун жылы болду — карамагындагы ар жүз тубар койдон 189дан козу алып, Кыргызстан боюнча рекорд койду. Ошол жылы онунчу беш жылдыктын төрт жылындагы залкар ийгиликтери үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болду.

Эмгегинен баар тапкан Данияр Чойбековго жердештери экинчи жолу чоң ишеним көрсөтүп, 1980-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлашты. Тажрыйбалуу чабандын максаты бул ишенимге талыкпаган эмгеги менен жооп берүү.

*1981-жыл, январь.*

## ЭМГЕК БАКТЫСЫ

Күндүн ысык-суугуна, шамалына жүзү тотуган кара тору аялга сырдуу кадалам. Мына ушул аял 14 жашында колуна кетмен алып, талаага чыккан. 1939-жылы ал Москвада өткөрүлгөн эл чарба жетишкендиктеринин биринчи көргөзмөсүнө катышкан.

Ошондо эселек кыз эмнелер жөнүндө ойлонду экен? — Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты. Ушунчалык жогорку ардак-даңкка ээ болом деди бекен? Өзү туулуп өскөн айылдын бир бригадасын, бүтүндөй бир өрөөндүн элинин жоопкерчилигин алып, асфальтталган даңгыр жолдон «Волгасын» айдап,ырахаттанарын билди бекен? Ай, ким билет, үч уктаса түшүнө кирбеген чыгар анда.

Талаа станына келип, көйкөлгөн жашыл талаага көз чаптырып, ойлуу турган Саадатты карап, ушуларды ойлоймун. Эмнелер жөнүндө ойлонот болду экен азыр? Балким, өткөн күндөрүн эстеп жаткан чыгар.

Өткөн күндөр демекчи...

Анын турмушу — пахта өстүрүүчү аялдардын турмушу. Кол эмгегин жеңилдетип, биринчи жолу трактордун рулуна олтурган биринчи кыргыз кыздарынын турмушу. Согуш башталды. Чарбанын оор жүгүн аткарган эр-азаматтар майданга кетишти. Эрдин, сүйгөн жардын, турмуш карызын кыздар аткарышты. Саадат 1943-жылы Сакалдыдагы МТСтин алты айлык тракторчулук курсун бүтүрүп, биринчи жолу рулга олтурду. Ошондон бери рулда. Андан бери айыл чарба машиналары ата Мекендик жаңы механизмдер, тракторлор менен толукталды. Саадат анын бардыгын үйрөндү, өздөштүрдү. Бүткүл өмүрүн ушул татаал ишке арнады.

Ал өзүнүн турмушу жөнүндө кеп козгойт. Анын өмүрү техникага ээ болууга кызыккан азыркы кыздарыбыздын сыймыгы. Саадат эжедей «көгүлтүр кораблдин» командирлери болсом деген кызды ар бир чарбадан, айылдан кезиктиресиң. Биздин элибиз да ага ишенип, урматтайт. Төрт катардагы пахтаны терүүчү комбайнды сыноону республикабыз 1966-жылы бүткүл Кыргызстан боюнча биринчи жолу ага тапшырды. Бул татаал механизмдин «тилин таап», башкара билди. Мына быйыл эки жылдан бери ушул комбайнда иштейт. Бул Саадаттын отуз жылдан ашуун эмгегинин хроникасы. Анын ар жылкы, ар күнкү ишине сүңгүп, аны терең билүүгө кызыккан адамдарга мындан анын уюштуруучулугу, адамкерчиликтүү мээрими даана бадырайып көрүнөт. Саадаттын бригадасы жыл сайын «ак алтындан» мол түшүм алып, аянттын түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрүн далилдөөдө.

— Пахта да жаш баланын сыңарындай. Убагында жакшы карап, жакшы бакпасаң ал да кароосуз баладай жүдөп, начар өсөт, түшүмдүүлүгү да болбойт. Чигит жер бетине кылтыйып чыккандан баштап пахтачылардын түйшүктүү иштери башталат. Ушул качан жетилет деп ар бир күндү эсептешет. Талаада жарыш кү-

чөйт, кошумча азыктандыруу, сугаруу жана катар аралыктарды иштетүү бардык звенолордо жүргүзүлөт. Мындай шартта чигиттин өсүшү кечеңдейт. Дыйкандар мына ошондо эле чигиттин ар бир түбүн эсептөөгө киришет. Жүздөгөн, миңдеген центнер «ак алтын» мына ошол ар бир түп гозодон башталат.

Ушинткени менен, Саадат андан аркы ишти, дыйкандын көңүлүнүн чордонундагы ойлорду менден жашыргандай болот. Бул анын жөнөкөйлүгү. Ал жөнү жок мактанганды жаман көрөт. Мүнөзү ушундай.

— Айтыңызчы,— дейм мен ага,— сиз жерди жаныңыздай сүйөсүз. Анын ар бир гектарын, кетмен чабым жерин аспиеттейсиз. Мындай касиеттер сизде кандайча жаралган?

— Жерди бакпаса, карабаса ал асыл бербейт. Анда тиги боз белдерде, тоолордо бош жаткан жерден эмне айырмасы? Дыйкандар «жерди бакпасаң, маңдай териңи төкпөсөң, андан эч нерсе алалбайсың» деген ата-бабадан берки келаткан сөздү эстеринен чыгарышпайт. Бул алар үчүн закон.

Мен андан өзү жөнүндө көбүрөөк айтууну өтүнөм.

— Эмнени айтам? Иштегенибиз жер. Ал биздин колубузду карайт, билегибиздин күчүн күтөт. Башка дагы эмне...

«Ал биздин колубузду карайт». Ушул төрт ооз сөз мени көпкө ойлондурат. Жөн гана айтылгандай, бирок анын түпкүрүндө терең ой, дыйкандын философиясы жатат. Саадаттын ушул эле сөзү мага ал адамдын өзү жөнүндө көп нерсени айтып бергендей болот.

Баатырды баатыр кылып өстүргөн анын эли билет тура. Бул сөздүн чындыгын мен эл менен сүйлөшө келгенде билдим. Алар мага Саадаттын кандай адам экендигин айтып беришти.

— Ал өзгөчө бир жаралган адам,— дешет чарбанын коммунисттери.

Өткөн жылы жибек куртун таркатуу мезгилинде бир

кызык окуя болду. Анын бригадасында иштеген бир аял иштин машакатынан корккон көрүнөт, курт таркатуу жүрүп жатканда келинин ээрчитип, башка бир айылга кетип калыптыр. Эмне болду дебейсизби? Ал аялдын энчине бөлүнгөн куртту Саадат өзү бакты. Бир ооз сөз каткан жок кээ бир чабал жетекчилерге окшоп, «таап кел» деп тиги аялдын артынан киши да чаптыртпады.. Пилланын машакатын билбеген киши анын эмне экенине түшүнбөйт, куртту баккандан көрө бир короо кой баккан жеңил. Жалбырак ташып жеткире албайсың. Бирок Саадат сыр алдырбады. Колхоздун да ишин аткарды, курттарды да бакты. Акырында: милдеттенмеден ашыкча пилла тапшырды. Кийин да сен ушинттиң деп тигил качкан аялды күнөөлөбөдү, бир ооз сөз айтпады. Акырында, тигил аял келини менен атайылап келип Саадаттан кечирим сурады.

Бул окуяны адамдар али да сөз кылып жүрүшөт. Ананчы, мындай адамкерчилик бардык эле адамдар жасай албайт. Эгер анын ордунда башка бирөө болсо аялды барган жеринен алдыртып, көпчүлүктүн ортосуна салып, абийирин төкмөк. Бирок унчукпай коюу билген адам үчүн жемелеп, урушкандан да катуу экендигин тигил аял түшүндү.

Анын артынан дагы бир кызык окуянын күбөсү болдук. Ал Москвага СССР Жогорку Советинин сессиясына кеткен. Суу тартыш эле. Бир литр суу үчүн сугатчылардын бири-бирине кетмен көтөрүшкөн күндөрү болгон. Анын бригадасындагы К. Ташматовдун звеносундагы 10 гектарга жакын аянт суудан өксүй түштү. Саадат борбор шаардан келери менен талааны бир сыйра кыдырып чыгып, ушул жерге келип токтоду. Иштин жайын түшүндү. Колхоздун председатели менен башкы агрономун ээрчитип келип талааны көрсөттү.

— Суу керек, мүмкүн болушунча азыр.

Бригадирдин талабы орундалды. Суу ошол замат

суудан өксүгөн аянтка бурулду. Мына ушинтип, аянттын түшүмдүүлүгү сакталып калды.

Биздин Саадат ушундай. Ал эмгек менен кошо адамдардын маданияттуу жашашы үчүн, колхоздук маданияттын гүлдөшү үчүн да кам көрөт. Айылдын борбоpуна Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон рахманжандыктарга эстелик орнотулду. Бул, албетте, айылдын жаштары үчүн бөтөнө сыймыктуу. Эки кабаттуу орто мектептин курулушу пайдаланууга берилди, азыр анда колхозчулардын балдары окуп, билим алып жатышат. Ар бир бригадага балдар бакчалары курулду. Бригадалардын аралыгындагы 80 километр жол асфальтталды.

«Ак алтын» дегендей. Рахманжандыктар былтыркыдай зор кубанычка бөлөнүшкөн эмес. Пахта кай жерде болбосун жакшы болду. Милдеттенмесин ашыра орундатпай калган бир да бригада, звено калган жок. О-оо, бул жыл алардын эстеринен далайга чейин кетпес. Колхоз боюнча эгилген 920 гектар аянттын ар бир гектарынан 35 центнерден түшүм алынды. Мамлекетке 3220 тонна пахта сатылды.

А Саадаттын ийгилигичи дешер окуучулар. 37 центнер! Ооба, ал башкарган № 5 комплекстүү-механикалаштырылган бригаданын мүчөлөрү 112 гектар аянттын ар бир гектарынан 37 центнерден «ал алтын» алды. Ал эми Саадаттын өзү машинасы менен сезондо 150 тонна пахта жыйнады. Бул эң сонун жетишкендик, эмгектик зор жеңиш.

— Сиз кайсыл учурду жакшы көрөсүз,— деп сураганым эсимде.

— Мен пахтанын толук ачылган мезгилин жакшы көрөм. Мына ошол мезгилде апапак болуп ачылган талаада өзүңдүн «көгүлтүр кораблиңди» айдап баратсаң көзгө ушунчалык кооз, ушунчалык ырахаттуу сезилет. Талаада той болуп жаткандай көрүнөт мага.

Саадаттын мына ушул учурдагы шайырдыгынан пай-

далана калып, мен андан өзүнүн курдаштары, артында өсүп келаткан механизаторлор — кыздардын келечеги жөнүндө сөз козгойм.

— Албетте,— дейт ал, механик-айдоочу кыздардын катарларынын өсүп келатышына сыймыктанамын. Кыздар техниканы ишенимдүү башкаруу менен, өндүрүмдүү да иштеп жатышат. Өткөн жылда алардын көпчүлүгүнүн машина менен пахта жыйноо боюнча милдеттенмелерин толук аткарышына кубанам.

Коммунист, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Саадат Ногоева мына ушундай адам.

Мен жакында дагы бир кубанычтуу кабар уктум. Саадат өткөн жылкы эмгеги үчүн СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн алтын медалы менен сыйланды. Дагы бир сыйлык. Дагы бир кубаныч.

Буга кубанбай коюуга болбойт.

*1975-жыл, сентябрь.*

## АБШИР ТААСИРЛЕРИ

Кызыл-кыялык кенчилер күн сайын түпкүрдөн 3 305 тонна «кара алтын» казып алышат, анын 60 тоннасы пландан ашыкча. Бул цифра жылдан-жылга жогорулоодо. Кууш аралыктагы метод менен көмүр казып алууну көбөйтүү жөнүндөгү партиянын съезддеринин Директиваларын турмушка ашырып, кенчилер баштагы шахтылардын реконструкциялоо жумуштарын бүткөрүшүп, түпкүрдү дагы тереңдетип, горизонталдык катмарлардан көмүр алышууда. «Кара алтынга» койну толгон түпкүр да алардын кайраттуу эмгегине койнун ачып, бар дөөлөтүн, бар байлыгын марттык менен тартуулоодо.

Ар жактан кызыл-кыялыктардын даңкын көтөрүп,

атагын арттыруучу дагы бир экинчи шахта койнун ачты. Ал атактуу Абшир разрези. — Кызыл-Кыянын экинчи келечеги. Элүү чакырымдай алыста, төө өркөчтөнүп бири-бирине ыкташкан Абшир кырка тоолорунун арасында ал разрез. Асфальт жол. Алдыбыздан көмүр ташыган кубаттуу БЕЛАЗдардын сапары үзүлбөйт. Шофер бизди зериктирбей уламыштан кеп козгойт.

Азыркы биз барчу Абшир разрезинин түштүк-батышына кеткен чакан жол жүргүнчүнү түз эле жалама аскага алып келет. Аска ушул жерден куду бирөө кылыч менен жара чапкандай экиге бөлүнөт да ортодон шаркырап суу агат. Ал Абшир шаркыратмасынын суусу. Анын жаралышы өзүнчө бир керемет.

Мына ошол сол жаккы асканын дал ортосунда бирөө кетмен менен атайылап оюп алгандай тешик бар. Дал ошол тешиктен апапак болуп мөлтүр суу атырылат. Ал Абшир шаркыратмасы. Илгеркилердин айтымында бул жерден адегенде сүт аккан экен. Бул легенда, анын чындыгын эч ким билбейт. Бирок шаркыратма жашап жатат, мунун өзү чындык. Асканын үстү тептегиз таш, ууртам суу таба албайсың издеп жүрүп. Анан минтип, жалама асканын боорун жарып суунун акканы өзүнчө бир кызык. Чебер табигаттын бул кереметине суктанбаган, аны билбеген Кызыл-Кыя өрөөнүндө бир дан жан жок, ал баарыга маалым. Бул легенда эмес, бүгүнкү чындык.

Заңкайган тоонун ортосунда заңгыраган эки кабаттуу имарат бар. Мындан башка айланада бир да курулуш жок. Бул Абшир разрезинин административдик борбору.

Жаңы разрезди өздөштүрүү, аны өндүрүшкө кийирүү белгиленген пландан бир жыл мурда бүткөрүлгөн. Жаңы борбор 1970-жылдан тартып көмүр бере баштады. Көмүрдү ачык жол менен казып алуу озгон темптерде жүргүзүлүүдө. Бул жаңы ыкма менен көмүр казып алууга Орто Азиянын көмүр өнөр жай ишканаларынын ичинен

бул жерде биринчилерден болуп ишке киргизилген. Буга сыймыктанабыз.

«Адам суктана тургандай». Жок, сөз таба албайм, эч бир ылайыктуу сөз келбейт оозума. Бул бир ажайып көрүнүш, эгер жомоктогудай десе туура болмок, бирок бул чындык, өз көзүм менен көрүп, өз көөдөнүм менен сезип турган турмуштук чындык. Маңдай жагымда заңкайган тоолор. Алардын биринде биз турабыз. бирок ал тоо азыр жок. Анын боору — тилке-тилке болуп тилинген катмарлардын бардыгында машина жүрчү жол, кубаттуу экскаваторлор.

Кызыл-Кыяны Абширсиз элестете албайсыз. Аны көрмөйүн бул аймактын эртеңки келечегин да элестете албайсың. «Алтын оңойлук менен табылбайт, ал дайыма терең болот, терең жатат». Илгеркилердин бул айтканы чын белем? Мына, карачы, заңкайган улуу тоонун топурагын, катмарланган таштарын үстүнө үйүп, тээ алыста түпкүрдүн тереңинде жатат «кара алтын». Ушул күн нуруна чагылышкан «кара алтынды» алыш үчүн адамдар не бир алп, тоонун таш-топурагын омкоруп, не бир убаракерчиликке түшүп эмгектенишет.

Түпкүрдүн «кара алтынына» кол сермеген мына ушул адамдар каржалып кыйналышабы, азап чегишеби. Күмөнүм бар. Аларды азапка салчу кымындай кыйынчылыкты көзүм көрбөйт. Бул разрез менин көзүмө өлкөнүн эң зор курулуш борборун элестетет. Тоонун башын омкоруп, түмөндөгөн кызмат аткарып жаткан мына бул 24—32 тонналык жүктү көтөрчү нардай болгон алп БЕЛАЗдарды башта эч жерден көргөн эмесмин, бүтүндөй бир чоң үйдүн ордундай жерди ээлеген кубаттуу экскаваторлорчу. Бул да жаңылык, буларды да биринчи көрүшүм. Мына ушул кубаттуу техникалар менен адам чарчайбы, тердеп-тепчигеби. Кара жумушка каржалып, кыйналып кысталган бир да жан жок. Ал тургай БЕЛАЗдар жүрчү сокмо жолдорго суу чачып, бопураган тоонун чаңын жоготуп суу чачуучу автомашиналар

жүрөт разрезде. Мына ушул кубаттуу техникалардын күчү менен гана разрез бир жыл мурда өндүрүшкө киргизилген. Буларсыз мынчалык зор өлчөмдөгү иш эч качан болмок эмес.

Бул чындык. Буларсыз эч качан болмок эмес, буга күмөн саноого болбойт. Биз мына ушул алп техниканы башкарган эр азаматтардын бири Александр Бекетовго жакындап барабыз. Түпкүр тиги жогоруда гана тынч экен, а бул жерде кулак жаңырат.

Ал экскаватордук бригаданын бригадири. Александр узун бойлуу, кең далылуу орто жашап калган киши. Чекесиндеги нымшыган терин алаканынын арты менен сүртүнүп, олбурлуу колун берип учурашат бригадир.

— Кандай, Александр? Бүгүн да норма болобу?

— Сөзсүз. Норма кеппи. Иштен кам санабасаңыз деле болот. Көрүп турбайсызбы,— дейт ал жайдарылана.

Александр Бекетов разрездеги эң алдыңкы маяктарыбыздын бири. Өткөн жылы жалгыз өзү гана 1 миллион 130 миң кубометр кыртышты оодарды. Бул биздин республика гана эмес, бүткүл Орто Азия боюнча да эң жогорку көрсөткүч. Өтмө Кызыл Туу да, акчалай сыйлык да ушунун колунда.

Мындай маяктар бул чакан коллективде өтө көп. Түпкүрдүн тереңинде жаткан «кара алтынды» казууда эмгектенген Николай Чеб да досу Александрдан кем калышпайт. Көмүр алуу үчүн кезек күткөн бир да автомашина болбойт. БЕЛАЗдарды башкарышкан шоферлор Петр Храмшин, Эрмек Абдуллаев сыяктуу шоферлор Николайдын көмүрүн алары менен Кызыл-Кыяга жол тартат. Тоо кыртышын ташыган Сергей Маркушиндин сапары анчейин деле алыс эмес, мандайкы тоонун аркы капталындагы узун сайга алып барып оодарат. Ушундан улам анда бир минута да тыным болбойт. Разрез, андан ары тоо.

Өндүрүштүк план, продукциянын өзүнө турган наркы жөнүндө сөз козгойбуз. Көрсө, бул чакан коллектив

үчүн өндүрүштүк план орундалбай калган бир да ай, квартал боло элек экен. Ар бир тонна көмүрдүн өзүнө турган наркы бар болгону 7 сом 68 тыйынга айланат.

Абшир тоолорунун түпкүрү «кара алтындын» кенчине жык толгон, анын запасы түгөнгүс.

— Бул тоонун кыртышын алып бүткөнүбүздөн кийин аркы маңдайкы тоого чабуул коебуз. Анан андан ары сапар тартабыз. Кыскасы, Абширдин көмүр запасы далай жылдарга кызмат кылат. Болгону каз да ал,— дешет балбан билек экскаваторчулар.

— Демек, Абшир тоолорунун каскаддары бүтүндөй амфитеатрга айланат деңизчи.

— Туура айтасыз.

— Мына ошондогу Абшир панорамасын көрсөк.

— Ал күн да алыс эмес, мына азыр геологдук-чалгындоо тобунун адамдары мына бул тоого изилдөө жумуштарын жүргүзүп жатышат. Мында да көмүр бар. Ким билет, келерки беш жылдыкка жетпей эле балким анын да «кара алтынын» омкорууга киришербиз.

Партиянын чечимдери турмушка ашат деген мына ушул. Мындан он-он беш жыл илгери көмүрдү жалаң гана караңгы түпкүрдөн алчу элек. Минтип, ачык асмандын астында, тоо койнун жарып көмүр алуу эч кимдин оюна да келбеген. Бардыгы турмушка жараша өзгөрөт, өсөт деген ушул. Бул биздин жетишкендигибиз, түпкүрдүн жетишкендиги.

Кызыл-Кыянын келечеги — Абшир разрези бүгүн ушунчалык, а эртең, мындан он-он беш жылдан кийин кандай болот? Жолдо келатып мына ушулар жөнүндө кыялданам. Тоо өркөчтөнүп, бири-бирине кыналышып кыркалай созулган Абшир тоолоруна көз чаптырам. Ал башка тоолорго окшошпойт, этек боорлору кызарып, кызыл топурак. Өзгөчөлүгү ушул. Бул сыртынан караганда. Мына ушул кызыл бел тоолордун түбү, түпкүр терендиктери толгон «кара алтын». Анын байлыгы кылымдарга жетет, укумдан-тукумга кызмат кылат. Анда бар-

дыгы өзгөрөт. Тоолор да, мына бул жол боюндагы тамеки аянттары да. Электровоздор тоону жаңыртып, көмүр жүктөгөн вагондордун составдарын тартып алда кайда көз жеткис Мекенимдин алыскы түпкүрүнө жөнөйт. Дагы эмнелер болот. Аларды айтуу кыйын, билүү кыйын. Бирок болот, бардыгы болот. Балким азыр биздин көзүбүзгө укмуштуудай көрүнгөн мына бул БЕЛАЗдар, көмүр казуучу алп экскаваторлор оюнчуктай көрүнөөр. Түпкүрдүн «кара алтынын» казган кенчилер да өзгөрөр, алардын азыркы рекорддору да жаңыланар.

Мен булардын баары боло турганына,ишке аша турганына ишенем. Анткени, мага муну элүү жылдык турмуштун тажрыйбасы гана көрсөтүп, үйрөтүп олтурат. Мына ушуларды жараткан социалисттик коом мындан да көптү жаратарына ишенем. Ишенбөөгө, кыялданбоого болбойт. Анткени, Абширдин эртеңки келечеги кызыктырат, кыялдандырат.

*1972-жыл, май.*

## БИЗДИН АГАЙ

Биздин мектептин жанында катар тигилген мырза теректер көп боло турган. Аларды кимдин отургузганы белгисиз. Мына ошол кучак жеткис балбан дарактардын ак боорлорунда ийме-чиймеленип жазылган ар түрдүү адамдардын аттары бар. Алардын арасында сүйүшкөндөрдүн жана ушул мектепти бүтүрүп чыккандардын ысымдарын көп окучубуз. Кайсы бир бала согушка кетип, келбей калган агасынын атын окуп алып ыйлаганы да эсимде. Каникул мезгилинде мен агайымды аябай сагындым. Жаңы окуу жылы башталганда мына ошол мырза теректердин эң чоңун тандап алып, кылда

чокусуна чыктым да эч кимдин колу тие элек таза жерине «Жашасын менин сүйүктүү агайым Сармат Качикеев» деп жазып койдум. Мен сүйүктүү агайымдын аты түбөлүккө сакталсын деп балалык намысте кыялымда ушуну ойлодум, тиги ылдыйда жазылган ысымдардын арасынан бөлүп, жогору жазганым, аны бардыгынан жогору баалаганым болду.

Элүү үчүнчү жылдын жазы эсимде. Алашалбырт эле. Бул мезгилде тиги коңшу кыштактарга караганда биздин Караванда жаан көп болчу, күн бир бүркөлгөнгө жараса болду, төрт-беш күнгө чейин ачылбай, нөшөрлөп жамгыр жаайт. Мындай учурда сөзсүз сел жүрөт. Ал айыл үчүн коркунучтуу анткени, сай-колоттордон сыргыган жаандын суулары топтолуп келип, адегенде эле ушул биздин айылга урунат.

Сабактан чыксак жаан басылып, оргуштаган бозомук суулар арыктарга батпай, ашып-ташып киргилдеп агып жатыптыр. Сел. Ар бирибиздин оозубуздан ушул сөз чыкты. Алда кандай кокустукту сезип, балалык сезимдин жүрөк титиреткен коркунучунда турдук. Агайды күттүк. Бул учурдагы биздин таянар тообуз жалгыз гана ушул киши болду. Ал көпкө күттүрбөдү, класстык журнал менен кошо эми эле кыргыз адабиятынан жаздырган сочинение дептерлерибизди колтугуна кыстарып тез эле чыкты.

Селдин сүрү айбаттуу көрүндү. Суунун муздак шарпасынанбы же ар бирибиздин ички коркунучтуу туюк сезимдерибизден уламбы, денебизди калтырак басып үшүп чыктык. Агай биздин мунубузду туюп турду.

— Коркпогула, айланайындарым. Эч нерсе болбойт, сел эми эле токтойт. Кана, бириңердин колуңарды бириңер кармап, коркпостон баскыла.

Ал күн менин көз алдымда күнү бүгүнкүдөй даппдаана, ар сапар ошону эстесем жүрөктү мыкчыган коркунучтуу сезим менен кошо эч нерседен коркпогон, өз балдарындай сүйгөн окутуучумдун жандуу түспөлү ба-

дырайып көрүнөт. Агайдын окутуп билим бергени бир тең, чыныгы адамгерчиликтен ашкан табияты бир тең болду ошол күнү. Мына ошол коркунучтуу селде отуздай окуучу өз агайыбыздын ким экенин билдик.

Айылдын баш жагында жапыс казылган канал бар. Ал азыр кеңейтилген, ар кандай сел жүрсө да айыл үчүн коркунучсуз. Ошого чейин тынч эле келдик, анткени сел бардык жерди каптабай, бир гана нук боюнча кетиптир, биз суу жүрбөгөн жер менен келдик. Окуянын бардыгы мына ошол каналдын ары жагында болду. Каналдан ашкан суу ээ-жаа бербей жулкунат. Анын шары күчтүү, айбаттуу. Селди биринчи агай кечти. Анын колун кайсы бир кыз кармады, анын колун дагы бирөө. Бир аздан соң асмандан учкан каркыранын катарындай болуп тизилип, сел кечип бараттык. Бут калтырайт, кичине гана эпсиздик кетирсең суунун шары бутуңду жулуп кетчүдөй. Келатабыз. Кадам санайбыз, көздөр караңгылап, баш тегеренгенсийт. Бирок ал азыр анчейин гана эмес, агайдын айтканын кылып, сууну карабай, тээ алды жактан жарданып карап турушкан ата-энелерибизди карайбыз. Чынын айтуу керек, коркунучтуу. Алкымдан алгандай дирилдеген үн чыкты.

— Апа-аа...

Бүткүл денем омкорулгандай болду, былк этпей калтырап туруп калдым. Эмне болгонун билбейм — сууга акты. Ооба, сөзсүз балдардын бири сууга акты. Ушул гана оюмда.

— Токтогула!

Окуучулардын узун катарынын арты ийилип барып токтоду. Бардыгыбыз тең сууга агып бараткан Курманбектен көзүбүздү албай үрөйүбүз учуп коркуп карап турдук. Ал биздин арабыздагы тентек балдардын бири эле. Куйтуңдап келатканда буту тайып кетсе керек. Мына эми ал бопбоз ылай суунун арасында алп урушуп «апалап» кыйкырып баратат.

Агай кимдир бирөөнүн атын атап:

— Кармагыла, бала зыян тартпасын, кармагыла! — деп кыйкырды.

Атчан киши адамдардын арасынан бөлүнүп, сел аралады, суу аттын омуроосунан чыга түштү (көчөнүн башталышында мына ушундай эңкейиш жер бар эле). Кокус Курманбек ошол жерге жетсе эмне болот деп менде жан жок. Бирок тиги атчан ага жеткирбей узун чылбырды ыргытты. Курманбек аны шап кармап алды. Кийин жарданып карап турушкан энелерибиз ар бирибизди ээгибизден көтөрүп тооп кылып, агайыбызга өздөрүнүн алкыштарын жаадырышты.

Ошол мезгилде агайыбыздын жообу ар бирибизди таң калтырган.

— Эч нерсе эмес, мындан да кыйын күндөр болгон...

Бул сөздүн аягында кандай ойлор жатканын билген эмеспиз. Мугалимдик милдетин аткарып билим берет, а биз мектепке барабыз. Башка эч кандай артыкбаш эч нерсе жок, адамдык табиятты ыйык сактап, жогорку адамгерчилик сезимдерин арнап, билим берип жаткан ал кишинин жеке керт башы жөнүндө билүү бизди кызыктырбаган.

Арык узун бойлуу киши эле, анын курагындагы биздин айылдын адамдары бапайтып сакал күтүшчү, агайдын бар болгону өзүнө жарашыктуу муруту болчу. Анысын дайыма кырдырып, тегиздетип жүрчү, тазалыкты жакшы көрчү, карыса да таза кийинип таза жүрчү. Балдарды бөтөнчө жакшы көрө турган.

Сүйүктүү агайым жөнүндөгү менде калган эстеликтер мына ушулар. Бул жалгыз гана менин мугалимим. Бирок жакында анын бүтүндөй бир муундардын мугалими, тарыхый адам экендигин билип, аябай таң калдым, анын окуучусу болгондугум үчүн өзүмдү сыймыктуу сездим. Бул чындыгында да таң кала турган нерсе. Сармат Качикеев — кыргыздын таланттуу акындары Жоомарт Бөкөнбаев менен Темиркул Үмөталиевге ок-

шогон ондогон көрүнүктүү адамдарга билим берген адам экен.

Мына ушул очеркти жазаардан мурда мен өзүмө төмөнкүдөй суроо койдум. Мурдагы артта калган кыргыз адамдарынын көзүн ачып, Улуу Октябрдын тарыхый жеңиштерин элге жеткирип, кат-сабатты үйрөткөндөрдүн алгачкы армиясы. Кыргызстандын биринчи мугалимдери. Азыркы муундар буларды билүүгө тийиш. Алардын кыйынчылыктарын, алгачкы кубанычтарын айтуу тарыхтын милдети.

Сармат Качикеев — мына ошондой адамдардын бири. Ал 1893-жылы азыркы Чүй районундагы Шамшы айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1903-жылы Токмоктогу жети жылдык татар мектебине окууга кирет. Ооруп калгандыгына байланыштуу мектептин бешинчи классын 1911-жылы бүтүп чыгат. Андан кийин Башкырстанга келип, азыркы педагогикалык окуу жайынын деңгээлиндеги билим берген Галя атындагы мектепке кирип окуйт. Мектепте 1914-жылга чейин окуп, биринчи дүйнөлүк согуштун башталгандыгына байланыштуу үчүнчү курсту бүткөндөн кийин Токмокко кайтып келатып Ташкентте ооруп калат.

Ал жерден 1918-жылы мугалимдерди даярдоочу мектепке кирет.

Кара-Жыгач, Ак-Суу, Ак-Коргон, дагы Кара-Жыгач, Падек, Успеновка, Таш-Дөбө. 1919-жылы Ташкенттеги мектепти бүткөндөн баштап, өмүрүнүн акырына чейин мына ушул жерлердеги мектептерде иштеген.

1924—1928-жылдары Ак-Суудагы балдар үйүндө мугалим болуп жүргөн жылдарында жогоруда айтылган кыргыздын алгачкы эр жүрөк таланттуу акыны Жоомарт Бөкөнбаевге биринчи жолу тамга таанытып, көзүн ачкан. Анын мына ушул жылдардын ичиндеги өмүрү жөнүндөгү маркумдун улуу баласы Топчубай кызыктуу окуяларды айтып берет:

— Үйдөн атчан кеткен атам арадан үч-төрт күн өт-

көндө жөө келди. Мугалимдердин айлыгы да, бизге деген базарлык да жок, куру кол. Аны жолдон басмачылар тоноп кетишиптир. Атамын ошондогу мына бул аңгемесин эч качан унутпайм.

«Кош-Дөбөдөн өтүп, Ак-Сууну аралай баштагам. Маңдайдакы дөңгө чыгып, артымы карасам, ызгыган чаң көрүндү. Кутурган басмачылар — оюма дароо ушул келди. Башка бирөөнү кууп келатканбы деп эки жагымды карасам эч ким жок, демек куугунтукталган мен экенмин дедим да эптеп качуунун айласын таап, атка камчы урдум. Мингеним анча-мынча ат жеткизбеген жорго эле. Бирок Намангандан чыкканыма эки күн болгон, ошондон бери тынбай жүрүп келаткамын. Чаалыккан неме узакка жете албады.

Баягылар эки дөң ашырбай жетип келишти. Окутуучумун десем, турган жеримен мууздап кетишчүүдөй, жолоочумун дедим. Куржунду, койнумдагы акчаларым менен партбилетимди да жулуп алышты. (Билетими бекитүүгө үлгүрбөй калдым). Аттан оодарып аябай сабашты да кетип калышты. Эсиме келсем килейген чоң таштын жанында жатам. Тирүү калганыма сүйүндүм. Бирок да партбилетти тиги корбашчылары көрүшсө, сөзсүз кайра чаптырат деген ой эсиме келгенде, ордуман туруп, жашырынууга шаштым. Дөбөнүн асты шагыраган таш экен. Ошол жерге эптеп жеттим да жашырындым.

Бекер айтпаган экем. Көп өтпөй аттардын дүбүртү угулду, алар аябай эле көп сыяктанды. Баягы мени сабаган жерге келип токтошту. Сөздөрүн угуп жатамын, өзбекче сүйлөшөт.

— Кашайып эмне кылып жүрөсүң, төртүнчүнүн ким экенин билбей, турган жеринен мууздаш керек болчу. Кана эми таап көр, караңгыда самсыган томоякты...

Үн заардуу чыгат. Көрсө булар менин партбилетимди көрүшкөндөн кийин кайра артка чабышкан экен, ал эми тигилер болсо акчалуу болгонуна сүйүнүп кете бе-

ришкен тура. Көпкө издешти, бирок түн караңгылыгы мени өлүмдөн сактап калды».

Кара-Жыгач. Айрыкча тоо арасындагы мына ушул кичинекей айылга анын зор эмгеги сиңген. 28—30 жылдар эле, бул жерге анын экинчи жолу келиши. Биринчи жолкуда окуу деп дегдеген айылдын боз балдарын Кожобектин мал сарайында окутту. Экинчи жолку келишинде өзү мектеп салууга киришти. Аракети жалгыз болгон жок. Бүткүл айылдын адамдары жапырт киришишти. Өгүз арабаларын кошуп, тоодон жыгач кыйып, ташып келишти. Киркирөө. Бул айылдагылар муну азыр да жакшы билишет. Алар Григорий дегенге тили келбей «киркирөө» деп аташат. Узун бойлуу, кең далылуу сары киши эле, сүйлөгөндө да күркүрөп, алда кандай сүйлөчү. Мына ошол адам мектептин дубалына килейген кыштарды куюп, дубалын тургузду. Кыштык отунду окуучу балдар тоодон сүйрөтүп келишти. Мына ошентип, айылда биринчи жолу советтик мектеп курулду. Кийинчерээк 1934—1936-жылы директор болуп иштеген жылдары Кара-Жыгач орто мектебинин имараты салынды. Ал райондо курулган алгачкы мектептерден болду.

1943-жылы бизди селден куткаргандагы «мындан да кыйын күндөр болгон» дегенде көрсө мына ошол өткөндөгүлөрүн эстеген тура... Чын эле, ар бир акыл-эстүү адам бир саамга өзүн токтотуп ошол мезгилдеги кырдаалды, укмуштуудай кыйынчылыктарды көз алдына элестетип көрсүнчү. Биринчи сабак, биринчи мугалим, эскиликтин кучагында жүргөн караңгы айылда мектеп ачып, «А» деген арипти үйрөттү. Мына ушул кыйынчылыктардын бардыгына чыдаган жалгыз гана киши. Анткени, ал — жаңы өкмөттүн саясатын билген, ошол айылдагы жалгыз гана «көзү ачык адам». Бул ошол мезгилдин көзү менен караганда эң чоң баатырдык.

Сармат Качикеевдин сиңирген эмгегин райондун эмгекчилери жогору баалашты. 1948-жылдын кышы эсим-

де, анда биринчи класста окуучубуз. Кайсы бир танаписте мектептин директору Илья Илларионович Ким биздин агайыбыздын өкмөттүк эң жогорку сыйлык—Ленин ордени менен сыйланганын айтты жана ал орден жакынкы күндөрдө тапшырыла тургандыгын эскертти. Ошондогу биздин кубанычыбыз... Кол чапкылап, коёндой так секиребиз. Эмне деп айтарыбызды билбейбиз. Агай-агай-агай...

Аны тегеректеп колуна жармашабыз. Ал биздин ортобузда, курчап алганбыз. Эми ойлосом анын да кубанычы биздикинен кем калышпаган экен. — Балдар, айланайындарым, садагалар! — Ал кишинин ошондогу бизди эркелеткен сөздөрү ушулар. Көп узабай ордени да тапшырылды. Мектепте чоң салтанат болду. Окуучулардын оркестри, балдардын шаңдуу күлкүлөрү залды жаңыртты. Ошондогу агайымдын сүйлөгөн сөзү али да эсимде:

— Мени ушундай ардак-даңкка бөлгөн Коммунисттик партияга чын жүрөктөн ырахмат айтамын жана бул зор ишенимди актоо үчүн өмүрүмдүн акырына чейин эмгек кыламын. Балдар, улуу Лениндин «Окуу, окуу жана окуу» деген осуятын эсиңерден чыгарбагыла. Окуу адамды тарбиялайт, өстүрөт.

Кайдан табылганы белгисиз, кычыраган кышта агайга гүлдесте карматышты. Сабак башталганда анысын бизге бирден таркатып берди. Гүл жыттуу эле, ал агайыбыздын демин берип тургансыды. Анын көзүнөн жаш кылгырды, аны биз кубанычтын жашы экендигин сезип турдук.

Агай мындан башка да толуп жаткан өкмөттүк сыйлыктарга ээ болгон экен, аны мен жакында билдим. 1939-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен «Ардак грамота», 1944-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен ага Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими деген наам берилет. Кыргызстандын 20 жылдык юбиле-

йинде СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Кызыл Жылдыз ордени жана «Ата Мекендик согуштун жылдарындагы сиңирген эмгеги үчүн» деген медалы менен сыйланат. Элге билим берүүдөгү көп жылдык эмгегин жогору баалашып, 1947-жылы Караван районунун эмгекчилери Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат кылып шайлашат.

Жогорку сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндөгү Указдарды карап олтуруп өзү окуткан окуучуларынын сүрөттөрүнүн чоң коллекциясын көрдүм. Алардын бардыгы жаш балдар, көбүнчө жалгыз сүрөттөр, өзүнүн сүрөтүн таба албадык, анткени анын сүрөтүн эстеликке алып жүрүүчү адамдар өтө көп. Алардын арасынан агайдын ысымына жазылган Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын кызматкери Абдылдаевдин бир нече катын окудум. Ал улам-улам революцияга чейинки кыргыз айылдарындагы окуялардын жүрүшүн, айрыкча ал окуган Токмоктогу татар мектеби жөнүндө көп сураптыр.

— Жооп жазалбады. Бир-эки жолу мен өзүм барайын дегенин, келбей эле кой, өзүм жазып жиберемин деп болбой койду,— дейт улуу баласы ал каттарды кармалап.

Биздин сүйүктүү мугалим өз убадасында турду. Ал өмүрүнүн акыркы жылдарына чейин мугалимдик кесипте такай иштеди. 1958-жылкы катуу оору гана аны төшөккө жатууга аргасыз кылды. 1963-жылы ал дүйнөдөн кайтты.

Айылга барганымда дайыма агайымы эстейм. Ал дагы эле журнал колтуктап мектептен келаткандай, «балдарды окуткула, сөзсүз окушсун, билим алышсын» деп өз кеңешин айтып жаткандай элестетем. Аны сагынам. Биз анын берген билимине милдеттүүбүз. Баягы балалык кезимдеги бооруна жазган мырза теректи издеймин. Ал жок, кимдир бирөө түбүнөн кыйып таштаптыр. Өзүмчө ой жүгүртөм. Сүйүктүү агайыбыздын

аты ушинтип эле өчүп кетеби? Ал иштеген мектептер дагы эле бар, азыр аларда агайдын тарбиясын көргөн окуучулар жаңы муундун балдарына билим берип жатышат. Акырында эмне үчүн бир мектептин атын агайдын ысмына коюуга болбосун, ал эмгеги сиңген киши го, унутуп коюубуз жарабас.

*1976-жыл, декабрь.*

## ӨРНӨК АЛЧУ ӨМҮР

••• Тарс, тарс, тарс. Чилденин суугуна тоңгон Таш-Төбөнүн үстүндөгү бейит кетменди жактырбай, мизин кайтарып жатты. Бирок, мүрзөчүлөр өжөрлүк кылышты. Жердин жаңы гана тоң жеген катмарын балталап, кечээ эле көмүлгөн мүрзөнү ача башташты. Тарс, тарс, тарс...

Ушул тапта кетмен жерге чабылбай эле, Кадыркулдун жүрөгүнө чабылгансып жатты. Балта, анын артынан кетмен жерге тарс этип тийген сайын анын денеси диртилдеп турду.

— Өлүктү ачуу кылмыш эмес. Бул чындыкты аныкташ үчүн жасалып жаткан иш, адамдар өз көздөрү менен көрүп ишенишсин менин апамдын кандайча кыйналып өлгөнүн. Комиссия көрсүн,— дейт Кадыркул тишин тишине басып, өзүн соорото.

Райондук прокурор Узаков башында турган тергөө жана медициналык текшерүү Кадыркулдун апасы Толгонайдын катуу запкыдан улам каза болгонун аныкташты.

Жанатан бери мемиреген табигат заматта уйгу-туйгу түшүп, карды учура баштады. Кар тоодон түшүп келаткандардын изин улам толтуруп, улам тегиздеп турду. Ал дөбөдөн түшүп баратып топурак үйүлгөн жаңы мүрзөнү карады. Тоого эңкейе бериш жердеги тегиз жаткан ап-аппак кардын үстүн апасынын мүрзөсү ка-

райтып турду. Мурда эч кандай жамандык ойлобогон Кадыркулдун балалык таза жүрөгүндө биринчи жолу кара так пайда болду.

— Кош, апа,— деди ал ичи өрттөнүп,— бул күндү мен эч качан унутпаймын. Бирок сиздин бейкүнөө өлүмүңүз үчүн өч аламын. Сиздин айткан тилиңизди албай, өлүмүңүзгө мен себепкер болдум.

* * *

1931-жылы айылдык жергиликтүү мектепти бүткөндө Кадыркул Шадыбеков 16 жашта эле. Комсомолго мектепте окуп жүргөн кезинде, 1928-жылы өткөн. Жаңыдан уюшулган «Кызыл-Байрак» колхозуна баштапкы комсомолдук уюмунун секретары, мал чарбачылыгы боюнча эсепчи да болуп иштеп калды.

Күндөрдүн биринде чарбадагы алдыңкы комсомолецтердин бири Жоробай Субанов менен короолорду кыдырып жүрүп Ителги сайында жайылып жүргөн бир короо койду көрүштү. Сай алыстан келаткан адамга өлүктүн сасык жытын берет. Дөңдө атчан туруп караган кишиге жаңы чыккан көктүн бетинде сайдын ташындай ар кай жерде сулап жаткан койлор даана көрүнөт.

Кадыркул ылайыктуу сөз таппай буулукту. — Бул эмне деген карасанатайлык? Эмне себептен ушунча мал өлүп жатат? Буларды топтош үчүн, бир чарбага бириктириш үчүн адамдардын каны төгүлдү. Нечендеген коммунист мына ушул чарбаны курабыз деп жүрүп курман болушту. Эми минтип...

Кадыркул менен Жоробай колхоздун конторасына келишкенде колхоздун райиси жок эле. Аларды үйлөрүнөн табышты. Ал кездеги комсомолецтер өрттөн да күчтүү болушчу. Алардан райистер да сестенише турган. Катарлаша эрчише киришкен Кадыркул менен Жоробайдан райистер шектенгендей болушту, бирок сыр алдырышпады.

— Келгиле, баатырлар, келгиле! И-и, тигиндей өткүлө. Рас болбодубу тамактын үстүнөн чыкканыңар, кантсе да кыргыздар айткандай, нээтиңер туура экен...

Райистин экөө тең — Турдубай Тыныстанов, орун басары Жумабай Казыбаев ушул жерден экен. Кадыркул менен Жоробай дасторконго олтурушканда сырттан казандын боркулдап кайнаганы угулуп турду. Сөздү Кадыркул баштады.

— Биз азыр кыштоолордо болдук. Элден алынган койлордун бардыгы кароосуздан кырылып жатыптыр.

Эмне сөз чыгар экен дегендей, райистер ага караштьі.

— Малдын өлгөнүн көрбөдүң беле? Мал болгондон кийин өлөт да.

— Эмне үчүн өлөт? Биз элден чөп да албадык беле? Алар каякта?

— Ошол чөп ушунча малга эмне болот? Түгөндү да... Ой, бала, сен эмне мага акыраясың, айтчы. Же сен менин чоңум белең?

— Биз малды элден өлтүрүш үчүн алган эмеспиз. Ар бир өлгөн мал үчүн биз жооп беришибиз керек, сиз ушуга түшүнбөйсүзбү?

— Сен мага түшүндүрбөй эле кой, билдиңби? Жооп берсем мына мен беремин, билдиңби сен? Мен жеймин, ичемин, өзүм билем, колхоз меники! Сенин ишиң болбосун, уктуңбу?

— Каалаганча жеп-ичкидей бул сиздин өзүмдүк мал эмес, бул элдики, жалпыныкы, колхоздуку...

— Сенин малың болду беле, деги, айтчы? Эгер болсо, апкелчи, ушул сеникин да жеп жиберейин. Апкелчи! Ха-ха-ха.

Кадыркул калчылдап араң токтоду.

— Көрөбүз кимдин малын ким жээр экен.

Эртеси «Кызыл-Байрак» колхозунун комсомолеттеринин жалпы чогулушу чакырылды. Кана, коомдук малды чыгашага учуратканын, нечен малды өз алдынча пай-

даланганын райистер элден таныш көрүшсүнчү! Комиссиянын жыйынтыгы көрсөткөндөй, текшерүүдө жүздөгөн мал кем болуп чыкты.

Колхоздун комсомолецтеринин жалпы чогулушунун токтому райондук прокуратурага тапшырылгандан көп узабай тигил экөө камакка алынышты. Коммунист Жоробек Рыскулов башкарма болуп дайындалды. Иштин ырбашы мына ушундан башталды.

Райондук комсомол комитети Кадыркулдун колхоздук түзүлүштү бекемдөөдөгү жогорудагы сиңирген эмгегин жогору баалап, райондук комсомол комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчылыгына көтөрдү. Түндө эл кызуу уктап жатканда райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги Каракишиев чакыртты.

Ал тиги эл мүлкүнө кол салган ач көздөр менен чогуу чардашкандардын бири эле. Сөздү узактан, акыл-насааттан баштап олтуруп, акырында өз максатын — тигил экөөнү айыптаганды токтотууну, туугандарча жарашууну айтты.

— Жок. Комсомолецтер өздөрү баштаган ишти ар дайым аягына чыгарууга тийиш. Элдин ырыскысына кол салган калк душмандары советтик закондуулуктун негизинде тиешелүү жазаларын алат. Колхозчулардын да өкүмү ушундай,— деп ал көнбөй койду.

Жумшак этти бирге жеп, далай башты мүлжүгөн ал жолдоштук милдетин аткаруу үчүн Кадыркулга каршы эми ачык эле чыга баштады. Аны жаманаттыга жыгып, күнөөкөр кылуу үчүн бардык амал-айлаларды иштеди.

— Кадыркулдун атасы Шадыбек байдын алтынын катып жүргөн имиш.

Кургак жалааны райондун борборундагы эмгекчилерге таратып жиберди. Жалган арыз жазып, аны аныкташ үчүн үч күн катары менен Шадыбектики бул жакта калып, анын ага-туугандарынын үйлөрүн тинтишти. Бирок кедейдин үйүнөн алтын эмес, артыкбаш талпак да табылбады.

— Мунуңардан эч нерсе чыкпайт? Законсуз жүргүзгөн ишиңер үчүн тийиштүү жерде жооп бересиңер!

Ансыз деле ындыны өчүп, жети өмүрү жерге кирип тургандагы Кадыркулдун бул сөзү Каракишиевге чагылгандай тийди. Биротоло кек сактаган Каракишиев түндө эл кызуу уктап жатканда Шадыбек чалды кемпири Толгонай, агалары Наркул, Нуркулдарды, туугандары Орозбай, Толубайлардын бардыгын эч себепсиз камакка алдырды. Аларды балаңар оозун тыйып, чатагын токтотсун, эмесе, бардыгыңар жоопко тартыласыңар деп коркутту. Бирок алар начальниктин опузасынан коркушпады. Бейкүнөө жалаа жаап, кордогондугуң үчүн сен да тиги камалган досторуңа окшоп, тийиштүү жазаңды аларсың дешти, ызасына чыдабаган начальник аларга аябай кордук көрсөттү. Карыган Толгонай таяктын айынан каза тапты.

Эл душмандарына жан тарткан Каракишиев камакка алынды. Республикалык прокуратурадан келген тергөөчү менен бирдикте райондук прокурор Узаков колхоздун мурдагы раистери Тыныстанов менен Казыбаевдин кылмышын толук аныкташты.

1932—1933-жылдары Кызыл-Жар районунун аймагында кулактар тап катарында жоюлуп, колхоздоштуруу тегиз жүрүп жаткан мезгил. Бул мезгилде кеңеш өкмөтүнүн биротоло орношуна ишенбеген, же болбосо кара жанын сактап калуу үчүн убагында басмачыларга кызмат көрсөткөндөр да болгон. Бирок адамдар ар дайым кимдин кандай экенин жакшы билишет эмеспи!

Кадыркул мына ушундай адамдар менен күрөшүүдө талыкпай иштеди. Ал өзүнүн жаштыгына карабады. Ар кандай ишке адилет карап, адилет чечкен чыныгы комсомолец катары райондук жетекчилер тарабынан жогору бааланып, райондук комсомол комитетинен райондук прокуратурага тергөөчү болуп которулду.

Тергөө органына өткөндөн баштап ал ар кандай кылмыш иштеринин арасында болду. Азыр жөнөп бараткан

«Агартуу» колхозунун райиси Курбанбай Сыргабаев убагында басмачыларга кызмат кылып, жегенине кой, мингенине жорго бергендиги жөнүндө маалымат түшкөн.

— Этият бол, кылдаттык менен жүргүзбөсөң, тоо арасында кыйналып калышың турган сөз. Сак бол, өзүңө бекем тур,— деген райондук прокурор Мураталиев Садык жаш тергөөчү Кадыркулду сапарга узатып жатып.

— Сак болгула! Бүгүн дубалды тешип силерге кол салышканы макулдашып жатышат.

Бул кабарды Курбанбайлар менен «бирге камалган» жергиликтүү айылдык дүкөндүн башчысы комсомолец жигит жеткирди. Бул баланы Кадыркулдар тигил эл душмандарынын эмне деп, кандай сөздөрдү айтып жатышканын билүү үчүн «растрат кылды» деген жалган шылтоо менен камашкан. Мына, ал жигит жогорудагыдай маалыматтарды берди.

Текшерүүдө «Агартуу» колхозунун райиси Курбанбайдын душмандык иштеринин бети ачылды. Ал гана эмес, райис менен жумшак эт, майлуу чучуктарды бирге жешкен бир пейилдеш адамдардын бардыгы камакка алынды.

Мына ушинтип, Кадыркулдарды комсомолец сактап калды. Эртеси эртең менен эрте жергиликтүү элдин жардамы менен күчөтүлгөн күзөтүүнүн астында Курбанбайлар райондун борборуна жеткирилди. Алардын ишин баштан аягына чейин Кадыркул өзү тергеди.

«Өз ара жайылтылган социалисттик мелдеште Кызыл-Жар райондук прокурорунун тергөөчүсү Кадыркул Шадыбеков алдыңкы орунду ээледи. Ишиндеги мыкты жетишкендиктерин белгилөө менен бирге Кыргыз Автономиялуу республикалык прокуратурасы жолдош Шадыбековду велосипед менен сыйлады жана республикалык прокуратурага баш тергөөчү кылып дайындады. Фрунзе шаары, 28-апрель, 1936-жыл, Гуцев, Колесни-

ков». Кадыркул мына ушундай куттуктоо телеграмманы Курманбай Сыргабаевдин иши боюнча алды.

Жаңыдан гана торолуп, илим-билимдин борборуна айланып бараткан Фрунзе шаарында миңдеген кыргыз жаштарынын катарында жыйырма жаштагы Кадыркул да тарбияланды. Дээринде бар баланын демине-дем, шыгына-шык кошту. Жаш болсо да турмуштун ачуутаттуусун башынан өткөргөн Кадыркул республикалык баш төргөөчү болуп бир жылдан ашык иштеди. Ар кандай ишти аныктап чыгып, токтоо мүнөзү менен иштеген ал коллективдин арасында кадыр-баркка ээ болду. Муну ал 1937-жылы сентябрде Советтик Армиянын катарына кызмат өтөөгө жөнөп бараткапында билди.

1938-жыл. Владивосток. Кадыркул Советтик Армиянын күжүрмөн жоокери.

Алар турган жерге Япониянын солдаттары басып киришти.

— Тревога!

— Майданга! Мекен үчүн алга!..

«Өз Мекенибиздин бир чети душман коркунучунда турганда мен партияда жок адам катары командага жетекчилик кыла албаймын. Мына ошондуктан, мени Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын катарына кабыл алууңуздарды суранамын.

Саясий жетекчинин орун басары Кадыркул Шадыбеков. 1938-жыл, август».

Мына ушундай арыз менен ал полктун алдындагы партиялык уюмга кайрылды. Анын «согушта коммунисттерче кармашуу жөнүндөгү» арызы канааттандырылды. 1938-жыл — Хасан, 1939-жыл — Халхин көлдөгү согуш» 1938-жылы Советтик Армиянын туулган күнүнө арналган «Ленинчил жаш» газетасынын санында саясий жетекчи Кадыркулдун сүрөтү басылды...

Чыгышта империалисттердин мизи кайтарылгандан кийин түндүктөн революциянын бешиги Ленинградга Финляндия коркунуч туудурду. Кадыркул согуштук мын-

дай өзгөрүүдөн улам 1940-жылы Владивостоктон чакырылып алынды. Ал Финляндияга каршы күрөшкө катышты. Жалаң гана ал эмес, анын куралдаш жолдоштору да үйүбүзгө кетебиз дешип турганда дагы бир апаат согуш — Улуу Ата Мекендик согуш башталды.

Ар бир ок менен кошо өмүр учуп, боо-боо болуп жыгылган жоокерлердин ордуна белдей жигиттер турган учур келди. Ох, ошондогу элдин каны... Өз жаны көзгө көрүнбөй, бакыт төшөлгөн туулган жерин, бир тууган элин душмандан коргоо үчүн жоокерлер алгалап согушка кириšти. Кадыркул мына ушундай апаат согушту башталышынан аягына чейин башынан өткөрдү. Анын согуштук жолу бардык кармашуулардын чордонунда өттү.

Москва алдындагы салгылашууларда душмандардын мизин кайтарган панфиловчулардын дивизиясында полктун баштапкы партиялык уюмунун секретары. 1942-жылы Ленинград фронтунда 142-деңиздик аткычтар бригадасында согуш прокурору. 1943-жылы 19-январда Ленинград фронту менен Волхов фронту биригип, биринчи жолу блокаданы бузуп өтүштү. Фронттук турмушунда Кадыркул ушул жерде биринчи жолу оор жарадар болуп, госпиталда жатты. «Ленинградды коргогондугу үчүн» медалын ушул салгылашууда алды.

«1944-жылы январь айында бизге душманды куугунтуктоо жөнүндөгү кужүрмөн милдет тагылды. Мен госпиталдан кийинки кайра машыгуудан кийин чалгындоо батальонуна командирмин. Жогорудагы милдетти турмушка ашыруу үчүн бизге биринчи кезекте «тил» керек болду»,— дейт ал толкунданyy менен.

Царски айылы. Мындан жүздөгөн жылдар мурда орус элинин улуу акыны Александр Пушкин сүргүндө жүргөн жер. «Сыртта аяз улуп-уңшуп, кар тозоңун уйпалайт», деген «кышкы аязы» дагы эле өзгөрбөгөндөй, ошол эле калыбында тургандай. Ошондогу кар дагы эле агарып жаткансыйт. Бирок табигат өзгөрбөгөнү ме-

нен турмуш, жашоо, заман өзгөрдү. Мурдагы падышалык өкмөттүн сүргүнү болгон жерди эми совет эли душмандардан бошотуу үчүн күрөшүп жатты.

Кенен, узатасынан кеткен узун сайдын аркы бетинде немецтер, берки бетинде биздикилер. Ортосу 70—80 метр. Бул аралыкты көз ачып жумгуча басып өтүп, душманды капысынан басуу керек. Бул зор ишти аткаруу үчүн Кадыркулдун батальону далай машыгуулардан, сыноолордон өттү. Акыры...

— Рота! Менин артыман алга!

Кадыркул команданы түндүн акыркы сааттары калганда берди. Бул мезгилде душмандар айрыкча ызгаардуу суукка туруштук бере алышпай, турганы турган жеринде селейип уйкуга кетишет. Биздикилер көбүнчө мына ушундай учурда согушат. Кадыркул да ушул мезгилди тандап алды. Бирок чекке жете электе эле темир тосмого дуушар болушту. Эмне кыларын билбей шашып калышты, анткени мындан мурунку алынган маалыматтарда тосмо жок, ачык делип айтылган. Кадыркул танкага каршы гранаттын бирин ыргытып жиберди. Жол ачылды, бирок душман дүрбөлөңгө түшүп калды. Чочуп ойгонгондору постту ташташып, арткы траншеяларга качып жөнөштү. Траншеяларга секирип түшөрү менен Кадыркул командага буйрук берип, бардыгын таркатты. Өзү жанындагы жардамчы командири менен эң коркунучтуу дзотту асманга көтөрдү, эшикти шарт ачып кирип барган Кадыркул ичиндеги алты немецтин катуу жарадар болуп эс-учунан ажыраганын көрдү. Алардын алтынчысы офицер экен, ал жеңил жарадар. Бирок укмуштуудай келбеттүү неме көрүндү. Кадыркул өзүн карылуумун дечү, а бирок, тиги немецтин жанында өзүн алда кандай кызык сезди. Чогуулашып кыймылдатышты, бирок тигил козголуп да койбоду. Кадыркулдун жүрөгү дүкүлдөп, көкүрөгүн тепкилеп шаштырып турду. Убакыт, убакыт өтүп жатты. Ал кол саатына карады. Дагы беш минута, анан таң атат. Чуркап траншеяга

чыкты. Анда бир да солдаттын карааны көрүнбөйт. Ленинграддын таңы сөгүлүп, жер бети агара баштаган. Мына, арткы окоптордон пулеметтун татыраган үнү кулакты жаңыртты...

Бир аз күтө туралы, тынчысын дешти. Кадыркул душмандардын көзүн боёмолоону чечти, ансыз мүмкүн эмес, эгер, азыр чуркап чыкса, тырп эттирбей сулата атышат. Арткы траншеядан аларга чейин бир топ аралык бар. Мына ушундан пайдаланышы керек. Бирок тигил офицерди сөзсүз алып кетиш керек.

— Кой менин желкеме!

Кадыркул өзүнүн кыргыз жигити экенин, алар бул эмес, бүтүндөй бир торпокту аттын ээрине өңөрүп аларын эстеди. Анын алдында бул эмне? Душманды желкесине кондура Кадыркул бүткүл күчүн жумшап, боортоктоп жөнөдү. Түз болсо эмне, мына ошондой оор жүк менен өйдө карай, боортоктоп жүрүү өтө кыйын болду. Күчтүү колдору муздак карды аткый кармап, буттарын катуу темине улам жогорулап олтурду. Мына, анын өзү нүн траншеясы жакын калды. Арттан ок атылгансыды, анын билегине кимдир бирөө жылуу сууну төгүп жибергендей ысып чыкты.

— Азамат, тапшырманы эң жакшы аткардыңар!

Командир анын бетинен өөп жиберди.

Ырас, эле, Кадыркулдар бул сапар бир эмес, төрт «тилди» колго түшүрүшкөн экен. Эң негизгиси — душмандын чегинүүгө аргасыз болгондугу жөнүндөгү жогорудан келген жаңы маалыматты алышты. Айткандай эле, душмандар ошол күнү позицияларын таштап артка чегинди. Кадыркул бул жолку операция үчүн Кызыл Жылдыз орденин алды.

Тынчтык турмуш кайрадан башталды. Кадыркул ошол эле жылы эмгекчилер депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитетинде айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Бир жылдан кийин, 1947-жылы Жаңы-Жол райкомунун секретары, 1949-жылы Ачы рай-

комунун биринчи секретары, 1950-жылы партиянын Жалал-Абад обкомунун бөлүм башчысы, 1951—1952-жылдары облаткомдун председатели болуп кызмат аткарды. 1952-жылы Москва шаарындагы КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Жогорку партиялык мектепте окуду. Андан кийин 1955—1958-жылдары партиянын Жалал-Абад обкомунун секретары, 1958—1961-жылдары Жаңы-Жол райкомунун, 1961—1962-жылы Базар-Коргон райкомунун биринчи секретары болуп иштеди. 1962-жылдан тартып токойчулук чарбасына өттү.

— 1957-жылы бир кызыктуу окуя болду,— дейт ал мага кичинекей кызыл тукаба кутучаны көрсөтүп жатып,— мен анда партиянын Жалал-Абад обкомунун секретары болуп иштеп жүрөмүн. Күндөрдүн биринде баалуу бандероль келди. Алып карасам, мына бул медаль жүрөт. «Ленинграддын 2500 жылдыгынын урматына арналган медаль. Ленинград шаардык аткаруу комитети мени мына ушул медаль менен сыйлаган экен. Арадан канча, 13 жыл өткөн, бирок ленинграддыктар мени унутушпаптыр!

Ооба, Кадыркул акенин сиңирген эмгегин эч ким унутпайт. Аны жалаң гана Жаңы-Жол районунун эмгекчилери эмес, Ош областынын, республиканын, Баатыр шаар Ленинграддын эмгекчилери да жакшы билишет. Анын көкүрөгү ордендер жана медалдар менен жык толгон. Алардын арасында эки Эмгек Кызыл Туу ордени бар. Кыргыз ССР Жогорку Советинин бир нече жолку чакырылышынын депутаты.

Кадыркул Шадыбеков партиялык, советтик кызматтарда иштөө менен бирге, өз балдарына да мыкты тарбия берип, илим-билимге ээ кылды. Ал азыр ардактуу пенсияда. Бирок ал дагы эле эл партиялык кызматынан кол үзө элек. Каравандагы механизациялаштырылган көчмө колоннада кадрлар бөлүмүн тейлеп, баштапкы партиялык уюмга жетекчилик кылат.

Анын өмүрү жаштарга өрнөк.

*1977-жыл, октябрь.*

## МАЗМУНУ


Ленин нуру . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Ленинге бараткан жолдо . . . . . . . . . . . . . 9
Бийиктикке умтулуу . . . . . . . . . . . . . . . 13
Жеңиш туусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Баатырлар аллеясы . . . . . . . . . . . . . . . 29
Эстен кеткис юбилейлик Октябрым . . . . . . . . 34
Жылдыздуу жаштыгым . . . . . . . . . . . . . . . 39
Учуу тилкеси . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Өмүр жазы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Мекенимин терезелеринин жарыгы өчпөйт . . . . . 54
Коломтонун оту өчпөйт . . . . . . . . . . . . . 62
Чабандары Чаткалдын . . . . . . . . . . . . . . 68
Чабуулдун башталышы . . . . . . . . . . . . . . 79
Атадан калган короо . . . . . . . . . . . . . . 91
Эмгек бактысы . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Абшир таасирлери . . . . . . . . . . . . . . . 102
Биздин агай . . . . . . . . . . . . . . . . . . 107
Өрнөк алчу өмүр . . . . . . . . . . . . . . . . 116

*Абдыкерим Мырзаев*

ВОСХОЖДЕНИЕ

публицистики и очерки

*(на киргизском языке)*

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *Калыбай Осмоналиев*
Редактору *Ж. Алыкулов*
Көркөм редактору *К. Сейталиев*
Тех. редактору *Л. Шевченко*
Корректору *Б. Иманалиева*

ИБ № 1630

Терүүгө 30. 05. 1981-ж. берилди. Басууга 7. 09. 1981-ж. кол коюлду. Д—02028. Кагазы типографская № 1. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108¹/₃₂. 4,0 физ. басма табак, 5,6 шарттуу басма табак. 5,715 учеттук табак. 6,041 усл. кр.-отт. Тиражы 2000. Заказ № 223. Баасы 30 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

30 т.